# ДАРВИНИЗМ МЕНЕН ИЛИМИЙ КҮРӨШҮҮНҮН МААНИЛҮҮЛҮГҮ

ХАРУН ЯХЬЯ

Birinci baskı: Mayıs 2006
İkinci Baskı: Temmuz 2008

Bu kitapta kullanılan ayetler, Ali Bulaç'ın hazırladığı
"Kur'an-I Kerim ve Türkçe Anlamı"
isimli mealden alınmıştır.

ARAŞTIRMA
YAYINCILIK

Talatpaşa Mah. Emirgazi caddesi
İbrahim Elmas İş Merkezi A Blok Kat 4
Okmeydanı-İstanbul
Tel: (0 212) 222 00 88

Baskı : Entegre Matbaacılık sanayi cad. No:17
Yenibosna-İstanbul
Tel: (0 212) 451 70 70

**www.harunyahya.org-www.harunyahya.net**

# МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ

ДАРВИНИЗМДИ МУСУЛМАНДАШТЫРУУ АРАКЕТТЕРИ:
ПАССИВДҮҮ, АЛСЫЗ, БАШ ИЙҮҮЧҮ КҮРӨШТҮН БИР ТҮРҮ

Дарвинизм кандай коркунуч?

ДАРВИНИЗМ МЕНЕН КАНТИП КҮРӨШҮҮ КЕРЕК?

ЖЫЙЫНТЫК

ДАРВИНИЗМ ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ

# ОКУРМАНГА

Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 140 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу боюнча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адап жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу түшүндүрүүлөрдү жолуктурбайсыз.

# АВТОР ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. Башталгыч, орто мектеп жана лицейди Анкарада бүтүрдү. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алды. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Куран-ы Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана

философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул бойунча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч калуу мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

# КИРИШҮҮ

Дарвинизм Аллахтын бар экендиги жана жалгыздыгын, адамдардын Раббибиздин алдында жоопкерчиликтүү экенин жокко чыгарат. Материализмдин жана дин ахлагына туура келбеген агымдардын таянычы. Ушул себептен илим тарабынан кыйратылганына карабастан, идеологиялык себептерден улам сактап калууга аракет кылынууда.

Аалам жана адамдар сокур кокустуктардын чыгармасы деген жаңылыштыкты жактаган дарвинист-материалист агымдар калп бир жаныбар түрү деп санаган адамдардын арасындагы байланыштар да айбандардыкындай болушу керек дешет. Бул адашкан көз-караш өзүмчүлдүктү, таш боордукту, урушту, согушту, адам өлтүрүүнү өз ойлорунда туура көрүшөт. Мээрим, сүйүү, боорукердик, урматтоо сыяктуу сезимдерди болсо калп эволюция процессин артка тарткан тоскоолдуктар катары кабыл алышат. Дарвинисттик пикирлердин аң-сезимге сиңирилиши натыйжасында адамдарга болгон сүйүүдөн алыс, заалым, зөөкүр, өзүмчүл адамдар калыптанат.

Дарвинизм 150 жылдан ашуун убакыттан бери динсиздикти, ахлаксыздыкты, анархияны, урушту жана согушту коомдорго сиңирүүдө жана дарвинизмдин мындай пропагандалары чоң коомдук балээлерге себеп болууда. Согуш, адам өлтүрүү, анархия жана террор окуяларына толгон 20-кылым – бул абалдын бир далили. Башка улуттарды сөз жүзүндө эволюция процессин аяктай албаган бир жаныбар (айбан) катары көргөн, алдыга жылуу согуш, күрөш менен гана мүмкүн болот деп ойлогон, адамдар арасында да жырткыч табият мыйзамдары иштейт деп ишенгендер дүйнөнү канга булашты.

Бүгүнкү күндө да дарвинисттик пропаганда болгон күчү менен улантылууда. Жаштарга жоопкерсиздик аң-сезими сиңирилүү менен алар адеп-ахлаксыздыкка, башка адамдар маанисиз деп айтылуу аркылуу айоосуздук менен аларды эзүүгө, күрөш кадимки нерседей көрсөтүлүп уруш-талашка, анархияга жана террорго чакырылууда. Көп өлкөлөр дарвинизмден келип чыккан коомдук маселелер менен күрөшүүдө.

Мындай абалда адамзаттын дарвинизмдин коркунучтарына жана калптарына карата эскертилиши жана мынчалык коркунучтуу бир аң-сезимдин илимий тараптан таасирсиз абалга алып келиниши абдан чоң мааниге ээ. Бирок дарвинизмди жана ал себеп болгон коркунучтарды түшүнө албаган адамдар дарвинизмге каршы жүргүзүлгөн илимий күрөштүн да маанилүүлүгүн түшүнө алышпоодо.

Мындай адамдар дарвинизм менен илимий күрөшүүнүн ордуна бул күрөшкө көз жумуп койуу жана мындай күрөштөн качуу үчүн ар кандай жолдорго барышууда. Кээ бирлери *«дарвинизм негизи анчалык маанилүү бир тема эмес»* деп айтуу менен бул илимий күрөштү маанисиз көрүүгө жана көрсөтүүгө аракет кылат. Кээ бирлери болсо Ислам менен эволюция теориясы арасында «орто бир жол» жасоону максат кылат. Бул үчүн өз ойлорунда дарвинизм менен Исламды байланыштырууга аракет кылышат. *«Дарвинизмди Мусулмандаштыруу аракети»* деп атоого боло турган мындай мамиле абдан чоң ката жана жаңылыштыктарга толо. Дарвинизм менен Ислам Дини арасында өз ойунда бир «макулдашуу» издөө Мусулмандын оюна да келбеши керек. Ортого чыгуу себеби Аллахтан жана жаратылуудан (креационизмден, т.а. бүт ааламдарды, бүт нерселерди Аллах жаратканынан) баш тартуу болгон бир теория менен «макулдашуу» чын ыкластан ыйман

келтиргендер үчүн эч мүмкүн эмес. Болгондо да, Куран аяттарында да, Пайгамбарыбыздын (сав) хадистеринде да эволюцияга ишарат кылган бир дагы сөз жок.

Бул китепте дарвинизм менен илимий күрөшүүнүн маанилүүлүгү жөнүндө сөз кылынат жана ошондой эле, мындай улуу илимий күрөштөн качынгандардын айткан себептерине жооп берилет. Маалымат жетишсиздиги же бул тема жөнүндө керектүү деңгээлде ойлонбоонун натыйжасында пайда болгон «себептердин» жоготулушу, Аллахтын уруксаты менен, динсиздикке каршы жүргүзүлгөн илимий күрөштүн күчүн жана таасирин жогорулатат. Бир маанилүү жагдайды дагы бир жолу эскерте кетүү керек: ыйман келтирген адамдардын жаратылуу чындыгына толугу менен каршы чыккан бир теорияны коркунучсуз жана зыянсыз көрүшү, анын өнүгүшүн карап отурушу дарвинизмдин коомдо барган сайын жайылышына жана натыйжада атеизмдин күчөшүнө кыйыр түрдө жардам берет. Ушул себептен ыймандуулар эволюция теориясынын түпкүрүндөгү философияны жакшы түшүнүшү керек: эволюция теориясы – бул материалисттик философиянын калп «илимий» көрүнгөн бир услуп менен баяндалышы гана. Материалисттик философия болсо «динсиздиктин дини».

Куранда **«…жер бетинде бузукулуктун алдын ала турган пазилеттүү адамдар болушу керек эмес беле?...»** (Худ Сүрөсү, 116) аяты аркылуу жер жүзүндө бейпилдик жана тынчтыктын бузулушуна себеп болгон нерселерге каршы илимий күрөш жүргүзүүнүн маанисине ишарат кылынууда. Бүгүнкү күндө адамзаттын бейпилдигин бузган, коопсуздук жана тынчтык чөйрөсүнүн өкүм сүрүшүнө тоскоол болгон агымдардын түбүндө дарвинизм турат. Чын ыкластан ыйман келтирген Мусулмандардын бул чындыкты байкашып, бул коркунучту көрмөксөн болуунун ордуна болгон мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып бул коркунучту илимий кыйратуу үчүн аракет кылышы зарыл.

# ДАРВИНИЗМДИ МУСУЛМАНДАШТЫРУУ АРАКЕТТЕРИ: ПАССИВДҮҮ, АЛСЫЗ, БАШ ИЙҮҮЧҮ КҮРӨШТҮН БИР ТҮРҮ

Дарвинизм менен илимий күрөшүүдөн качынгандардын орток психологиясы – бул алардын жеңилгендик сезими. Эволюция теориясы илимий табылгаларга таянат деп ойлогондор илимдин алдында алсызмын деп ойлошот. Эволюционисттер айткан пикирлердин туура экендиги илим тарабынан тастыкталган, ошондуктан буларга жооп берүү эч мүмкүн эместей элестетишет. Жооп берүү мүмкүн эмес деп ойлогондуктан, эң башынан эле «баш ийүүнү» кабыл алышат.

Чындыгында болсо, эволюция теориясы илимий бир теория деген жаңылыштык – бул багытта жүргүзүлгөн күчтүү пропаганданын бир натыйжасы. Телевизор кабарларында, гезит жана журнал макалаларында тынымсыз эволюциянын далилденген, андан баш тартууга эч мүмкүн болбогон бир теория экендиги сыяктуу көрүнүш жаратылат. Эволюция теориясын жактоо илимди жактоо, ал эми эволюциядан баш тартуу болсо илимге каршы чыгуу сыяктуу имидж пайда кылынат. Бирок илимий табылгалар бул пропаганданын тескерисин көрсөтүүдө. Илим эволюцияны тастыктаган жок, тескерисинче кыйратууда. Объективдүү абалда илимди жактаган бир адамдын эволюцияны жакташы чынында эч мүмкүн эмес. Эволюция теориясынын мынчалык активдүү пропаганда кылынышы илимий теория болгону үчүн эмес, материализм жана динсиздиктин таянычы болгону үчүн. Т.а., эволюция пропагандасы илимий себептерден улам эмес, идеологиялык максатта жасалууда. Кээ бир Мусулмандардын ичинен *«Дарвинизм менен күрөшүү мүмкүн эмес»* деп ойлошунун түпкүрүндө да ушул күчтүү пропаганданын таасири бар. Мындай пропагандалардын натыйжасында эч кандай чындык үлүшү болбогонуна карабастан, «эволюцияга каршы чыгуу – бул илимге каршы чыгуу» деген пикир пайда болот. Илимге каршы чыкпаш үчүн илимий деп кабыл алынган эволюция теориясы менен Ислам Дини арасында «орто бир жол» курууга аракет кылынат. Бирок түпкүрүндө бул дарвинизм менен илимий күрөшүүдөн качуунун жолун табуу аракети.

Себеби чын пейилден ойлонгон жана абийири менен аракет кылган бир адам эволюция теориясынын туура болушунун мүмкүн эмес экендигин оңой гана түшүнө алат. Абдан кылдат бир тең салмактуулук жана кемчиликсиз бир механизмге ээ жандуулардын сокур кокустуктардын чыгармасы болушу эч мүмкүн эмес. Дарвинисттер бир ууч акылсыз атом бир жерге чогулуп, жамгыр, чагылгандардын таасиринин натыйжасында ойлоно алган, сезе алган, маек кура алган, сонун бир табият көрүнүшүнөн ырахат алган, бир мышыктын баласына боорукердик кылган, кедейлерге мээрим көрсөтө алган, жаңы ачылыштар жасай алган, симфониялар, архитектуралык чыгармалар жарата алган адамды пайда кылды деп айтышат. Аң-сезимсиз атомдор түркүн түстүү гүлдөрдү, бири экинчисинен даамдуу, түрдүү мөмөлөрдү, бири экинчисинен айырмалуу кемчиликсиз системаларга ээ жаныбарларды жаратты дешет. Чынында болсо жаныбарлардын түзүлүшү бири бирин ээрчиген кокустуктар менен эч пайда боло албай турган деңгээлде комплекстүү жана кемчиликсиз. Алардын пайда болушу үчүн жогорку бир акыл керек. Жана

илимий жетишкендиктердин баары жандуулардын жогорку акыл жана кудурет ээси бир Жаратуучунун, т.а. Раббибиз болгон Аллахтын чыгармасы экенин дагы бир жолу көрсөтүүдө.

Мындан тышкары илимий макала, китептерди үзбөй окуган бир адам да эволюция теориясынын чоң бир туңгуюктун ичинде экенин даана көрө алат. Илимий макала, китептер эволюционист илимпоздордун моюнга алуулары жана карама-каршылыктарына толо. Көптөгөн эволюционист дарвинизмдин жандуулардын пайда болушун түшүндүрө албашын ачык мойнуна алышууда. Болгондо да саны барган сайын көбөйгөн көптөгөн илимпоздор дарвинизмдин абалын түшүнүп, жаратылуу чындыгын жакташууда.

Ошондуктан, дарвинизм менен илимий, ачык жана так бир абалда күрөшүүдөн тартынуу үчүн эч кандай себеп жок. Илим эволюцияны тастыктайт деп ойлогондуктан, бул теманы жакыныраактан изилдегенде өздөрүнүн да бул пикирлердин таасиринде калып ыймандарынын алсызданышынан, дүйнөгө көз-карашынын өзгөрүшүнөн корккондордун тынчсызданыуусу негизсиз. Илим дарвинизмди эмес, Жаратылууну (т.а. ааламдар жана жандуулардын Жаратуучусу бар экенин) көрсөтүүдө. Дарвинизм жактаган пикирлердин баары жүздөгөн илимий далилдер тарабынан кыйратылды. Мусулмандарга түшкөн милдет – бул мындай далилдерди да колдонуу менен дарвинизмди илимий тараптан толугу менен таасирсиз кылуу.

## Дарвинизмди пассивдүү жана баш ийүүчү бир түшүнүк менен таасирсиз кылуу мүмкүн эмес

Кээ бир Мусулмандар толугу менен спекулятивдик ыкмалар жана идеологиялык себептер менен жүргүзүлгөн пропагандалардан коркуп, буларды жеңе албайбыз деп ойлошуп, күчтүү каалоо жана толкундануу менен дарвинизм менен илимий күрөшүү ордуна, пассивдүү жана баш ийүүчү бир жолду тандашууда.

Мындай пассивдүү жана баш ийүүчү мамиленин эң жаман мисалдарынын бири, жогоруда да айтылгандай, дарвинизмди сөз жүзүндө Мусулмандаштырууга аракет кылуу. Мындай мамилелерине колдоо таба алуу үчүн Шумер коомдорунан калган путпарасттык (идолго сыйынуучу) ишенимдерди колдонуу аркылуу аалым деп атаган адамдардын сөздөрүн айтып, *«Дин ушундай деп жатат»* деген түшүнүктү жайылууга аракет кылышат. Чынында болсо мунун дарвинизм менен илимий күрөштөн качынуу үчүн айтылган шылтоо экени анык. Пассивдүү, баш ийүүчү күрөштүн абдан жаман бир тарабы.

Бул адамдар коркуп, илимий жеңе албайбыз деп ойлошкондуктан, дарвинизмге карата ушундай ыкманы колдонуу менен жашыруун жеңилген бир күрөш жолун колдонушкан болот. Аллахка жүрөктөн ишенген, Анын жогорку күч-кудуретин баалай алган бир Мусулман үчүн мындай күрөш жолу абдан уяттуу көрүнүш. Салих бир Мусулмандын күрөшүнүн пассивдүү жана жеңилген абалда болушу эч мүмкүн эмес. *«Биз да ушул эле нерсени жактап жатабыз»* логикасы менен дарвинизмге каршы туруу эч мүмкүн эмес. Мусулман ыйман келтирген чындык – бул бүт нерсени Аллах жараткандыгы чындыгы. Ошондуктан бир Мусулмандын дарвинисттер менен бир эле пикирди жакташы мүмкүн эмес. Мусулман дарвинизмге карата ачык, жеңүүчү бир илимий күрөш ичинде болушу керек. Аллахтан чындап корккон бир Мусулмандын дарвинизм менен бир пикирди жана идеологияны жакташы эч мүмкүн эмес.

Дарвинизм коркунучун байкай албаган, анын Аллахка болгон ыйманга каршы күрөшүн түшүнө албаган мындай адамдардын туура эмес ыкмаларды колдонуу ордуна, бул темада эч сөз козгобошу бир канча эсе жакшы болот. Илимий күрөштөн коркуп, күчүбүз жетпейт деп ойлогон темаларда туура эмес жана акылсыз ыкмаларды колдонуу туура эмес иш-аракет. Дарвинизм – болгон мүмкүнчүлүк менен каршы туруп, толугу менен жараксыз кылына турган чоң бир коркунуч. Мындай чоң коркунучту байкабай дарвинизмге каршы жүргүзүлгөн илимий күрөшкө тоскоол болуу – чоң жаңылыштык жана Аллахтын алдында чоң жоопкерчилик.

## Дарвинизмди Ислам менен байланыштырууга аракет кылгандардын аракеттери натыйжасыз

Аллах Куранда жандуулардын жана ааламдын жаратылышы жөнүндө көптөгөн аяттарды түшүргөн. Бул аяттарда жандуулардын бири-биринен жаралганын, араларында эволюциялык бир байланыш бар экенин көрсөткөн эч кандай маалымат же ишарат жок. Албетте Аллах кааласа жандууларды эволюция жолу аркылуу да жаратышы мүмкүн эле. Бирок Куранда бул багытта эч кандай ишарат жок, эволюционисттер айткандай түрлөрдүн баскыч баскыч пайда болушун тастыктай турган бир да аят жок. Эгер мындай жаратылуу жолу болгондо, муну Куран аяттарында терең түшүндүрмөлөрү менен бирге көрмөкпүз. Бирок тескерисинче Куранда жандуулардын жана ааламдын Аллахтын «Бол» буйругу менен кереметтүү абалда жаратылганы билдирилүүдө:

**Асмандарды жана жерди (өрнөксүз) жараткан. Ал бир иштин болушун кааласа, ага бир гана «Бол» деп айтат, ал ошол замат болуп калат. (Бакара Сүрөсү, 117)**

Эгер дарвинисттер айткандай, чындап эле Аз. Адамдан мурда жарым маймыл-жарым адам жандыктар жашаган болгондо, жандуулардын жаратылышында мутациялардын, табигый тандалуулардын таасири болсо, Аллах муну бизге Курани Керимде ачык, даана жана оңой түшүнө турган негизде кабар бермек эле. Бирок Курандын эч бир аятында мындай маалымат жок. Тескерисинче, көптөгөн аятта адамдын жоктон, эң сонун абалда жаратылганы билдирилүүдө:

**Чынында, Биз адамды эң кооз келбетте жараттык. (Тин Сүрөсү, 4)**

**Асмандарды жана жерди акыйкат менен жаратты жана силерге тартиптүү бир келбет берди; жүзүңөрдү да сулуу кылды. Ага кайтарыласыңар. (Тегабүн Сүрөсү, 3)**

Куран бүтүндөй каралганда, эволюциялык жаратылуу пикирин жактагандар жасаган түшүндүрмөлөрдүн такыр жараксыз экендиги апачык көрүнүүдө. Мурда *Куран дарвинизмди жокко чыгарат* аттуу китебибизде эволюциялык жаратылууну жактаган Мусулмандардын сөздөрүнө бир-бирден жооп берилген жана эволюциялык жаратылуу пикиринин далилсиз экени көрсөтүлгөн. (Бул тема жөнүндө караңыз Harun Yahya, *Kuran Darwinizm'i Yalanlıyor*, Araştırma Yayıncılık, 2005, о.э. www.harunyahya.org сайтынан кыргызча макаларды караңыз).

Кээ бир Мусулмандар маалымат жетишсиздиги себебинен эволюциялык бир жаратылуу болушу мүмкүн деген жаңылыштыкка кабылган болушу мүмкүн. Бирок бараткан жолунун туура эмес экенин көргөндө, чын ыкластуу бир Мусулмандын милдети – катадан баш тартуу жана туураны ээрчүү. Аллах Куранда ыйман келтиргендердин кылган каталарында кежирлик кылбашы керек экенин кабар берген:

**...Жана алар кылган (жаман иштеринде) билип туруп көшөрбөгөндөр. (Али Имран Сүрөсү, 135)**

Аятта билдирилген сонун ахлакты ээрчигендер дарвинизмди Мусулмандаштырууга аракет кылуунун канчалык туура эмес экенин байкап, ошол замат мамилелерин өзгөртүшү зарыл. Мындай мамиле өзгөртүүнүн эң сонун көрсөткүчү болсо дарвинизмге кыйыр жолдон колдоо көрсөтүүдөн качынуу, так жана ачык бир аракет менен дарвинизмге каршы туруу жана дарвинизмге каршы жүргүзүлгөн илимий күрөшкө колдоо көрсөтүү болмокчу.

## Дарвинизмди өз ойлорунда Мусулмандаштырууга аракет кылгандар периштелердин жана жиндердин жаратылышын түшүндүрө алышпайт

Улуу күч-кудурет ээси болгон Раббибиз каалаганын каалаган абалда жана убакта, өрнөк албастан жоктон бар кылуучу. Аллах бир нерсенин болушун каалаганда, ага «Бол» деген буйругун бериши гана жетиштүү:

**Кандайдыр бир нерсени (жаратууну) каалаганыбызда сөзүбүз ага «Бол» деп айтуу гана; ал ошол замат болуп калат. (Нахл Сүрөсү, 40)**

Аллах ар кандай кемчиликтен аруу, таза жана эч нерсеге муктаж эмес. Ошондуктан Аллах жаратуу үчүн эч кандай себепке, курал-жаракка, баскычка муктаждыгы жок. Бул дүйнөдө бүт нерсенин белгилүү себептерге, табият мыйзамдарына көз-каранды болушу эч кимди жаңылтпашы керек. Аллах – бүт бул себептердин Жаратуучусу катары булардан толугу менен аруу, таза.

Бирок бул чындыкты терең ойлонбогондор ар кандай жаңылыштыктарга кабылышы мүмкүн. Өз ойлорунда дарвинизм менен Ислам арасында бир келишим түзүүгө аракет кылгандар да ушундай үстүртөн ойлонуудан улам жаңылышууда. Аллахтын жогорку жаратуу кудуретин, жаратуу чеберчилигиндеги кемчиликсиздикти толук түшүнө албагандыктан «Исламдык эволюция» сыяктуу туура эмес жоромолдорду жасашууда. Адамдын эволюция жолу менен өнүккөнүн айткан бул адамдарга периштелер жана жиндер кандайча жаратылды деп суралганда болсо жооптору «Аллах жоктон жаратты» болот. Жиндерди жана периштелерди Аллахтын жаратканын кабыл алган бул адамдардын Аллахтын адамды да ошол сыяктуу жараткан болушун ойлоно албашы, буга акыл жүгүртө албашы абдан кызык абал. Периштени «Бол» буйругу менен бир заматта жараткан Улуу Раббибиздин адамды да ушундай эле жаратканын байкай албашы абдан таң калыштуу абал.

Аллах Куранда жиндердин адамдардан айырмаланып, оттон жаратылганын кабар берүүдө:

**Адамды отто бышкан сыяктуу кургак бир ылайдан жаратты. Жиннди болсо «жалын-түтүнсүз бир оттон» жаратты. (Рахман Сүрөсү, 14-15)**

Куранда кабар берилгендей, периштелердин жаратылышы да адамдын жаратылышынан такыр башкача. Аятта периштелердин жаратылышы мындайча билдирилүүдө:

**Мактоолор асмандарды жана жерди жараткан, экиден, үчтөн жана төрттөн канаттуу периштелерди элчилер кылган Аллахка тиешелүү; Ал жаратууда каалаганын көбөйтөт. Шек жок, Аллах – бүт нерсеге Кудуреттүү. (Фатыр Сүрөсү, 1)**

Аяттагы баяндан да байкалгандай, периштелер көрүнүшү жагынан да адамдардан такыр башкача. Ошондой эле, Куранда периштелердин да, жиндердин да адамдардан мурда жаратылганы кабар берилүүдө: Аллах алгачкы адам болгон Аз. Адамды жаратаарда мурда жараткан периштелерге жана бир жин болгон Иблиске Аз. Адамга сажда кылууларын буйрук кылган. Аятта мындайча билдирилүүдө:

**Периштелерге: «Адамга сажда кылгыла» деп айттык; Иблистен башка (калгандары) сажда кылышты. Ал жиндерден эле, ушинтип Раббиндин буйругунан баш тартты. Андай болсо Мени койуп, аны жана анын урпактарын дос тутасыңарбы? Чындыгында алар – силердин душмандарыңар. (Бул) Залимдер үчүн канчалык жаман бир (тандоо) алмашуу. (Кехф Сүрөсү, 50)**

Аллах үчүн жаратуу абдан оңой. Раббибиз – эч кандай себеп болбостон жоктон бар кылып, жаратуучу. Жиндерди жана периштелерди ар кандай келбетте жана жоктон бар кылган сыяктуу эле, адамды да эволюцияга муктаж болбостон, өзүнчө бир жандык катары жоктон жараткан. Ушул эле абал жаныбарлар жана өсүмдүктөр сыяктуу башка жандыктарга да тиешелүү. Куранда билдирилген апачык чындык мындай: Аллах бул жандыктардын эч бирин эволюция кылбастан, т.а. түрлөрдү башка түрлөргө айлантпастан бир заматта жоктон бар кылган.

## Куранда орун алган, Аллахтын себепсиз жаратуу мисалдары

Дарвинизм менен Ислам арасында «бир орто жол» түзүү жаңылыштыгына кабылгандардын мындай туура эмес логикага таянып түшүндүрө албаган темалардын бири – Куранда орун алган, Раббибиздин кереметтүү жаратуу мисалдары. Бул мисалдарда Аллах эч кандай себеп болбостон, кереметтүү бир абалда жараткан жандуулар жөнүндө айтылган. Шумер жомокторунун путпарасттык аңгемелерин илим деп ойлогондор бул мисалдар алдында чарасыз абалда калышат.

**Аз. Иса ылайдан жасаган канаттуууга**
**жан кириши**

Куранда Аз. Иса ылайдан чымчыкка окшош бир нерсе жасап, кийин анын ичине үйлөгөндө, Аллахтын каалоосу менен, бул канаттуууга жан киргени кабар берилген:

**Аллах минтип айтат: «Эй, Мариям уулу Иса, сага жана энеңе болгон нематымды эстегин. Мен сени Рухул-Кудүс менен кубаттадым, бешикте (жаткан) кезиңде да, жетилген кезиңде да адамдар менен сүйлөшчү элең. Сага Китепти, хикматты, Тооротту жана Инжилди үйрөттүм. Уруксатым менен ылайдан канаттуууга окшош (бир нерсени) жасап (кайра эле) уруксатым менен ага үйлөгөнүңдө бир канаттуууга айланган эле... (Маида Сүрөсү, 110)**

Бул чымчыкка эч кандай себепке көз-каранды болбостон, Аллахтын каалоосу жана керемети менен, жан кирген. Жансыз бир нерседен жандууга айланган чымчык – Улуу Аллахтын өрнөксүз, себепсиз, улуу жаратуу мисалдарынын бири. Жана бул абалды өз ойлорунда дарвинизмди Мусулмандаштырууга аракет кылгандардын көз-карашы менен түшүндүрүүгө болбойт.

**Өлгөн чымчыктардын**
**Аз. Ибрахимге кайра кайтып келиши**

Аллахтын жансыз нерселерге кереметтүү бир абалда жан бергенин көрсөткөн мисалдардын бири Аз. Ибрахим кыссасында кабар берилүүдө:

**Ибрахим: «Раббим, мага өлүүлөрдү кандайча тирилткениңди көрсөт» деп айткан эле. (Аллах ага:) «Ишенбей жатасыңбы?» дегенде, «Жок (ишендим), бирок жүрөгүм канааттанышы үчүн» деди. «Андай болсо төрт канаттуу ал. Аларды өзүңө үйрөт, кийин аларды (майдалап) ар бир бөлүгүн бир тоонун үстүнө кой, кийин аларды чакыр. Сага ылдам келишет. Билгин, шексиз Аллах – улук жана күчтүү, өкүм жана хикмат ээси.» (Бакара Сүрөсү, 260)**

Аятта кабар берилгендей, Аз. Ибрахим төрт чымчыкты майдалап, ар бир бөлүгүн бир тоонун үстүнө таштаган, бирок бул чымчыктарга андан соң кереметтүү бир абалда кайрадан жан кирип, Аз.Ибрахимге кайтышкан. Бул – Раббибиздин бардык себептерден аруу, таза экенин, эч кандай себепсиз жандууларды жоктон жаратаарын көрсөткөн бир мисал.

**Аз. Зекериянын төрөбөс аялынан балалуу**
**болушу**

Куранда мисал берилген кереметтүү жаратуу мисалдарынын бири Аз. Зекериянын аялы төрөбөс кезинде балалуу болушу менен сүйүнчүлөнүшү. Аяттарда мындайча буйурулат:

**(Аллах айтты:) «Эй Зекерия, шексиз Биз сага аты Яхья болгон бир баланы сүйүнчүлөөдөбүз; Биз мындан мурда ага эч кимди адаш кылган эмеспиз.» (Ал) Айтты:**

**«Раббим, аялым төрөбөс (бир аял) болсо, мен кандайча балалуу болом? Өзүмдүн да абдан улгайган кезим.» (Ага келген периште:) «Мына ушундай» деди... (Мерйем Сүрөсү, 7-9)**

Аяттарда билдирилгендей, Аллах үчүн жаратуу абдан оңой; Аллахтын эч кандай себепке муктаждыгы жок. Раббибиз ар кандай кемчиликтен аруу, таза.

Мындан тышкары, Куранда билдирилген кээ бир тирилүү мисалдары да Аллахтын каалаганын, каалаган убакта, каалаган абалда жоктон жаратканы сыяктуу, эч кандай себепке муктаж болбостон тирилтээрин көрсөтүүдө.

Ар бир адам өлүп топуракка аралашкандан кийин акырет күнү жаңы бир жаратылуу менен тирилтилет. Жана адамдын бул тирилүүсү алгачкы жаратылуусуна окшош абалда болот. Бул чындык аятта мындайча баяндалган:

**Ант болсун, силерди алгачкы жолу жаратканыбыз сыяктуу (бүгүн да) «бир-бирден жана жападан жалгыз (бир абалда)» Бизге келдиңер жана силерге бергендерибизди артыңарга калтырдыңар... (Энъам Сүрөсү, 94)**

Аятта адамдардын акыреттеги кайрадан жаратылышынын алгачкы жаратылышы сыяктуу болооруна көңүл бурулууда. Өлүп, чаң топуракка айланган адамга Раббибиздин тирилтиши менен кайрадан жан кирип, жансыз бир зат абалынан адам абалына келет. Кыямат күнү адамдардын денелерин жоктон жарата турган Аллах алгачкы адам болгон Аз. Адамды да жансыз бир зат болгон ылайдан жараткан:

**Раббиң периштелерге: «Чынында Мен ылайдан бир адам жаратам» деп айткан эле. «Ага бир калып берип, ага Рухумдан үйлөгөнүмдө силер ал үчүн ылдам сажда кылгыла.» (Сад Сүрөсү, 71-72)**

Демек адамдын алгачкы жаратылышы менен акыретте кайрадан жаратылышы бири-бирине окшош болууда жана бул баскыч баскыч эмес, бир заматта, кереметтүү абалда ишке ашууда.

Мындан тышкары, Аллах дүйнөдө да кээ бир пенделерине кереметтүү тирилтүү мисалдарын көрсөткөн. Мисалы, Раббибиз Аз. Мусанын коомуна өлүктөрдү кандайча тирилтээрин көрсөтүү үчүн бир өлүк денени мурдараак союлган бир уйдун бир бөлүк эти менен ургула деп билдирген. Жана бул коом Аллахтын керемети менен өлүк дененин тирилишине күбө болушкан. Бул кысса аяттарда мындайча баяндалат:

**Силер бир адамды өлтүргөн элеңер жана ал (аны ким өлтүргөнү) жөнүндө бири-бириңер менен талаштыңар. Аллах болсо жашырганыңарды ачыкка чыгармак. Бул үчүн: «Аны (өлгөн адамдын денесин сойгон уюңардын) бир бөлүгү менен ургула» дедик. Ушинтип, Аллах өлүүлөрдү тирилтет жана силерге аяттарын көрсөтөт, силер акылыңарга келишиңер үчүн. Андан кийин жүрөктөрүңөр кайрадан катып калды; таш сыяктуу, ал тургай андан да катуу (болду). Себеби таштардын ушундайлары бар, алардан суулар атылып чыгат, ушундайлары**

**да бар, (алар) жарылат, андан суулар чыгат, (жана) ушундайлары бар, Аллахтан коркконунан (ордунан) кулайт. Аллах силер жасаган иштерден кабарсыз эмес. (Бакара Сүрөсү, 72-74)**

Бул жөнүндө Куранда берилген башка бир мисал болсо өлгөндөн кийин тирилүүгө ишенбеген бир адамдын абалы. Аяттарда билдирилгендей, Аллах бул адамды жүз жыл өлүү абалда калтырган жана андан соң тирилткен. Куранда бул окуя мындайча баяндалат:

**Же асты үстүнө айланган, эч ким жашабаган бир шаарга жолуккан сыяктууну (көргөн жоксуңбу?) Айтты эле: «Аллах бул жерди өлүмүнөн кийин кантип тирилтет болду экен?» Буга жооп катары Аллах аны жүз жыл өлүү абалда койду, кийин аны тирилтти. (Жана ага) Айтты: «Канча болдуң?» Ал: «Бир күн же бир күндөн аз болдум» деди. (Аллах ага:) «Жок, жүз жыл болдуң (уктадың), бирок тамагыңды жана суусунуңду кара, али бузула элек; эшегиңди бир кара; сени инсандарга өрнөк-далил кылуубуз үчүн (муну мындай кылдык). (Эшектин) Сөөктөрдү кара кандайча аларды бириктиргенибизди, кийин аларга эт кийгизгенибизди?» деди. Ага (кишиге) баары белгилүү болгондон кийин ал айтты: «(Эми) Чындыгында Аллахтын бардык нерсеге кудуреттүү экенин билдим.» (Бакара Сүрөсү, 259)**

Бул жөнүндө Куранда берилген мисалдардын дагы бирөөсү – бул Асхабы Кехф (Үңкүр Ээлери). Ыймандуу жаштардан куралган Асхабы Кехф, арасында жашаган коому Аллахка шерик кошуп, Аллахтан башка кудайлар тутунуп алгандыктан, коомдорунан алыстап, бир үңкүрдү башпаанек кылышкан. Аллах Асхабы Кехфке үч жүз жыл ашуун уйку берген жана аларды кереметтүү бир абалда үңкүрдө уктаткан. Кийин аларды бул уйкусунан ойготкон. Бул окуя Куранда мындай баяндалат:

**Ушундайча үңкүрдө жылдар бойу алардын кулактарына урдук (терең бир уйку бердик). (Кехф Сүрөсү, 11)**

**Алар үңкүрлөрүндө үч жүз жыл турушту жана дагы тогуз (жыл). Айткын: «Канчалык турушканын Аллах жакшыраак билет. Асмандардын жана жердин кайып кабарлары Аныкы. Ал кандай жакшы көрүүдө жана кандай жакшы угууда. Андан башка алардын бир досу (велиси) жок. (Ал) Өз өкүмүндө эч кимди орток кылбайт.» (Кехф Сүрөсү, 25-26)**

**Кийин эки топтон кайсынысынын канча тургандыктарын жакшыраак эсептээрин көрсөтүү үчүн аларды ойготтук. Биз сага алардын кабарларын бир чындык (окуя) катары баяндап жатабыз. Чындыгында алар Раббилерине ыйман келтирген жаштар эле жана Биз алардын хидаяттарын арттырган элек. (Кехф Сүрөсү, 12-13)**

Бул мисалдар Ислам менен дарвинизм арасында орто бир жол издегендердин жаңылганын дагы бир жолу көрсөтүүдө. Себеби андай адамдардын логикасы менен Куранда билдирилген бул мисалдардын эч бирин түшүндүрүүгө болбойт. Ал адамдар дарвинисттердин пикиринин негизин

түзгөн натуралисттик догмадан таасирленгендиктен, жандуулардын жана адамдын жаралышын да табият мыйзамдарына ылайык түшүндүрүүгө аракет кылышууда. Чоң бир жаңылыштыкка кабылып, Аллах бул табият мыйзамдары менен чектелип, жандууларды жараткан деп (Аллахты аруулайбыз) ойлошууда. Ошондуктан, мутация, табигый тандалуу, түрдөшүү сыяктуу ойлоп табылган механизмдер менен бир түрдүн башка түргө айланышы жолу аркылуу жаратылуу болгон деп ойлошууда. Бир Мусулмандын мындай адашкан логикага кабылышы такыр туура эмес. Улуу күч-кудурет ээси Раббибиздин каалаганын каалаган абалда жаратууга күчү жетет. Ыкластуу бир Мусулман бардык кемчиликтерден аруу болгон Улуу Аллахты зарыл деңгээлде таанып билиши, кудуретин түшүнүшү керек жана эволюционист догмалардын, пропагандалардын, калптардын таасиринде эч калбашы керек.

## Дарвинизмди «маанисиз» деп ойлоо чоң бир жаңылыштык

Дарвинизм менен жүргүзүлүшү керек болгон илимий күрөштүн маанилүүлүгү ачык көрүнүп турганына карабастан, кээ бирөөлөр дагы эле *«Эмне үчүн дарвинизм темасы мынчалык маанилүү?»* деп айтып өз ойлорунда бул илимий күрөштү маанисиз көрүшүүдө же *«Ансыз деле Дарвинге эми ишенгендер жок, ошондуктан бул темада аракет кылуунун кажети жок»* сыяктуу чындыкка туура келбеген логикаларды айтып Мусулмандардын дарвинизм менен күрөшүнө тоскоол болууга аракет кылышууда. Ушул жана ушул сыяктуу сөздөр түпкүрүндө дарвинизм менен илимий күрөшүүдөн качынуу үчүн айтылган шылтоолор.

Дарвинизм кандайдыр бир илимий гипотеза эмес, адамдарды Аллахтан баш тарттыруу үчүн ойлоп чыгарылган жана жакталган бир пикир системасы. Эволюциялык теория менен материалисттик философия бири-бирин толуктаган эки пикир системасы. Байыркы Грецияда пайда болгон бул «достук» 19-кылымдын өнүкпөгөн илим түшүнүгү ичинде кайрадан айтып чыгылган жана эволюция теориясы материализмге сөз жүзүндө бир колдоо көрсөткөндүктөн, илимий болуп болбошуна карабастан, материалисттер тарабынан ошол замат кабыл алынган.

Дарвинизмдин жана ага таянган материалисттик философиянын жайылышы менен бирге *«Адам эмне өзү?»* суроосуна бузуку жооптор бериле баштаганы талашсыз чындык. Мурда бул суроого *«Адам – Аллах жараткан жана Ал үйрөткөн сонун ахлакка ылайык жашашы керек болгон бир жандык»* жообун берген адамдардын бир бөлүгү көптөгөн алдамчы калптардын натыйжасында *«Адам – кокустуктар натыйжасында пайда болгон, жашоо күрөшү менен өнүккөн бир жаныбар (айбан)»* жаңылыштыгына кабылып баштташкан.

Эволюция теориясы кокустуктарды, убакытты жана жансыз заттарды кудай катары кабыл алып, бул алсыз, акылсыз (аң-сезимсиз) нерсе жана түшүнүктөргө өз алдынча жаратуучулук сыпатын берүүдө. Бир Мусулман мынчалык путпараст негиздерге таянган бир теорияны эч качан жактабайт. Ыймандуу бир адам Жаратуучубуз болгон Аллахтын бүт нерсени жоктон жаратканына ыйман келтирет жана бул ишенимге каршы келген ар түрдүү пикир жана ишеним менен илимий күрөш жүргүзөт.

Тараптарларынын пропагандаларына алданып, дарвинизмдин коркунучтарын көрмөксөн болуу чоң бир жаңылыштык. Дарвинизмдин канчалык коркунучтуу экенин түшүнө албаган бир адам

белгилүү бир убакыттан кийин бул бузуку идеологияны кадыресе көрүп баштайт. Дарвинизмди кадыресе көрүү болсо атеизмди, динсиздикти, материализмди кадыресе кабыл алуу дегенди билдирет. Дарвинизм менен илимий күрөштөн качынуу атеизм менен, динсиздик менен күрөшүүдөн качынуу дегенди билдирет. Албетте бул – ыймандуу адам кабыл ала турган бир нерсе эмес.

Бул нерсени унутпаш керек: дүйнөнүн ар кайсы жерлеринде миңдеген Мусулман, байкуш аялдар, жаш балдар, улгайган адамдар кабылган зулумдуктардын, башынан өткөргөн азап жана кыйноолордун түбүндө дарвинизм турат. Жүздөгөн күнөөсүз адамдын канынын төгүлүшүнө, адамдардын коркуу, тынчсыздануу ичинде жашашына себеп болгон террор дарвинизмдин бузуку пикирлерине таянууда. Фашизм жана коммунизм сыяктуу өткөн кылымга тамгасын баскан кандуу идеологиялар дарвинизмден колдоо алган. Көптөгөн коом башынан өткөргөн ахлактык чөгүү – дарвинисттик пропаганданын натыйжасы. (Кийинки бөлүмдөрдө бул темалар тереӊ каралат).

Мусулмандардын милдети **«жер бетинде фитна (бузукулук) калбаганга чейин»** илимий күрөштү улантуу. Учурдун эӊ коркунучтуу жана эӊ чоӊ фитнасы болсо – бул дарвинизм. *«Дарвинизм илимпоздордун темасы, бизге тиешеси жок»* деген сыяктуу жаӊылыштыктарга кабылуунун ордуна Мусулман жер бетинде чоӊ зулумдукка себеп болгон бул идеологияны илимий кыйратышы, таасирсиз кылышы зарыл. Муну кылбоо, т.а. күрөш жүргүзбөө - зулумдукка ыраазы болуу дегенди билдирет жана чындап ыйман келтирген эч бир адам мындай жоопкерчиликти мойнуна көтөргүсү келбейт.

## Бул чоӊ илимий күрөштөн качынуунун жоопкерчилиги

Ыкластуу момундар динди түшүндүрүү милдетин чоӊ бир толкундануу менен аткарышат жана дин ахлагынын жайылышы үчүн аракет кылышат. Бул аракетинде дин ахлагынын жайылышына жана жашалышына тоскоол болгон нерселерди да так аныктап, буларга каршы натыйжалуу бир илимий, акылдуу күрөш жүргүзүшөт. Материализмдин жана атеизмдин сөз жүзүндө илимий таянычы болгон дарвинизм бүгүнкү күндө адамдарды дин ахлагынан алыстаткан эӊ маанилүү кыймыл. Ушул себептен момундардын дарвинист пропаганда алдында үн-сөзсүз карап турушу такыр туура эмес.

Бир тараптан дарвинизм менен илимий күрөш жүргүзбөй, экинчи тараптан баштан өтүп жаткан кыйынчылыктардан, Мусулман элдер тарткан азаптардан, коомдук бузулуулардан тынчсызданып жатам деп айтуунун бир мааниси жок. Себеби кыйынчылык жана азап ичиндеги Мусулмандарга чын пейилден жардам бергиси келгендер, ачарчылык, жокчулук, адилетсиздикке тамырынан чечүү жолун табууну, согуштардын токтошун, тынчтыктын өкүмчүлүк кылышын, Мусулмандардын дүйнөдө сүйүү жана урмат көрүшүн, ыйык баалуулуктарыбыздын керектүү деӊгээлде сакталышын талап кылгандар дарвинизм менен илимий күрөшүүгө мажбур. Себеби дарвинизм жок болмоюнча бул каалоолорунун ишке ашышы мүмкүн эмес. Дарвинизм турганда материализм жана атеизм таасирин улантат жана адамдар дин ахлагынан алысташат. Дин ахлагынан алыстаган коомдордо болсо жогоруда саналган маселелер сөзсүз орун алат.

Чиркейлер менен күрөшүүдө эӊ негизгиси чиркейлердин мекени болгон саздакты кургатуу болгон сыяктуу эле, коомдук маселелердин чечүү жолу – бул дарвинизмдин илимий кыйратылышы.

Каалаган адам чиркейлерди бир-бирден өлтүрүүгө аракет кылышы мүмкүн, бирок саздак кургатылмайынча, бир адам бүт күнүн чиркейлерди өлтүрүү менен өткөрсө да, эртеси күнү жаңы чиркейлер менен күрөшүшү керек болот.

Адилетсиздиктин, жакырчылыктын, коомдук теңсиздиктердин жоюлушу, уруштардын токтошу сыяктуу темаларда бир-бирден аракет кылуу албетте зарыл жана маанилүү. Бирок маселелерди тамырынан чечүү үчүн жана кааланган жыйынтыкка жете алуу үчүн дарвинизмди толугу менен таасирсиз кылуу шарт. Дарвинизмдин илимий кыйратылышы менен бул маселелер өзүнөн өзү жоголот, себеби бул маселелерди пайда кылган пикирдик, философиялык негиз жыгылган болот.

Бүт Мусулмандар муну түшүнүү менен дарвинизмге каршы илимий күрөшүүнүн канчалык чоң бир милдет экенин дагы бир жолу ойлоп көрүшү керек. Аллах Куранда кандайдыр бир маанилүү себеби болбостон ордунда отургандар менен болгон мүмкүнчүлүктөрүн колдонуп аракет кылгандардын Аллах Кабатында ала турган сыйлыгынын тең эмес экенин кабар берген:

**Момундардан эч кандай маанилүү себепсиз отургандар менен Аллах жолунда малдары жана жандары менен жехд кылгандар (аракет кылгандар) бирдей эмес. Аллах малдары жана жандары менен жехд кылгандарды (аракет кылгандарды) отургандарга караганда даражасын бийик кылган... (Ниса Сүрөсү, 95)**

Албетте ыкластуу момундар Аллахтын ыраазычылыгын эң көбүн каалашат. Ушул себептен болгон мүмкүнчүлүктөрүн колдонуп, динсиздикке жана динсиздиктин таянычы болгон дарвинизмге каршы илимий күрөшүүгө милдеттүү.

Куранда **«Чынында каапырлар (адамдарды) Аллахтын жолунан тосуу үчүн мал-мүлкүн каржашат; мындан кийин да каржай беришет...»** (Энфал Сүрөсү, 36) аяты менен каапырлардын динсиздикти жайуу үчүн тынымсыз аракет кылаарына ишарат кылынган. Каапырлардын мындай аракети алдында ыймандуу адамдардын унчукпай турушу, коркунучка көз жумуп коюшу, пассивдүүлүктү тандашы, тартынышы эч туура эмес. Моюндарындагы чоң жоопкерчиликти байкаган ыкластуу Мусулмандар дарвинизм коркунучуна каршы активдүү жана эр жүрөктүүлүк менен бир илимий күрөш жүргүзүшөт жана эч качан ар кандай шылтоолорду айтып бул илимий күрөштөн качууга аракет кылышпайт. Себеби мындай күрөшкө көз жумуп коюунун акыреттеги жоопкерчилигинин абдан чоң болушу мүмкүн экенин билишет.

## Мусулмандар дарвинисттик пропагандаларга алданбашы керек

Эволюция теориясы учурдагы илимий жетишкендиктер тарабынан болгон таянычтарынын баарынан айрылды. Молекулярдык деңгээлде жана ошондой эле биология, палеонтология тармактарында жасалган изилдөөлөр жандуулардын эволюциялык бир процесс натыйжасында жаралганы жөнүндөгү көз-карашты толугу менен жараксыз кылды. Бирок дарвинисттер демагогиялары, жасалма мисалдары, сөз оюндары, колдонгон туура эмес логикалары жана кээде алдамчылыктары менен элди алдоого аракет кылышат.

Дарвинисттик басмаларды жакшылап анализдегенде бул оюндарды көрүүгө болот. Кеңири тараган дарвинисттик тактика жана пропагандалардын кээ бирлери төмөнкүлөр:

**1. Эволюционисттер так далилдерди эмес,**
**ойлоп чыгарылган жомокторду баяндашат:**

Дарвинисттик эмгектерде дээрлик эч качан так илимий далилдерге таянган бир баян жок. Эволюция теориясынын чыга албас туңгуюктары бир канча сүйлөм менен үстүртөн айтып коюлат, ошол эле учурда табият тарыхы жөнүндө көптөгөн жомок сценарийлер жазылат. Алгачкы жандуунун кандайча пайда болгону, фоссилдердеги чоң боштуктар, жандуулардагы комплекстүү системалар сыяктуу негизги темалар жөнүндө эч сөз кылынбайт. Себеби бул темаларда баяндалган ар бир деталь эволюционисттердин максатына тескери жана теорияларынын алсыз, бош экенин даана көрсөтөт.

Мисалы дарвинисттер канаттуулардын келип чыгышын (жаралышын) түшүндүрүүдө динозаврлардын чымын кууп жүрүп канаттары өскөнүн узун узун баяндашат. Бирок секундасына дээрлик 500 жолу канат кага алган чымындын кандайча пайда болгонун эч качан түшүндүрө алышпайт. Же жандуулардын алгачкы пайда болушун түшүндүрүүдө дүйнөнүн ал доорлордогу шарттарын узун узун баяндашат, атмосферанын өзгөчөлүктөрүн тизмектеп санашат жана ысык суу жыйындысы ичинде жандуулардын түзүүчүсү (негизи) болгон клетканын пайда болгонун айтып өтүп кетишет. Бирок 21-кылымдын технологиялык мүмкүнчүлүктөрү менен лабораторияларда да жасала албаган, абдан комплекстүү бөлүктөргө ээ клетканы акылсыз атомдордун кандайча пайда кылганын жана бул клеткадан миңдеген жандуунун кантип пайда болгонун эч түшүндүрө алышпайт. Археологиялык казуулардан алынган табылгаларды өздөрүнүн пикирлерине ылайык жоромолдошуп ойлоп чыгарылган адамзат тарыхынын эволюциялык графигин жасашат. Табылган бир канча сөөк бөлүкчөсү, таш буюмдарга карап ошол доордун адамдарынын үңкүрлөрдө үстүнө айбан терисин жамынып, алгачкы бир жашоону кандайча жашашканын узун узун баяндашат. Бирок жүз миңдеген жыл мурунку доорлого тиешелүү металл буюмдардын бөлүктөрүн, оң миңдеген жылдык кемчиликсиз чеберчиликтеги үңкүр дубалдарындагы сүрөттөрдү, калп таш доору адамдары деген адамдардын ийгиликтүү мээ операциясын жасаганын, өткөн маданияттардан сакталган чыгармалардагы искусствону, чеберчиликти, акылды түшүндүрө алышпайт. Дайыма бүт жандуулардын баскыч баскыч бири-биринен эволюциялашып өнүккөнүн айтышат. Бул көз-караш боюнча, тарыхта жарым сойлоочу-жарым канаттуу, жарым омурткалуу-жарым омурткасыз сыяктуу көптөгөн «ортоңку звено формаларынын» болушу керек эле. Жана мындай жандыктардын фоссилдерде мисалдары болушу керек. Деңиздер кургаган үчүн кургактыкка чыгууга мажбур болгон балыктардын сөз жүзүндө кандайча сойлоочуга айланганын узун узун баяндаган эволюционисттен «бул көз-карашыңды далилдей турган кандайдыр бир фоссил мисалы барбы» деп сурасаңыз, бул сурооңузга эч кандай жооп ала албайсыз. Себеби дарвинисттер 150 жылдан ашуун убакыттан бери ортоңку түрлөрдүн фоссилдерин издегенине карабастан, бир дагы мисал таба алышкан жок. Алар тапкан бардык фоссилдер жандуулардын бир заматта пайда болгонун, т.а. жаратылганын көрсөтүүдө. Бирок дарвинист эмгектерде бул чындык эч айтылбайт, мунун ордуна фоссилдер темасы башкага бурулат.

Дарвинисттердин мындай услубу жакшылап ойлонбогон же жетиштүү маалыматка ээ болбогон адамдарда так далилдер менен далилденген бир теория жөнүндө сөз болуп жаткан сыяктуу пикир жаратышы мүмкүн. Бирок мындай пикир толугу менен туура эмес. Дарвинисттерге узатылган «эмне үчүн?» жана «кантип?» деген суроолор аларды жарга такайт. Себеби бул суроолорго бере турган илимий жооптору жок. Кыскача айтканда, эволюция теориясы бир гипотеза гана. Бир гипотеза илимий кабыл алынышы үчүн анын илимий текшерилиши же табылгалар менен тастыкталышы керек, бирок эволюция жомоктору бул критерийлерге эч туура келбейт.

**2. Дарвинисттер эволюция теориясына ишенүү илимдин шарты деп айтышат**

Эң атактуу дарвинисттик пропагандалардын бири *«эволюция теориясына ишенбеген догматик», «эволюция теориясына ишенбеген илимден чыгат»* сыяктуу негизсиз ураандар. Дарвинисттердин мындай пропагандалары кээде кээ бир ыймандуу адамдардын да жыңылышына себеп болот.

Чынында болсо бул эволюционисттердин «илим» дегенде эмнени түшүнөөрү менен байланыштуу бир жоромол. Дарвинисттик көз-караш сөз кылган илим – изилдеген, анализ кылган жана табылгаларды эч тарапка тартпастан, нейтралдуу баалап, бул табылгалар көрсөткөн жыйынтыктарды кабыл алган бир илим эмес. Дарвинисттердин пикири боюнча илим алардын ишенимдерин жана пикирлерин тастыкташы керек жана алынган жыйынтыктар эволюционисттердин догмаларына туура келе турган абалда жоромолдонгондо гана кабыл алынат. Б.а., эволюционисттер табылгаларды эмес, тараптуу (материалисттик) жоромолдорун илим сыяктуу көрсөтүшөт. Дарвинисттик илим – бул чындыкты издөө аракети эмес, чындыкты бурмалоо жана өз максаттарына багыттоо аракети.

Дарвинисттик илимпоздордун догмалары боюнча илим материалисттик болушу керек. Бул абал илимге жүктөлбөшү керек болгон бир катар философиялык зордомолорду илимий изилдөөнүн стандарттары катары белгилөөнү максат кылат. Мындай бурмаланган пикир боюнча алынган ар бир жыйынтык материалисттик дүйнө көз-карашына ылайык жоромолдонушу керек. Ошондуктан, бул жаңылыштыкка ылайык, материалисттик болбогон жоромол – илимий эмес. Дарвинисттердин мындай жаңылыш пикирин Канзас мамлекеттик университетинде доктор болгон Скотт Тодд (Scott Todd) *Nature* журналында жарык көргөн бир катында *«Бардык маалыматтар бир Жаратуучуга ишарат кылса да, бул илимде четке кагылат, себеби натуралист эмес.»* сөздөрү менен билдирүүдө.[1]

Илимдин дээрлик бардык тармактарындагы табылгалардын баары Жаратылуу чындыгын (Бүт нерселердин Жаратуучу тарабынан жаратылганын) көрсөткөнүнө карабастан, бул маалыматтардын медиада жетиштүү деңгээлде жарык көрбөшүнүн, илим чөйрөсүндөгүлөрдүн болгон аракети менен байкамаксан болушунун түпкүрүндө да кээ бир чөйрөлөрдүн *«Илим материалист болушу керек»* догмасы бар. Эгер дарвинисттер чын пейилден илим көрсөткөн чындыкка баш ийгилери келсе, анда илимдин алардын теориясын жокко чыгарганын кабыл алышы керек. Илим көрсөткөн чындыкты кабыл ала албагандардын болсо илимди жамынып пикирлер айтышынын, эмненин илимий, эмненин илимий эмес экендиги жөнүндө жоромолдор жасашынын эч кандай мааниси жок.

Ошондуктан Мусулмандардын дарвинисттердин мындай пропагандаларынан, догмаларынан таасирлениши такыр туура эмес. 21-кылымда илимдин жеткен чеги эволюция теориясына ишенбегендин эмес, ага ишенгендин илимге туура келбешин далилдеди.

## 3. Дарвинисттер эволюцияны кыйраткан илимий далилдерди сакташат же көрмөксөн болушат

Дарвинисттер теорияларын сактоо үчүн колдонгон ыкмаларынын арасында «жасалма далилдер чыгаруу жана чыныгы далилдерди сактоонун» маанилүү орду бар. Жасалма фоссилдерди чыгаруу, эксперименттерде көз бойомочулуктарды колдонуу, ойлоп чыгарылган сүрөттөрдү илимий далилдер сыяктуу көрсөтүү – бул эволюционисттер көп колдонгон тактикалар. Дарвинизмдин тарыхы мунун мисалдарына толо.

Мисалы, 43 жыл бойу адамдын калп эволюциясын тастыктаган бир далил сыяктуу сунулган *Пилтдоун адамы* адам жана орангутандын сөөктөрүнүн бириктирилиши аркылуу жасалган жасалма бир фоссил эле. Бирок бир топ жылдар бойу Англия музейинде (British Museum) эволюциянын бир далили сыяктуу элге көрсөтүлдү. 1922-жылы табылган бир тишке таянып ойдон чыгарылган *Небраска адамы* да эволюционисттердин көз бойомочулуктарынын башка бир мисалы эле. Бир тишке таянуу менен жарым маймыл-жарым адам ойлоп табылган бир адам жөнүндө сөз кылынып жаткан эле. Бир убакыттан кийин ал тиштин жапайы донузга тиешелүү экени аныкталды. Жылдар бойу немец биолог Эрнст Гегельдин (Ernst Haeckel) эмбрион сүрөттөрү, эволюция процессининин калп бир далили сыяктуу колдонулду. Чындыгында болсо Гегель бул сүрөттөрдө бурмалоолор жасап, эмбриондорго кээ бир ойдон чыгарылган органдар кошуп, кээ бирлеринен болсо алып салып, чоңдуктары абдан айырмалуу болгон эмбриондорду бирдей чоңдуктагы сыяктуу көрсөткөн эле. Гегельдин бул сүрөттөрдө көз бойомочулуктар жасаганы 20-кылымдын баштарында анык ортого чыкты, ал тургай Гегель өзү да муну мойнуна алды. Бул жерде бир канча гана мисал берилген көз бойомо, жасалмалыктардын дарвинисттик эмгектерде абдан көп мисалдары бар. Дарвинисттер адамдардын илимий маалыматынын аз болушунан пайдаланып, көптөгөн бурмаланган маалыматты эволюциянын калп далили катары сунушат. Башка тараптан болсо эволюция теориясын кыйраткан далилдерди көрмөксөн болушат жана этияттык менен сакташат. Мындай далилдер эч качан карапайым элге айтылбайт.

Жаратылуу чындыгын далилдеген жүздөгөн сакталган фоссилдер элден абдан этиятык менен сакталган далилдерден. Бул фоссилдер миллиондогон жыл мурда жашаган жандыктар менен бүгүнкү күндөгү жандыктар арасында эч кандай айырма жок экенин, жандыктардын эч кандай эволюция болбогонун көрсөтүүдө. Бирок элдердин көпчүлүгү мындай фоссилдер бар экенин билишпейт. Себеби бул фоссилдер эволюционист музейлердин жер төлөлөрүндө, университеттердин палеонтология бөлүмдөрүнүн кампаларында сакталат. Көрүнөө жерге эч чыгарылбайт.

Дарвинисттердин чындыктарды жашыруу жана бурмалоо үчүн кылган аракети Мусулмандарга таасир этпеши керек. *«Илимпоз адамдар, демек сөзсүз чындыкты сүйлөшөт»* деп ойлоо жана ушул себептен эволюционисттердин ар бир сөзүнө ишенүү эч шексиз чоң бир

жаңылыштык. Себеби эволюционист илимпоздор идеологиялары үчүн чындыктарды сактоодон, илимий маалыматтарды бурмалоодон, жасалма далилдерди чыгаруудан эч тартынышпайт.

Дарвинизмдин күчүнүн кыйратылыщы үчүн дарвинисттердин көз бойомочулук жана калптарынын ачыкка чыгарылышы абдан маанилүү. Мусулмандар дарвинисттердин тузактарын байкашы керек жана бул тузактарды ачыкка чыгарып, элди алдоолоруна тоскоол болушу зарыл. Мындай иш-аракет динсиздик себеп болгон балээлердин токтошу жана жер жүзүнө сонун ахлактын жайылышы үчүн керек.

## 4. «Көпчүлүктүн эволюция теориясына ишениши дарвинизмдин туура экенин көрсөтөт» калпы

Дарвинисттердин пропаганда ураандарынын дагы бири – бул *«Теория илим дүйнөсүнүн көпчүлүгү тарабынан кабыл алынууда»* деген калп. Башкача айтканда, эволюционисттер чөйрөсүндөгү адамдарга «биз көпчүлүкпүз» жана «көпчүлүк дайыма туура айтат» деген сыяктуу пикирлерди сиңирүүгө аракет кылышат. *«Ушунча көп адам эволюцияны жактайт, университеттерде эволюцияга ишенген адамдардын үлүшү чоң, демек теория туура»* деген сыяктуу чындыкка жатпаган бир логика менен көпчүлүктү психологиялык басымга алууга аракет кылышат. Мусулмандар мындай басымдан таасирленбеши керек жана дарвинисттердин мындай жалганына алданбашы зарыл.

Акыркы 20-30 жыл ичинде эволюция теориясынан баш тарткан илимпоздордун саны абдан ылдам өсүүдө. Булардын көпчүлүгү ааламдагы жана жандуулардагы кемчиликсиз жаратылууну көрүү менен дарвинизм догмасынан өздөрүн куткарышууда. Бул илимпоздордун эволюциянын жараксыз экенин ортого койгон сансыз эмгектери бар. Эң башта Европа жана Америка болгон, дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндөгү алдыңкы университеттерде эмгектенген бул адамдардын баары – биология, биохимия, микробиология, анатомия, палеонтология сыяктуу илим тармактарында адис, карьера ээси илимпоз, мугалимдер.

Эгер чындап эле эволюционисттер көпчүлүк болсо да мунун мааниси жок. Көпчүлүктүн түшүнүгүн *«Сөзсүз туура»* деп кабыл алуу туура эмес. Бул чындыкты дарвинизм менен илимий күрөшүүдөн качынган Мусулмандар да билиши керек. Куранда билдирилгендей, тарыхтагы көптөгөн каапыр коомдор Аллахтан жана динден баш тартуу үчүн өздөрүнүн көпчүлүк экенин айтуу менен, адамдарды туура жолдон тосууга аракет кылышкан. Аллах мындай туура эмес логикага карата ыйман келтиргендерге эскертүү берүүдө жана көпчүлүктү ээрчүүнүн адамдарды чоң алдануруларга түртөөрү мүмкүн экенин кабар берүүдө:

**Жер жүзүндөгүлөрдүн (адамдардын) көпчүлүгүн ээрчисең, сени Аллахтын жолунан адаштырып-жаңылтышат. Алар бир гана күмөндөрүн ээрчишет жана алар бир гана «күмөн кылышып жана божомолдошуп жалган сүйлөшөт». (Энъам Сүрөсү, 116)**

Окугандарын же көргөндөрүн жакшылап анализ кылган, теманы дагы бираз терең ойлонгон адам өзү кабылган дарвинисттик пропаганданы байкай алат. Чындап ыйман келтирген Мусулмандардын маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул алардын баам-парасаттуу болушу, т.а.

чындыкты калптан айырмалай ала турган бир түшүнүккө ээ болушу. Аллах Андан коркуп сактангандардын мындай сонун өзгөчөлүгүн Куранда төмөнкүчө билдирген:

**Эй ыйман келтиргендер, Аллахтан коркуп-сактансаңар, силерге тууранын туура эместен айырмалоочу бир нур жана түшүнүк (фуркан) берет, жамандыктарыңарды жашырат жана силерди кечирет. Аллах – Улук пазилет ээси. (Энфал Сүрөсү, 29)**

Аллах коркуусу менен аракет кылган, абийиринин үнүн уккан адамдар, Аллахтын уруксаты менен, дарвинизмдин кандай коркунучтуу экенин, бул коркунучту кандайча таасирсиз кылууга болоорун оңой гана байкай алат. Маалымат жетишсиздиги, зарыл деңгээлде ойлонбоо, капылетке кабылуу сыяктуу себептер менен бул теманын маанилүүлүгүн байкай албагандар болсо аларга айтылганда чындыкты көрүп түшүнүүлөрү керек. Бир нерсени дагы бир жолу эске салуу керек: дарвинизм – ыймандуу адамдар кабыл ала турган, кадимки нерседей көрө турган бир идеология эмес. Дарвинизм – динсиздиктин дини. Жана чын пейилдүү ар бир Мусулман динсиздикке каршы илимий күрөшүүгө милдеттүү. Дүйнө жашоосундагы бул чоң милдетке көз жумуп койуу акыретте бушаймандыкка себеп болушу мүмкүн. Ушул себептен дарвинизм алдында чарасыз, пассивдүү, алсыз жана баш ийген бир мамиледе болуудан ылдам баш тартуу керек жана болгон мүмкүнчүлүктөрдү колдонуу менен дарвинизмге каршы илимий күрөшүү зарыл. Аллахтан баш тарткан бир идеологияга карата алсыз болуу Мусулмандарга жарашпайт. Чындап ыйман келтиргендердин илимий күрөшү башынан эле жеңген абалдагы бир күрөш экенин унутпаш керек. Момундар дарвинизм жана башка бардык баш тартуучу, каапыр идеологиялардын үстүнөн жеңишке жетишет. Аллах ыйман келтиргендерге Куранда мындай кубанычтуу кабар берген:

**Ким Аллахты, Элчисин жана ыйман келтиргендерди дос (вели) кылышса, эч шексиз, жеңишке жетүүчүлөр – бул Аллах тараптарлары. (Маида Сүрөсү, 56)**

**... Аллах каапырларга момундардын зыянына эч качан жол бербейт. (Ниса Сүрөсү, 141)**

Ошондуктан ыйман келтиргендер динсиздик менен жүргүзгөн илимий күрөштө өздөрүнүн өйдө экенин билип жана чындыкты жактоонун сыймык, урматы менен аракет кылышы керек. Аллахтын уруксаты менен дарвинизм фитнасы (бузукулугу) сөзсүз кыйрайт жана Раббибиз «чындыкты батылдын (жалгандын)» үстүнө өткөрөт. Ыйман келтиргендердин аракети болсо бул илимий жеңиштин сыйлыгын ала алуу үчүн болушу керек.

## Дарвинизм илим тарабынан кыйратылды

Эволюция теориясы табияттагы 1,5 миллионго жакын жандык түрүнүн аң-сезимсиз табият окуялары натыйжасында пайда болгонун жакташат. Эволюционисттердин ою боюнча алгач жансыз заттын ичинде химиялык реакциялар менен жандуу бир клетка пайда болгон. *(Мындай бир нерсенин ишке ашпай турганын көрсөткөн абдан көп илимий далилдер бар. Изилдөөчүлөр алгачкы дүйнө*

*атмосферасында болгондугу аныкталган газдар менен ошол атмосфера шарттарын бириктирип, жасаган эксперименттерде жандуулуктун эң кичинекей элементин да ала алышкан эмес.)* Адамдардын бүгүнкү күндүн технология жана илим деңгээлин колдонуп болгон аң-сезимдүү, акылдуу аракетине карабастан бир жандуу организмди пайда кылуу мүмкүн болгон жок. Андай болсо сокур кокустуктардын муну жасай алганын жактоо, албетте, акыл жана логикага эч сыйбайт. Эволюционисттердин жомогу боюнча, бул алгачкы клетка менен башталган жашоо бара бара татаалдашып, ар түрдүүлөшкөн; бактериялар менен башталган кыялдагы эволюция процесси эң аягында адамды жараткан. Кыскача айтканда, илимге сыйбас бул көз-караш боюнча табияттагы бир катар аң-сезимсиз механизмдер жандыктарды тынымсыз өнүктүрүшү керек. Дарвинисттер бул баскычта жактаган жана эволюцияны пайда кылганын айткан эки механизм бар: **Табигый тандалуу жана мутациялар.** Илимий табылгалар эки механизмдин тең эволюционисттер жактагандай бир күчүнүн жок экенин көрсөтүүдө.

**Табигый тандалуу** аты айтып тургандай эле табигый тандалуу дегенди билдирет. Бул пикир боюнча, күчтүү болгондор жана табигый шарттарга ылайыкташа алгандар жашоосун улантат, башкалары болсо терилип жок болушат. Мисалы, бир аймакта климат шарттары өзгөрүп, бара бара сууп башташы ал аймакта жашаган жаныбар популяциялары арасында суукка чыдамсыздарынын өлүмүнө себеп болот. Узун мөөнөттө жалаң гана суукка чыдамдуулары калат жана популяциянын баары ушундайлардан куралат. Же болбосо сүлөөсүндөрдүн кол салуу коркунучу астында жашаган коендордон чөйрөгө эң ылайыкташа алгандары же эң ылдам качкандары жашоосун улантат. Бирок көңүл бурсак, бул жерде жаңы бир өзгөчөлөк пайда болгон жок, бул жаныбарлар башка бир түргө айланган жок, башка бир өзгөчөлүккө ээ болушкан жок. Дагы бир мисал берели. Бир арстандын кол салуусунан качкан кийиктер тобу арасында эң ылдам чуркагандары жашоосун улантат, жай чуркагандары болсо эленишет. Бирок ылдам чуркаган бул кийиктер эч качан атка же башка бир жаныбарга айланбайт, дайыма кийик бойдон калат. Ошондуктан табигый тандалуу механизминин эволюция кыла турган бир өзгөчөлүгү жок. Өзү да эволюционист болгонуна карабастан, Англиянын Табият тарых музейинин башкы палеонтологу Colin Patterson (Колин Паттерсон) бул чындыкты мындайча мойнуна алууда:

**Эч ким табигый тандалуу механизми менен жаңы бир түр өндүрө алган жок.** Эч ким мындай бир нерсеге жакындаша да алган эмес. Учурда нео-дарвинизмдин эң көп талаш жараткан темасы да ушул.[2]

**Мутация** болсо – бул жандыктардын гендеринде радиация сыяктуу тышкы факторлор же ДНКдагы копиялоо катасы натыйжасында пайда болгон бузулуулар. Мутациялар албетте өзгөрүүгө себеп болушу мүмкүн, бирок бул өзгөрүүлөр эч качан жакшы тарапка болбойт, дайыма кыйратуучу таасир берет. Б.а. мутациялар жандыктарды өнүктүрө албайт, тескерисинче дайыма жандыктарга зыян беришет. Бүгүнкү күнгө чейин байкалган бардык мутациялар көбүнчө зыяндуу, кээде гана таасирсиз болгон. Өнүккөн илим учурда миллиондогон зыяндуу мутацияны аныктап, булар себеп болгон ооруларды ортого койуп жатканда, эволюционист илимпоздордун генетикалык маалыматты көбөйтүүчү эч бир мутация мисалын көрсөтө албашы эволюция теориясын абдан чоң туңгуюкка такап жатат. Франция илимдер академиясынын (Academie des Sciences) мурдакы башчысы Pierre Paul-Grassé (Пьер Поль-Грассе)нин бул темадагы сөзү абалды так баяндайт. Грассе мутацияларды

**«жазылган бир текстти көчүрүү учурунда кетирилген тамга каталарына»** окшоткон. Жана ар бир тамга катасы сыяктуу мутациялар да маалымат пайда кылбайт, тескерисинче бар болгон маалыматты бузушат. Грассе бул чындыкты мындайча түшүндүргөн:

Мутациялар убакыт аралыгында абдан башаламан абалда пайда болот. Бири-бирин толуктай турган бир өзгөчөлүгү жок жана бири-бирин уланткан урпактар арасында белгилүү бир багытты көздөй кумулятивдик (барган сайын өскөн) бир таасирлери болбойт. Мурда эле бар болгон түзүлүштү өзгөртүшөт, бирок муну толугу менен башаламан абалда жасашат... Бир жандуунун денесинде кичинекей болсо да бир башаламандык пайда болгондо болсо мунун натыйжасы өлүм болот. Жашоо менен анархия (башаламандык) арасында эч кандай жакындык жок.[3]

Мына ушул себептен мутациялар Грассе айткандай, *«канчалык көп санда болсо да, эч кандай эволюция пайда кылышпайт.»* Мутациялардын таасирин жер титирөөгө окшоштурууга болот. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрүп, жакшыраак абалга алып келбегендей, тескерисинче аны кыйраткан сыяктуу эле, мутациялар да терс (зыяндуу) өзгөрүүлөргө себеп болушат. Демек эволюционисттердин мутацияларга таянган сөздөрү да толугу менен жараксыз.

Дарвинизмдин бардык жандуулардын бири-биринен келип чыккан пикирин кыйраткан далилдердин дагы бири – бул фоссил калдыктары. Мисалы эволюционисттер балыктардын деңиз жылдызчалары же деңиз курттары сыяктуу омурткасыз деңиз жандыктарынан эволюциялашып пайда болгонун айтышат. Андай болсо бул эки түрдүү жандуу тобу арасында баскыч баскыч бир эволюцияны камсыз кылган көп санда «ортоңку өткөөл форма» жашаган болушу керек. Т.а. балык өзгөчөлүктөрү менен деңиз жылдызчалары сыяктуу омурткасыз жандык өзгөчөлүктөрүнө бир эле учурда ээ болгон көп сандагы жандык түрүн фоссил калдыктарында жолуктурушубуз керек. Бирок чынында бүгүнкү күндө өтмүштө жашаган балыктар жана деңиз жылдызчаларына тиешелүү жүздөгөн фоссил табылганына карабастан, эволюционисттердин пикирин тастыктаган **бир даана да ортоңку өткөөл форма фоссили табылган жок**. Ортоңку формалардын жок болушу болсо **«эволюциянын эч качан болбогонун»** апачык көрсөтөт.

Лунд университетинен швед эволюционист ботаник профессор N. Heribert Nilsson (Н.Хериберт Нилссон) дарвинизмдин фоссил калдыктары тарабынан жеңилгенин мындайча мойнуна алат:

**Эволюцияны 40 жылдан ашуун уланган далилдөө аракеттерим аягында ийгиликсиздик менен аяктады...** Фоссил материалдары азыр ушунчалык толук. Жаңы класстарды пайда кылышы мүмкүн болгон жана өткөөл катарлардын табылбашын материал жетишсиздиги менен түшүндүрүүгө болбойт. **(Фоссил калдыктарындагы) боштуктар чындык, эч качан толуктала албайт.**[4]

Дарвинизм үстүртөн эле каралганда, жараксыз экени, чирик негиздерге таянганы ошол замат байкалат. Майда-чүйдөсүнө чейин каралганда, абал абдан так көрүнөт. (Эволюция теориясынын кыйрашы менен байланыштуу Харун Яхьянын башка эмгектерин караңыз. Harun Yahya, *Evrim Aldatmacası*, Araştırma Yayıncılık, Ekim 2005)

# ЭВОЛЮЦИЯ ТЕОРИЯСЫНЫН ТУҢГУЮКТА КАЛГАНЫН МОЙНУНА АЛГАН ИЛИМПОЗДОР

Эволюция теориясы жөнүндө теориянын куруучусу Чарльз Дарвиндин да абдан чоң шектенүүлөрү бар эле. Ч.Дарвин теориясынын жандуулардын пайда болушун түшүндүрө албастыгын байкап турган. Муну кээде эмгектеринин арасында, кээде каттарында мойнуна алган эле:

Окурман эмгегимдин *(Түрлөрдүн келип чыгышы)* бул бөлүмүнө жетүүдөн мурун бир катар кыйынчылыкка кабылат. **Булардын кээ бирлери бүгүнкү күнгө чейин үстүндө бир топко токтобостон ойлоно албаганымчалык даражада чиелешкен**.[5]

Теорияга карата багытталган туура каршы пикирлердин жана **теория кабылган кыйынчылыктардын оордугу астында жылдар бойу жана алардын оордугунан шектене албай турганчалык көп эзилдим.**[6]

**Спекуляцияларымдын жарактуу илимдин чектеринен бир топ алыстаганын** абдан жакшы билем.[7]

Чарльз Дарвинден кийин да эволюция теориясын тастыктай турган бир даана да илимий табылга таба албаган эволюционисттер чыга албай калган туңгуюк абалын көп жолу мойнуна алышты. Бирок булардын көпчүлүгү муну моюндарына алышканына карабастан, материализмден айрылгылары келбегендиктен чындыкты кабыл ала алышпады. Төмөндө дарвинизмдин жандуулардын пайда болушун түшүндүрө албашын мойнуна алган илимпоздордун кээ бирлеринин бир канча сөзүнө орун берилген. Көбүрөөк мисал үчүн *Evrimcilerin İtirafları* (Эволюционисттердин моюнга алуулары) аттуу китепти окусаңыздар болот. (Harun Yahya, *Evrimcilerin İtirafları*, Araştırma Yayıncılık, Ekim 2005)

**Др. Роберт Миликан (Dr. Robert Milikan - Нобель сыйлыгын алган бир эволюционист):**

Бул абал абдан өкүнүчтүү: Биз, илимпоздор, ушул күнгө чейин эч бир илимпоз далилдей албаган эволюцияны далилдөөгө аракет кылуудабыз.[8]

**Жерри Койн (Jerry Coyne - Чикаго университети Эволюция жана экология бөлүмүнөн):**

Нео-дарвинисттик көз-караш үчүн абдан аз далил бар экенин айтышыбыз керек: Бул көз-караштын теориялык негиздери жана эксперименталдык далилдери абдан алсыз.[9]

**Проф. Фред Хойл (Prof. Fred Hoyle - Кэмбридж университетинен англиялык математик жана астроном):**

Негизи, жашоонун акылдуу бир зат тарабынан жаратылганы ушунчалык апачык, адам бул апачык чындыктын эмне үчүн көпчүлүк тарабынан кабыл алынбаганына таң калат. Мунун (кабыл алынбашынын) себеби – илимий эмес, психологиялык.[10]

**Профессор Стефен Жей Гоулд (Stephen Jay Gould – Гарвард университетинде Геология жана палеоантропология профессору жана 20-кылымдын экинчи жарымындагы алдыңкы эволюционисттерден):**

Эгер бири-бири менен параллель бир абалда жашаган үч түрдүү хоминид (адам кейиптүү) сүрөтү бар болсо, анда биздин санжыра дарагыбызга эмне болду? Булардын биринин экинчисинен келбегени анык. Ал тургай, бири бири менен салыштырылганда эволюциялык бир өнүгүү тренди көрсөтпөөдө.[11]

**Д.Л. Стерн (D. L. Stern - эволюционист зоолог):**

Эволюциялык биологиянын эң эски маселелеринин бири кеңири масштабда чечилбеген бойдон турат. Кайсы мутациялар эволюциялык жактан пайдалуу болгон фенотип ар түрдүүлүгүн жарата алат? Булар кайсы түрдөгү молекулярдык өзгөрүүлөрдү талап кылат?[12]

**Б.Г. Ранганатхан (B. G. Ranganathan):**

Өтмүш фоссил калдыктарында эволюцияны далилдей турган ортоңку өткөөл формага тиешелүү органдары жарым пайда болгон бир жаныбар же өсүмдүк да, бүгүнкү күндө эволюциянын дагы эле уланганына ишарат кылган жарым өнүккөн бир жаныбар же өсүмдүк да табылган жок.[13]

**Др. Альберт Флейшман (Dr. Albert Fleischman - зоолог):**

Кыйрап бараткан Дарвиндин теориясы – табият ааламында далилдениши зарыл болгон жалгыз чындык эмес. Илимий изилдөөлөрдүн бир натыйжасы эмес, толугу менен кыялдануунун чыгармасы.[14]

**Норман Макбет (Norman Macbeth):**

Тилекке каршы, эволюция чөйрөсүндөгү түшүндүрмөлөрдүн көпчүлүгү жакшы эмес. Чынында буларды түшүндүрмө катары баалоо да абдан кыйын. Сунуш, алдын-ала сезимдер жана бош кыялдар, гипотеза деп атоо да туура эмес.[15]

## Дарвинизмге каршы жүргүзүлгөн илимий күрөштү көрмөксөн болбоо

Дарвинизмге каршы илимий күрөшүүдөн качынгандар дарвинисттик коркунучту толугу менен аңдай албаган сыяктуу, жүргүзүлгөн илимий күрөшкө да көз жумууга аракет кылышууда. Чынында болсо өзгөчө өлкөбүздө (Түркияда) акыркы 20 жылдан бери дарвинизмге каршы кеңири масштабда бир илимий күрөш жүргүзүлүүдө. Бул илимий күрөш дүйнөдө да таасирин көрсөтүүдө. Мисалы, эволюционист макалалары менен таанылган *National Geographic* журналынын 2004-жылдын ноябрь санында англисче жана немисче басылмасында "Was Darwin Wrong?" (Дарвин жаңылган беле?) темалуу сырткы бет кабары орун алган. Бул кабарда эволюция теориясынын жаңылыштыктарын ортого койгон адам жана топторго көңүл бурулган жеринде Харун Яхья жана анын эмгектери жөнүндө да сөз кылынган. Харун Яхьянын эмгектеринин дарвинисттик чөйрөлөрдө чоң тынчсыздануу жаратканын апачык ортого койгон бул кабарда төмөнкүдөй сөздөргө орун берилген:

Куранда билдирилгендей, ааламдын алты күндө жаратылганы айтылган *Evrim Aldatmacası* (Эволюция калпы) китебинин автору Ислам жаратылышчысы (креационисти) Харун Яхья эволюция теориясына мындай аныктама берет: Бул теория дүйнөлүк системаны башкарган күчтөр тарабынан бизге таңуулаганга аракет кылынган бир калптан башка нерсе эмес.

Дүйнөдө атагы чыккан *New Scientist* журналы болсо 2000-жылдын 22-апрелиндеги кабарында төмөнкү жоромолун жасаган:

Харун Яхья **эл аралык бир баатыр** абалына келди. Китептери Ислам дүйнөсүнүн төрт тарабына тарады.

Дагы бир атактуу илимий журнал *Science* 2001-жылдын 18-майындагы санында жарык көргөн Robert Koenig (Роберт Коениг) кол койгон жана "Creationism Take Root Where Europe, Asia Meet" (Европа менен Азия жолуккан жерде жаратылышчылык (креационизм) тамырлап жатат) аттуу макалада болсо Харун Яхьянын эволюция теориясынын алдамчылыктарына каршы жүргүзгөн илимий күрөшүнө, *Evrim Aldatmacası* аттуу китептин эл аралык ийгилигине жана Түркиядагы эволюционисттердин чарасыздыктарына кеңири орун берилген. Макалада эволюция теориясын илимий жактан кыйратууну максат кылган бул кеңири масштабдуу илимий **аракеттин «Түндүк Америкадан тышкары дүйнөнүн эң күчтүү эволюцияга каршы аракети»** экендиги жана **«башка Мусулман өлкөлөргө да ылдам жайылганы»** айтылган.

Бул макалада токтолгон дагы бир тема – бул *Evrim Aldatmacası* (Эволюция калпы) китебинин эл аралык ийгилиги жана кээ бир Түрк эволюционист илимпоздордун **«бул китептердин өлкөнүн кээ бир аймактарында мектептерде окутулган окуу китептеринен таасирдүүрөөк экендигинен арызданышы»**. Түрк эволюционисттердин тынчсыздануулары макалада **«...Бул жердеги көптөгөн (эволюционист) илимпоз эволюционисттердин эл көзүндө Түрк креационисттердин алдында кадыр-баркын жоготуусунан тынчсызданышууда»** сүйлөмү аркылуу орун алган.

Дарвинизмге каршы жүргүзүлгөн чоң илимий күрөштүн таасирин көрсөткөн дагы бир мисал Америка улуттук билим берүү борбору (NSCE) жарыялаган журналда жарык көргөн кабар. Америка илимдер академиясы тарабынан колдоо көргөн журнал түпкүрүндө эволюция тараптары болгонуна карабастан, 1999-ж. ноябрь-декабрь санын Харун Яхьянын эволюция теориясынын кыйрашы темасындагы эмгектерине арнаган. "Islamic Scientific Creationism in Turkey" (Түркияда Исламдык илимий жаратылышчылык (креационизм)) темасы менен сырткы бетте орун алган кабарда жасалган эмгектер терең анализ кылынган.

# ДАРВИНИЗМ КАНДАЙ КОРКУНУЧ?

Бүт ааламды жана жандууларды сокур кокустуктардын чыгармасы деп айткан дарвинизм – учурдун эң коркунучтуу идеологиясы. Материализм, коммунизм жана фашизм башында турган адамзатка балээ алып келген бардык зыяндуу идеологиялык агымдардын калп илимий таянычы болгон дарвинизм дээрлик 150 жылдан бери идеологиялык максат менен гана сакталууга аракет кылынууда.

Бирок дарвинизм жөнүндө жетиштүү маалыматка ээ болбогон же бул материалисттик идеология жөнүндө терең ойлонбогон адамдар дарвинизмдин кандай коркунуч экенин байкабаган болушу мүмкүн. Эволюция теориясы ортого коюлгандан бери социалдык жана ахлактык канчалык чоң балээлерге себеп болгонун билишпегендиктен, дарвинизм менен жүргүзүлгөн илимий күрөштүн канчалык маанилүү экенин түшүнө албаган болушу мүмкүн. Чындыгында болсо, Аллахтын бар жана жалгыз экенин, адамдардын Раббибиздин алдында жоопкерчиликтүү экендиги чындыгын жокко чыгарган дарвинисттик идеология адамдардын аң-сезимине «сокур кокустуктардын чыгармасы жана бир айбан түрүсүңөр» деген пикирлерди сиңирип, чоң кыйроолорго негиз даярдайт. Жашоону бир күрөш мекени катары кабыл алат, алсыздарды эзилиши жана жеңилиши керек болгон адамдар сыяктуу көргөзүп, бир гана күчтүүлөрдүн жашаарын айтат. Дал ушул себептен улам дарвинизм менен илимий күрөшүү абдан маанилүү жана эң зарыл. Бул күрөштү «керексиз» же «маанисиз» көрсөтүүгө аракет кылуу болсо абдан чоң катачылык.

Дарвинизм менен жүргүзүлгөн илимий күрөштүн маанисин түшүнгүсү келген адам бул теориянын эмнени жактаганын, анын тамырларын жана 150 жылдан бери адамзатка алып келген балээлерин терең анализдеши керек. Мындай изилдөө ал адамга эволюция теориясынын Аллахка болгон ыйманга толук карама-каршы экенин, Аллахка болгон ишеним менен эволюция теориясы арасында орто бир жол табуунун эч мүмкүн эмес экенин көрсөтөт. Мунун себеби дарвинизмдин материалисттик жана атеисттик тамырлары.

Дарвинизмдин пайда болушунун коомдук жашоого тескери таасирлери терең анализ кылынганда, дарвинизмден мурунку учур жана кийинки учур болуп эки түрдүү доордун жашалганы оңой эле байкалат. Дарвинизмден мурун материалисттик идеология алсыз болгон, элдердин көпчүлүгү тарабынан кабыл алынган эмес, анын таасири аз сандагы топтор менен гана чектелген. Адамдардын көпчүлүгү Аллах коркуусу жана Аллах сүйүүсүнө таянган ахлактык баалуулуктарга маани беришчү. Адамзат жана аалам кандайча пайда болгон суроосуна көпчүлүк «Аллах жаратты» деп жооп беришкен. Материалисттик-атеисттик көз-караштар коомдун көпчүлүгү тарабынан тескери реакцияга кабылган. Себеби бул чөйрөлөрдүн каапырчылыктарына таяныч боло турган бир теориялары жок эле. Бирок эволюция теориясынын ортого коюлушу менен көп нерсе өзгөргөн. Эволюция теориясы калп илимий таяныч катары адамдарга сунулуп, чындыкка эч коошпосо да жандуулардын пайда болушун түшүндүргөн бир теория катары таанытылган. Жасалма далилдер, тузактар, көз бойомочулуктар, бурмалоолор, алдамчылыктар жана демагогиялар сыяктуу көп тараптуу пропаганда ыкмалары аркылуу адамдардын аң-сезимине сиңирилген жана натыйжада көпчүлүк муну кабыл алган.

Дарвинизмдин алгач Англияда, кийинчерээк бүт Европа жана Америкада атеизмге көрсөткөн колдоосу Оксфорд университетинен Prof. Alister McGrath (проф. Алистер МакГрат) тарабынан мындайча баяндалат:

Чарльз Дарвиндин эволюция теориясынын Виктория университетинде акырын акырын кыймылдап баштаган ыйман кризисине от жакканы талашсыз чындык. **Батыш дүйнөсүн атеизмге багыттаган бир теория бар деп айтылчу болсо, ал эч шексиз Чарльз Дарвиндин Түрлөрдүн келип чыгышы китебинде ортого койгон теориясы...**[16]

Кийинки бөлүмдөрдө тереңирээк көрүлө тургандай, бүгүнкү күндө Россия, Кытай жана кээ бир Европа өлкөлөрү башында турган дүйнөнүн көп бөлүгүндө илим кыйраткан эволюция теориясы дагы эле өз таасирин улантууда, адамдардын дин ахлагынан алысташына себеп болууда.

Дарвинизмдин акылга жана илимге сыйбас калптары менен адамдар бала кезинен азап жана зулумдук менен натыйжалана турган бир жолго багытталышууда. Бүт дүйнөнүн мектеп, лицей жана университет жылдарында «адамдар бир айбан түрү», «коомдор арасында жунгли мыйзамдары өкүмчүлүк кылат», «чындык алсыздар тарапта болсо да күчтүүлөр дайыма аларды эзет», «жашоо күрөш» деген сыяктуу калптар менен алданган жаштар жашаган коомдорунда көптөгөн чоң маселелерге себеп болушууда. Адамзат сүйүүсүнөн алыс, заалым, зөөкүр, өзүмчүл, ахлактык баалуулуктарга маани бербеген урпактарды өстүргөн дарвинисттик системада көп өлкө өз жарандары тарабынан көп проблемаларга кабылууда. Хулигандар, нео-фашисттер, фашисттер, коммунисттер, анархисттер, террористтер бул өлкөлөрдү жашалбай турган абалга алып келүүдө, башкаруучулар болсо бул маселелердин кайдан келип жатканын абдан жакшы билип туруп, бул абалды оңоого күчтөрү жетпей жатат.

Чындыгында болсо чыныгы чара – бул маселенин булагын жок кылуу, т.а. дарвинизмди илимий тараптан таасирсиз кылуу. Себеби тажрыйба көрсөткөндөй, мыйзамдык жана аскердик чараларды гана жасоо жетиштүү эмес. Чалканды кесип койуу менен анын түгөнбөшүн унутпаш керек. Кесилген жерден мурдакыдан да койуу жана көп бутактуу болуп көбөйөт. Аны чечүү жолу – бул аны тамырынан жулуп ыргытуу. Учурда да көптөгөн коомдор башынан өткөрүп жаткан ахлактык жана коомдук маселелердин тамырында дарвинисттик пикирлер турат. Жана мындай дарвинисттик пикирлердин туура эмес экендиги далилденип көрсөтүлмөйүнчө, маселелер тамырынан чечилбейт.

## Жырткыч идеологиялардын тамырында дарвинизм бар

Дарвинизм менен Ислам дини арасында сөз жүзүндө бир орто жол табууга аракет кылган, өз ойлорунда бул бузуку теорияны Мусулмандаштырабыз деп ойлогондор теориянын адамзатка алып келген кыйроолорун байкамаксан болушат. Фашизм, коммунизм сыяктуу жырткыч идеологиялардын дарвинизм менен жашаганын көрмөксөн болушат. 20-кылымда жашалган согуштар, уруш-талаштар, анархия жана каргашалуу окуяларды караганыбызда дайыма дарвинизмди көрөбүз.

Эволюция теориясы ортого коюлгандан кыска убакыттан кийин биология жана палеонтология сыяктуу илим тармактарынан тышка чыгып, адамдар байланышынан тарыхтын жоромолдонушуна,

саясаттан коомдук жашоого чейинки көп тармактарда таасирдүү болуп баштаган. Өзгөчө дарвинизмдин «табият бир күрөш жана уруш-талаш мекени» деген калпы коомдор үчүн жоромолдонгондо, Гитлердин жогорку расаны түзүү бузукулугу, Маркстын *«Адамзат тарыхы – бул класстык күрөштүн тарыхы»* жаңылыштыгы, капитализмдин «күчтүүлөрдүн алсыздарды эзип, андан да күчөшүн» айтышы, үчүнчү дүйнө өлкөлөрүнүн империалисттик өлкөлөр тарабынан айоосуздук менен колония кылынып, эзилиши, ал өлкөлөрдөгү адамдардын адамгерчиликке сыйбаган мамилелерге кабылышы, негрлердин дагы эле расалык кол салуулар жана бөлүүчүлүккө кабылышы калп илимий негиз тапты. Адамдарды өз ойлорунда өнүккөн бир айбан түрү катары көргөндөр алсыздарды тебелеп жогору көтөрүлүүдөн, оорулуу жана алсыздарды жок кылуудан, башкача жана төмөн көргөн расаларды жок кылуу үчүн кыргындарды жасоодон тартынышкан эмес. Себеби илим маскасын кийген калп теориялары аларга бул нерселерди «табияттын бир мыйзамы» деп айтууда.

## Фашизмдин дарвинисттик негизи

## Фашизмдин негизги таянычы – дарвинизм. Себеби:

1) Дарвинизм расалык бөлүнүүчүлүктү туура, кадимки нерсе деп көрсөтөт: «Европалык ак раса – Азиялыктар, негрлер, Түрктөр сыяктуу кээ бир расаларга караганда жогору» деген калпты айткан жана, ушул себептен жогорку раса төмөнкү расаны ар кандай жол менен башкара алат деген.

2) Дарвинизм кан төгүүчүлүктү кадимки нерседей көрсөтөт: Табиятта абдан күчтүү бир «жашоо күрөшү» бар жана бул күрөш расалар арасында да, адамдар арасында да болот, ар бир расанын же адамдын өз кызыкчылыктары үчүн башкаларды «басмырлап, четке чыгарышы» табигый нерсе деп айткан.

Немецтик фашизм болсо – дарвинизмдин эң караңгы жүзүнүн бири.

Гитлер немец калкынын негизги элементин түзгөн Арий расасынын башка бардык расалардан өйдө экенине жана аларды башкарышы керек экендигине ишенген эле. Арий расасынын жакында миң жылдык бир дүйнө императордугу кураарын кыялданган эле. Гитлердин мындай фашисттик теорияларынын калп илимий таянычы болсо – Дарвиндин эволюция теориясы эле. *«Урушум»* деген атактуу китебинин атын Дарвин табиятта өкүм сүрөт деген «жашоо күрөшү» жаңылыштыгынан таасирленип койгон эле. Гитлер да, Дарвин сыяктуу, өз оюнда Европалык эмес расаларды маймылдарга теңеген жана мындай деген эле: «Түндүк Европа немецтерин адамзат тарыхынан чыгарып карасаңар, анда маймыл бийинен башка эч нерсе көрбөйсүңөр».[17]

Гитлер 1933-жылы Нюрнберг чогулушунда «Жогорку раса төмөнкү расаларды башкараарын, мунун табиятта байкалган бир чындык экенин жана жалгыз логикага сыйган чындык экенин» айтты.[18] Өз оюнда Арий расасынын жогорулугуна ишенген Гитлер бул расанын жогорулугу табият тарабынан берилди деп айткан эле. Фашисттик кыймылдын түпкү максаты да ушул эле. Бул максатка жетүү үчүн алгачкы кадам төмөнкү расаларды жогорку раса деп ишенген Арий расасынан бөлүү, изоляция кылуу эле. Фашисттер ушул максатта дарвинизмди ишке ашырышты жана кайра эле дарвинизмге таянган «евгеника теориясын» ишке ашырып баштashты.

## Дарвинизм

## евгеника кыргынын колдойт жана тастыктайт

20-кылымдын алгачкы жарымында көп санда колдоочулар топтогон евгеника теориясы майып жана оорулуу адамдардын жок кылынып тазаланышы жана ден-соолугу чың адамдардын көбөйтүлүшү жолу менен бир адам расасынын «жакшыртылышы» маанисине келет эле. Евгеника теориясынын бузуку пикири боюнча ден-соолуктуу айбандар бири-бирине жупталып жакшы айбан түрлөрү алынган сыяктуу, бир адам расасын да жакшыртууга болот эле. Евгеника теориясын чыгарган адамдар албетте дарвинисттер эле. Англиядагы евгеника агымынын баштоочулары Чарльз Дарвиндин жээни Францис Галтон (Francis Galton) жана уулу Леонард Дарвин (Leonard Darwin) эле. Евгеника пикиринин дарвинизмдин натыйжасы экени айдан ачык эле. Евгеника түшүнүгүн жактаган макалаларда бул чындыкка өзгөчө басым жасалып, «Евгеника – бул адамдын өз эволюциясын өзүнүн башкарышы» деп айтылчу эле.

Евгениканы Германияда эң алгач кабыл алган жана жайган адам болсо эволюционист биолог Эрнст Гегель (Earnst Haeckel) болгон. Гегель – Дарвиндин жакын досу жана колдоочусу эле. Жаңы төрөлгөн майып бөбөктөрдүн ылдам өлтүрүлүшүн, натыйжада коомдун эволюциясынын ылдамдатылышын сунуштаган. Заалымдыкта андан да алдыга кетип, проказа, рак менен ооругандарды жана акыл оорулууларын да өлтүрүү керек, болбосо бул адамдар коомго жүк болот жана эволюцияны жайлатат деген пикирди жактаган. Гегель 1919-жылы өлдү. Бирок пикирлери немец фашисттерге мурас калды. Гитлер бийликке келгенден кийин көп өтпөстөн расмий бир евгеника саясатын баштады. Гитлердин бул жаңы саясатын төмөнкү сөздөрү кыскача баяндайт:

Мамлекет үчүн мээ жана денени окутуунун маанилүү бир орду бар, бирок адамдарды тандоо да ошончолук даражада маанилүү. Мамлекеттин генетикалык оорулуу же ачык оорулуу болгон адамдардын көбөйүү үчүн ылайыксыз экенин баяндоо милдети бар... Жана бул милдетти **эч кандай көңүлчөөктүк кылбастан жана башкалардын да түшүнүктүүлүк көрсөтүшүн күтпөстөн айоосуздук менен ишке ашырышы керек...** 600 жылдык бир убакыт периоду боюнча **денеси майып болгон же физикалык жактан оорулуу болгон адамдардын көбөйүшүн токтотуу... адамдын ден-соолугунда учурда жетишиле албаган бир өнүгүүгө алып келет.** Эгер расанын эң ден-соолугу чың болгон мүчөлөрү пландуу бир жол менен көбөйүшсө, натыйжада бүгүнкү күндө дагы эле биз ташыган руханий да, дене тарабынан да бузук уруктар болбогон... бир раса куралат.[19]

Гитлердин мындай айоосуз саясатынын негизинде немец коомундагы акыл оорулуулары, майыптар, тубаса сокурлар жана генетикалык оорулуулар атайын «стерилизация (тазалоо) борборлорунда» чогултулушту. Бул адамдарга немец расасынын тазалыгын жана эволюциялык алдыга жылышын бузган бир паразиттер сыяктуу мамиле кылынган. Бир убакыт өткөндөн кийин коомдон бөлүнгөн бул адамдар **Гитлерден келген жашыруун буйрукка ылайык өлтүрүлүп башталды.**

Чынында 20-кылымда сансыз балээ алып келген негизги себеп – Гитлер жана фашисттер сыяктуу динсиздердин айоосуз кыялдары эле. Аллахтын бар экенин жокко чыгарган жана адамдар эволюциялашып өнүккөн айбандар деген жалганга ишенген бул адамдар өздөрүн башы бош, эч кимдин алдында жоопкерчилиги жок жандыктар катары көрүшкөн эле. Аллахтан жана акыреттен

коркушпагандыктан, чеги жок ахлаксыздык жана заалымдыкка барышып, миллиондогон адамдардын жанын ушул себептен айоосуздук менен кыйышкан.

## **Фашист Муссолиниден дарвинисттик кыргын**

Эволюция теориясынын фашизмге көрсөткөн колдоосу Германия жана Гитлер менен чектелген жок. Гитлер дарвинизмди колдонуп, саясатын аныктаган сыяктуу, анын замандашы жана досу Бенито Муссолини да Италияны империалисттик жана фашисттик негиздерге таяндыруу үчүн дарвинисттик түшүнүктөрдөн жана догмалардан пайдаланды. Зөөкүрдүктүн тарыхта түртүүчү күч экенине жана согуштун төңкөрүш алып келээрине ишенген Муссолини толугу менен бир дарвинист эле. Императордугунун алсызданышын «Эволюциянын эң маанилүү түрткүчү болгон согуштан качууга аракет кылуу» менен байланыштырган эле.[20]

Башка дарвинист-фашисттер сыяктуу Муссолининин да согушчу, зөөкүр, диктатордук саясаттары көптөгөн адамдардын өлтүрүлүшүнө, үйсүз, үй-бүлөсүз калышына жана өлкөнүн талкаланышына себеп болду. «Кара көйнөкчөндөр» деп атаган ар түрдүү зөөкүрдүк жана заалымдыкты жасаган жарым аскердик биримдиктерди түздү. Кара көйнөкчөндөр аркылуу өз өлкөсүндө эле эмес, башка өлкөлөрдө да зөөкүрдүк жана диктатордук жасады. 1935-жылы Эфиопияны басып алып, 1941-жылга чейин 15 миң адамды өлтүрттүрдү. Эфиопиянын басып алынышын дарвинизмдин расаларга бөлүүчүлүк көз-караштарына таяп, өз оюнда кадимки нерседей көрсөтүп эле тим болгон жок. Муссолининин бузуку көз-карашы боюнча, Эфиопиялыктар кара расадан болгону үчүн төмөн адамдар эле жана Италиялыктар сыяктуу жогорку бир раса тарабынан башкарылуу алар үчүн бир кадыр-барк болушу керек эле. Башка тараптан, 1911-жылдын 3-октябрында Италиянын Ливияны басып алышы менен башталган жана Мусулмандарга карата жүргүзүлгөн зулумдукту улантты, ал тургай Мусулмандарга болгон кол салууларды андан да күчөттү. Басып алуулар Муссолининин өлүмү менен гана, 1947-жылы 10-февральда түзүлгөн бир келишим менен токтоду. Бул мөөнөт ичинде 1,5 миллион Мусулман айоосуздук менен өлтүрүлдү, жүз миңдегени жаракат алды.

Гитлер жана Муссолини мисалдарында көрүлгөндөй, чындыктын күчтүүлөр жана заалымдар тарабында экени, алардын өйдө экени, кара күчтү, зөөкүрдүктү, кол салууну жана согушту өнүгүүнүн жана ийгиликтин жалгыз жолу катары көргөн фашизм Дарвиндин «Күчтүү жашайт, алсыздар өлөт, жашоо үчүн айоосуз күрөш керек» деген калптарынын ишке ашыруу мисалы эле жана миллиондогон адамга азап көрсөтүлүшүнө себеп болду.

## **Миллиондор өмүрүнөн ажыраган Экинчи дүйнөлүк согуш – Дарвинизмдин натыйжасы**

Фашист идеологдор дарвинизмден алган илхамы менен согушту да өз ойлорунда бир зарылдык катары көрүшкөн эле. Жана бул догма менен экинчи дүйнөлүк согушту башташып, өз элдерине да, дүйнөнүн башка адамдарына да ар түрдүү азаптарды таттырышты. Бул тараптан экинчи дүйнөлүк согушта жашалган азаптардын негизги жоопкерлери арасында Чарльз Дарвиндин да бар

экенин айтуу абдан туура болот. Профессор, илим доктору Jerry Bergman (Жерри Бергман) дарвинизмдин экинчи дүйнөлүк согушка таасири жөнүндө мындай дейт:

Дарвинисттик пикирлердин Германиянын ой-пикир системасына жана ишке ашырылышына абдан чоң таасирлери болгонун көрсөткөн далилдер абдан ачык... **Чынында дарвинисттик пикирлердин экинчи дүйнөлүк согуштун чыгышы, 40 миллион адамдын өлүмү жана дээрлик 6 триллион доллардык чыгымга абдан чоң бир таасири болгон эле.** Эволюциянын чындык экенине так ишенген Гитлер өзүн адамзаттын заманбап куткаруучусу катары көргөн эле... Өйдөрөөк бир раса «өндүргөнү үчүн», дүйнө Гитлерге адамзатты эволюциянын андан да өйдөңкү баскычына чыгарган адам катары карамак.[21]

Албетте Дарвин теориясын чыгаргандан мурун да дүйнөдө көп санда согуш болгон. Бирок эволюция теориясынын таасири менен согуш алгачкы жолу илим тарабынан жасалма тастыкталып, колдоо алган эле. Max Nordau (Макс Нордау) Америкада көпчүлүктүн көңүлүн бурган "The Philosophy and Morals of War" (Согуштун философиясы жана ахлагы) аттуу макаласында Дарвиндин согуш темасындагы жаман ролуна мындайча көңүл бурган:

**Бардык согуш тараптарларынын эң жогорку авторитети (адамы) – бул Дарвин.** Эволюция теориясы жарыя кылынгандан бери табигый варварлыктарын Дарвин аты менен жаап, ээ болгон заалым сезимдерин илимдин акыркы сөзү деп айтышууда.[22]

Дарвинизм согуш менен аяктай турган ар түрдүү пикирди жана калп илимий негизди даярдаган жана согушту адамзаттын өнүгүшүнүн жалгыз шарты катары көргөн деспоттор миллиондогон адамдын өлтүрүлүшүнө себеп болушкан. Дарвинизм негиз түзгөн зөөкүрдүктөр тарыхчылар тарабынан да, социологдор тарабынан да, ошондой эле эволюционисттер тарабынан да ачык айтылып жатканда, тынчтык, сүйүү жана толеранттуулук дини болгон Ислам менен дарвинизмди байланыштырууга аракет кылуунун абдан чоң жаңылыштык экени анык. Мусулмандар мындай жаңылыштыкка кабылуудан абдан качынышы керек жана күнөөсүз адамдардын айоосуздук менен өлтүрүлүшүн өз оюнда кадимки нерседей көрсөткөн бир идеологияга каршы ачык жана так илимий күрөш жүргүзүүдөн тартынбашы зарыл.

# УЧУРДАГЫ ДАРВИНИЗМДИН ИШКЕ АШЫРУУЧУЛАРЫ:

## Нео-фашисттер

Гитлер, Муссолини сыяктуу фашист лидерлер жана аларга тиешелүү фашисттик уюмдары (SA, SS, Gestapo ж.б.) же Муссолининин «Кара көйнөкчөндөрү» учурда тарыхка көмүлгөндөй көрүнсө да, алардын пикирлерин уланткан нео-фашисттик уюмдар дагы эле аракетин улантышууда. Мындай аракеттердин эң башында болсо Германиядагы нео-фашисттер турат. Нео-фашисттер бекерпоз көчө кыдырмайлардан, наркомандардан, кылмышкер рухтуу адамдардан куралган жана алар фашисттик кыялдын бардык өзгөчөлүктөрүнө ээ.

Нео-фашисттер да Гитлер жана башка фашисттер сыяктуу дарвинисттик түшүнүктү көңүлдөрүнө сиңиришкен. Фашизм жана расалык бөлүнүү пропагандасы максатында даярдалган интернет барактарында Дарвиндин сөздөрү жана Дарвинге арнаган мактоолору орун алган.

Интернет барактарында дарвинизм кабыл алынышы керек болгон бир теория деген догманы айтышат.

Дарвиндин жана Гитлер сыяктуу фашисттердин мурасчылары болгон бул топтор кол салууларын жана киши өлтүрүүлөрүн дагы эле улантышууда. Мындай адамдыкка эч жатпаган кылмыштык аракеттерди жазалоо аркылуу чечүү эч мүмкүн болбой келүүдө. Бул зулумдукту тамырынан токтотуунун жолу соттоо-жазалоо чаралары менен бирге олуттуу бир илимий күрөш жүргүзүү. Расалык бөлүнүүчүлүктү бир табият мыйзамы катары көргөн бул адамдардын кылган зулумдуктары, дарвинизм илимий тараптан кыйратылмайынча, токтобойт.

## Коммунист лидерлер үчүн дарвинизм – мамлекеттин бир саясаты

20-кылымда адамзатка эң көп зыян алып келген идеология шексиз коммунизм эле. Карл Маркс жана Фридрих Энгельс аттуу эки немец философ тарабынан 19-кылымда тарыхый чокусуна жеткен коммунизм дүйнө жүзүндө фашисттер жана империалист өлкөлөр жасаган геноциддерди да артка калтыраарлык деңгээлде көп кан төктү. Күнөөсүз адамдардын жанын кыйды, адамдар арасында паника, коркуу жана үмүтсүздүктү жайды. Коммунизм 1991-жылы жыгылды деп кабыл алынса да, артындагы калдыктары дагы эле уланууда. Бүгүнкү күндө дагы эле коммунизм жана марксизмдин караңгы жүзү жана адамдарды дин ахлагынан алыстаткан материалисттик философиясы бир убактарда коммунизм өкүмчүлүк кылган коомдордогу таасирин улантууда.

20-кылымда дүйнөнүн төрт тарабында террор жайган бул идеология түпкүрүндө байыркы кылымдардан бери бар болгон бир көз-караштты чагылдырат. Бул пикир материалист, т.а. затты баалуу жалгыз нерсе катары көргөн философия эле. Коммунизм бул философия үстүнө курулуп, 19-кылымда дүйнөгө жайылды. Коммунизмдин пикир бабалары Маркс жана Энгельс материалисттик философияны «диалектика» деп аталган жаңы бир ыкма менен түшүндүрүүгө аракет кылышты. Диалектика – ааламдагы бүт өзгөрүү, өнүгүү күрөш натыйжасында болду деген гипотеза эле. Маркс жана Энгельс бул гипотезага таянып, бүт дүйнө тарыхын жоромолдоого киришишти. Маркс адамзат тарыхынын бир күрөштөн гана тураарын, учурдагы күрөштүн жумушчулар жана капиталисттер арасында болуп жатканын жана жакында жумушчулардын көтөрүлүш жасап, коммунисттик бир революция кылышаарын айткан.

Коммунизмдин эки куруучусунун эң белгилүү өзгөчөлүктөрү болсо – бүт материалисттер сыяктуу Аллахка болгон ыйманга абдан душман болушу эле. Экөөсү тең нагыз атеист болгон Маркс жана Энгельс диний ишенимдердин жок кылынышын коммунизм үчүн зарыл шарт катары көрүшкөн эле. Бирок Маркстын жана Энгельстин маанилүү бир кемчилиги бар эле; көбүрөөк адамдарга таасир бере алуу үчүн идеологияларына илимий түс бериши керек эле. Ошентип 20-кылымда жашалган азаптарга, хаоско, жалпылай кыргындарга, бир тууганды бир тууганга өлтүрткөн иш-аракеттерге жана бөлүнүүчүлүккө кол койгон коркунучтуу биримдик ушул жерде ортого чыкты. Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде айткан негизги догмалары Маркс жана Энгельс издеген сөздөр эле. Дарвин жандуулардын «жашоо күрөшү» натыйжасында, т.а. «диалектикалык бир күрөш» менен пайда болгонун жактап жаткан. Болгондо да, жаратылууну

жокко чыгарып, диний ишенимдерди жокко чыгарган эле. Бул Макрс жана Энгельс үчүн колдон чыгарылбас бир мүмкүнчүлүк эле.

Дарвинизм коммунизм үчүн ушунчалык маанилүү болгондуктан, Энгельс Дарвиндин китеби чыгып чыкпас Маркска мындай деп жазды: **«Азыр китебин окуп жаткан Дарвин жалгыз бир сөзү менен керемет».**[23] Маркс болсо 1860-жылы 19-декабрда Энгельске жазган жообунда мындай деген: **«Биздин көз-караштарыбыздын табигый тарыхый негизин камтыган (түзгөн) китеп – дал ушул.»**[24] Маркс дагы бир социалист досу Ласальга (Lasalle) 1861-жылдын 16-январында жазган катында болсо **«Дарвиндин эмгеги улуу эмгек. Тарыхтагы класстар аралык күрөштүн табигый илимдер тарабынан негизин түзөт.»**[25] деп айтуу менен эволюция теориясынын коммунизм үчүн маанисин баяндаган эле.

Маркс Дарвинге болгон симпатиясын, урматын болсо эң маанилүү чыгармасы болгон *Капиталды (Das Kapital)* Дарвинге арноо аркылуу көрсөткөн эле. Китептин немец тилиндеги басмасында кол жазма менен мындай деп жазган эле: **«Чарльз Дарвинге, чыныгы бир күйөрманы болгон Карл Маркстан».**[26]

Энгельс да Дарвинге болгон күйөрмандыгын бир жерде мындай деп баяндаган эле:

Табият метафизикалык эмес, диалектикалык кыймылдайт. **Бул багытта эң биринчи Чарльз Дарвиндин аты эскерилиши керек.**[27]

Энгельс Дарвинди Маркска теңеп, өз оюнда мактаган жана «Дарвин органикалык табияттагы эволюция мыйзамын тапкан сыяктуу, Маркс адамзаттын тарыхындагы эволюция мыйзамын тапты» деп айткан эле.[28] Марксизм-дарвинизм байланышы – учурда бүт адамдар тарабынан кабыл алынган айдан ачык бир чындык. Карл Маркстын жашоосун баяндаган китептерде да бул байланыш сөзсүз баса айтылат. Мисалы, Карл Маркс өмүр баянында бул байланыш мындайча сүрөттөлөт:

Дарвинизм марксисттик философияны колдогон, чындык экенин далилдеген жана өнүктүргөн бир катар чындыкты сунду. Дарвинисттик эволюциялык пикирлердин жайылышы коомдо марксист пикирлердин жумушчу калк тарабынан толук аңдап-түшүнүлүшү үчүн натыйжалуу негиз жаратты... Маркс, Энгельс жана Ленин Дарвиндин ойлоруна абдан маани беришкен жана ал пикирлердин чоң илимий маанисине ишарат кылышты, натыйжада бул пикирлердин жайылышына ылдамдык кошушту.[29]

Тарыхтын эң бузуку киши өлтүргүчтөрүнүн бири болгон Мао да нагыз дарвинист эле. Маонун буйругу менен 10 миллионго жакын адам түздөн-түз өлтүрүлдү, ага баш ийбеген 20 миллионго жакын адам болсо түрмөлөрдө өлүштү. Мао курган мындай системасынын философиялык таянычын болсо **«Кытай социализминин негизи Дарвинге жана эволюция теориясына таянууда»** деп ачык баса белгилеген эле.[30] Бир марксист, атеист жана эволюционист болгон Мао «алдын көздөй чоң атылуу» деп атаган аракеттин окуу материалдарынын Чарльз Дарвиндин чыгармалары жана ошондой эле эволюция теориясын колдогон башка материалдар болоорун буйрук кылган.[31] Кытай коммунисттери 1950-жылдары бийликке келишкенде, эволюция теориясын идеологияларынын негизи катары алышты. Ал тургай Кытай интелектуалдар эволюция теориясын мурдатан эле кабыл алышкан эле:

19-кылымда Батыш өлкөлөр Кытайды изоляция болгон жана байыркы адат-салттарын уланткан бир уктап жаткан дөө катары көрүшчү. Абдан аз европалык **Кытай интелектуалдардын**

**Дарвиндин эволюция теориясын жакшы көрүү менен кабыл алгандарын жана өзгөрүү үчүн үмүт убада кылганын аңдашканын түшүнүштү. Кытай жазуучу Ху Шихтин (Hu Shih) ою боюнча, 1898-жылы Томас Хукслейдин (Thomas Huxley) *Эволюция жана этика* китеби чыкканда, Кытайлык интелектуалдар тарабынан ылдам тастыкталды. Бай адамдар арзан Кытай басмаларына спонсорлук кылышты, натыйжада көп адамдарга кеңири таралды.**[32]

Бүт бул маалыматтар дарвинизм алдында пассивдүү жана алсыз бир жол тандаган, бул бузуку теория менен жүргүзүлгөн илимий күрөштү керексиз деп ойлогон же байкамаксан болгондордун канчалык чоң бир жаңылыштык ичинде экенин дагы бир жолу көрсөтүүдө. Дарвинизмди өз ойлорунда зыянсыз илимий бир теория катары көргөндөр алдыларында коммунисттик идеологиянын негизги таяныч чекити болгон, бардык марксист идеологдор болгон күчү менен колдогон бир теория турганын унутпашы керек. Марксист, ленинист жана маочу макалалар жана лидерлер оозунан түшүрбөгөн, жашоонун бүт тарабында ишке ашырууга аракет кылынган эволюция теориясын Ислам менен байланыштырууга аракет кылгандар өздөрүнүн канчалык чоң алдануу ичинде калганын байкашы үчүн бул теориянын чыныгы жүзүнө көз жумбашы керек.

## Дарвинисттик коммунизмдин кандуу жыйынтыгы

Дарвинист-материалист көз-караашты кабыл алган террористтер «алгачкы аталарыбыз» деп ойлогон айбандар сыяктуу тоолорго чыгышты, үңкүрлөрдө абдан жаман шарттарда жашашты. Эч ойлонбостон адам өлтүрүүгө барышты, бөбөктөрдүн, улгайгандардын, күнөөсүздөрдүн жандарын кыйышты. Өздөрүн жана башка адамдарды Аллах жараткан, рухка, акылга, абийирге жана аң-сезимге ээ жандыктар катары көрүшпөгөндүктөн, бири-бирине айбандардай мамиле кылышты. Коммунизмдин кандуу жыйынтыгы *Komünizmin Kara Kitabı* (Коммунизмдин кара китеби) аттуу эмгекте мындайча жыйынтыкталган:

| | |
|---|---|
| СССР | 20 миллион адамдын өлүмү |
| Кытай | 65 миллион өлүм |
| Вьетнам | 1 миллион өлүм |
| Түндүк Корея | 2 миллион өлүм |
| Камбоджа | 2 миллион өлүм |
| Чыгыш Европа | 1 миллион өлүм |
| Латын Америка | 150 миң өлүм |
| Африка | 1,7 миллион өлүм |
| Афганистан | 1,5 миллион өлүм |
| Эл аралык коммунисттик кыймыл жана бийликте болбогон коммунисттик партиялар | 10000 тегерегинде өлүм |

Жалпы өлгөндөрдүн саны 100 миллионго жакындоодо.»[33]

Коммунизм жана материализмдин дин душмандыгы болсо большевик революциясы учурунда жана андан кийин абдан күчтүү абалда өзүн көрсөттү. Сталин жыктырган ондогон чиркөө жана мечит коммунизмдин дин душмандыгынын бир гана көрсөткүчү эле. Коомдун көп бөлүгү динге ишенген адамдар болгонуна карабастан, адамдардын ибадаттарын аткарышына тоскоолдук кылынчу. Христиандар чиркөөгө барган жекшемби күнүнө тоскоол болуу үчүн орток эс алуу күнү

түшүнүгү жоюлду. Бүт баары беш күн иштеп, ар кайсы бир күн эс алмак. 1936-жылына келгенде, мечиттердин 65%ы, чиркөөлөрдүн 70%ы өрттөлүп, кыйратылган эле. Албаниянын коммунист лидери жана атеисттиги менен таанылган Энвер Хожа 1967-жылы Албанияны дүйнөнүн алгачкы динсиз өлкөсү деп атады. Диний кызматкерлер себепсиз камалышты, кээ бирлери камоого алынган жерден өлтүрүлдү. 1948-жылы эки епископ жана 5000 дин кызматкерине ок жаадырылды. Ушул сыяктуу Мусулмандар да өлтүрүлгөн. Өлкөнүн *Nendori* гезити 327си католик чиркөөсү болгон, жалпысы 2 миң 169 мечит жана чиркөөнүн жабылганын жарыялады.

Учурда диалектикалык материализм жана коммунизм көрүнүштө чөккөн сыяктуу. Бирок бул бир көз бойомочулук. Себеби бул пикир ар түрдүү аттарды жамынып дүйнөнүн көп өлкөсүндө тымызын аракет кылууда, ал тургай Түркияда бөлүүчү терроризмди түздөн-түз уюштурууда. Ошондуктан, материализмдин тымызын аракет кылып жатышы абийирдүү жана акылдуу адамдарды жалкоолукка түртпөшү керек. Бул коркунучтуу идеологиялар менен жана бул идеологиялардын колдоочусу болгон дарвинизм менен илимий күрөшүү шарт.

## Дарвинизм жырткычтыкты өз оюнда туура көргөн адамдарды өстүрөт

Коммунизм да, фашизм да адамзаттын душманы. Өрттөп кыйратууну, адамдарга коркуу, паника, коркунуч, азап алып келүүнү, өз өлкөсүнүн аскерине, милициясына кол салууну, күнөөсүздөрдү эч ойлонбостон өлтүрүүнү буйрук кылат. Фашисттик да, коммунисттик да режим жана уюмдарда орток бир психология өкүмчүлүк кылат: бул системада адамгерчилик сезимдер, айоо, ынсап кылуу, абийир сыяктуу сезимдер толугу менен жок кылынат. Адамзат коомдору жырткыч айбандар жашоо жана тамактануу үчүн согушкан бири-бирин өлтүрүү ареналарына айландырылат. Жырткыч бир айбан тамак жана жашоого ыңгайлуу орунга жетүү үчүн өз түрүндөгү айбандар менен күчтүү күрөшкө кирген сыяктуу, адамдардын да ушул «айбандар» сыяктуу мамиле кылышы туура деп көрсөтүлөт. Себеби Дарвиндин догмасы аларга түпкүрүндө алардын айбан экенин жана айбандар жашоо үчүн күрөшкөн сыяктуу алардын да күрөшүшү керек экенин үйрөтүүдө.

P.J. Darlington (П.Ж. Дарлингтон), бир эволюционист катары, *Evolution For Naturalists* (Натуралисттер үчүн эволюция) аттуу китебинде жырткычтыктын эволюция теориясынын бир натыйжасы экендиги жана ал тургай мунун туура нерсе катары кабыл алынышы керек экендиги жөнүндөгү батыл (негизсиз) ишенимин мындайча мойнуна алат:

Биринчи нерсе өзүмчүлдүк жана жырткычтык ичибиздеги табигый бир нерсе, эң алыскы атабыздан бизге мураска калган... Анда **жырткычтык адамдар үчүн кадимки көрүнүш; эволюциянын бир натыйжасы.**[34]

Бир эволюционисттин бул сөзү көрсөткөндөй, Дарвиндин эволюция теориясын жол көрсөтүүчү катары кабыл алган идеологиялардын башка адамдарды айбан катары кабылдашы, аларга айбандарга ылайыктуу мамиле жасашы, аларга зулумдук кылышы өз ойлорунда толугу менен табигый көрүнүш. Себеби бул адам дарвинисттик идеологияны кабыл алуу менен бир Жаратуучубуз бар экенин, өзүнүн жер бетинде жашоо максатын жана акыретте дүйнөдө кылгандары үчүн

Аллахтын алдында жооп берээрин унутат. Мунун натыйжасында Аллах коркуусу жоголгон бүт адамдар сыяктуу, жалаң гана өз кызыкчылыктарын ойлогон бир өзүмчүл, айоосуз бир заалым, ал тургай кутурган бир киши өлтүргүч абалына келет.

Жаштарын дарвинист жана материалист идеология менен чоңойткон кээ бир Батыш улуттар 150 жылдан бери «коммунист», «фашист» же «нео-нацист» катары таанылган зөөкүр жана таш боор адамдарды көбөйтүүдө. Кийин өздөрү чоңойткон бул кылмыш машиналарынын кан төгүшүнө, мамлекетине жана улутуна душман болушуна тоскоол боло албай келишет. Бул өлкөлөрдүн эң чоң катасы – бул алардын алгач дарвинисттик билим берүү менен бул кылмыш машиналарын өндүрүп, кийин аларды кантип токтотоорун ойлонуп, чарасыздык менен жолдор издеши.

Чынында болсо эң туура жол апачык белгилүү: дарвинизмдин илимий күрөш жолу менен кыйратылышы. Мунун жолу болсо дарвинисттик билим берүүнү токтотуу, адамдарга жоопкерчиликсиз бир айбан эмес экенин, Аллах жараткан, рух ээси, акыретте кылгандарынан жооп бере турган жандыктар экенин түшүндүрүү.

Зыяндуу идеологиялардын тамыры болгон дарвинизмдин илимий чөктүрүлүшү менен ортодо бир гана чындык калат. Ал – бүт адамдарды жана ааламды Аллах жаратkандыгы жөнүндөгү чындык. Муну түшүнгөн адамдар чын көңүлдөн дин ахлагына багытталышат. Адамдардын дин ахлагына багытталышы менен, жер бетиндеги азаптар, кыйынчылыктар, киши өлтүрүүлөр, балээлер, адилетсиздиктер, жакырчылыктар жоголуп, сабаттуулук, бейпилдик, байлык, береке, ден-соолук келет. Бул үчүн болсо батыл (негизсиз) болгон, адамзатка зыян алып келген бүт пикирлердин чындык болгон, адамзатка сонун жашоо алып келе турган пикирлер менен кыйратылышы жана жеңилиши зарыл. Ташка таш ыргытуу, таякка таяк менен жооп берүү, зөөкүргө зөөкүр мамиле кылуу маселени чечпейт. Мындан чыгуу жолу буларды кылгандарды илимий кыйратуу жана ордуна коюлушу керек болгон жалгыз чындыкты сабыр жана мыкты жол менен түшүндүрүү.

Уруш-талаш, анархия, террор, көтөрүлүш, каргаша, зулум, жырткычтык, таш боордук жана күнөөсүздөрдү эзүүнү жашоонун качып кутулгус чындыктары деп ойлогондор жаңылышууда. Адамдар арасында табигый нерсе – бул тынчтык, бейпилдик, ишеним, бир туугандык, достук, ак жүрөктүүлүк, толеранттуулук, боорукердик, түшүнүктүүлүк, урмат-сый өкүмчүлүк кылган чөйрөлөр. Мындай чөйрөгө дарвинизмди илимий кыйратуу жана дин ахлагын өкүмдар кылуу менен гана жетишүүгө болот.

## Ахлактык бузулуу – жашоого болгон дарвинисттик көз-караштын бир натыйжасы

Дарвинизмдин дүйнөгө болгон таасирине маани бербеген же байкамаксан болгондор адамдардын дин ахлагынан алыстап, динсиздикке багытталышынын чыныгы себебин да байкашпайт. Чындыгында болсо дарвинизм адамзатка алып келген эң чоң балээ – бул, эч шексиз, адамдарды динсиздикке түртүшү. Себеби дин ахлагынан алыстаган коомдордо кыска мөөнөттө күчтүү бир ахлактык жана руханий чөгүү болот. Учурдагы коомдордо да бул абалдын мисалдары байкалат.

Бүгүнкү күндө дарвинизмди толук түшүнүп туруп жактаган адамдардын саны өтө көп эмес. Бирок бул аз адамдар тобу коомдук жашоого дээрлик бүт тараптан багыт берген адамдар жана өз

дүйнө көз-караштарын көп адамдардын аң-сезимине сиңирүү мүмкүнчүлүктөрү бар. Мисалы, университет мугалимдеринин, кино режиссерлордун көпчүлүгү, дүйнөдө таанылган басмакана, гезит жана журналдардын редакторлору жана жазуучуларынын басымдуу бөлүгү – материалист жана дарвинист. Ошондуктан бул адамдардын сөзү, үнү жеткен адамдар да алардын пикирлерине сугарылышып, алардын эволюционист жана дин ахлагына туура келбеген көз-караштарын кабыл алышууда. Натыйжада мындай негизсиз, далилсиз пикирлер көпчүлүк тарабынан кабыл алынган коомдор пайда болууда.

Дарвинисттердин коомдук жашоодогу мындай кеңири жайылган өкүмдарлыгы адамдарга күчтүү бир «гипноздой» таасир жаратууда. Өзгөчө жаштар дарвинисттик жана материалисттик пропагандаларды оңой кабыл алышууда. Окуган журнал, китептер, көргөн тасма, театрлар же музыкалык клиптер, уккан ырлардын сөздөрү жана эң маанилүүсү мектепте берилген «билим» аркылуу жаштардын дүйнөгө болгон көз-караштарын жана ойлонуу калыптарын бурмалоо абдан оңой болууда. Адамдардын эволюция теориясын, абдан көп алдамчылыктарына жана илимден алыс курамына карабастан, 150 жылдан бери илимий чындык деп ойлошунун себеби да – дарвинисттердин мындай күчтүү пропагандасында.

Дагы бир белгилей кетчү жагдай, учурда динсиздик пропагандасы көбүнчө ачык жүргүзүлбөйт. Сөз кылынып жаткан атеист, материалист чөйрөлөрдүн дин темаларын же динчил таанылган адамдарды өз ойлорунда шылдыңдашы, ырлардын сөздөрүндө, романдарда, тасмаларда, гезит макалаларында, анекдоттордо Аллахка, тагдырга жана динге карата урматка ылайык келбеген сөздөрдү колдонушу (Аллахты аруулайбыз) – мындай жашыруун ыкмалардын бир канчасы.

Дарвинизмдин темалары болсо атеисттик пропаганданын эң көп колдонгон куралы. Тиешеси жок жерде деле аталарыбыз маймылдар менен орток деген калп көп жолу айтылат. Адам психологиясы сүрөттөлгөндө да эволюция теориясынын догмалары орун алат. Натыйжада сураганда Аллахка жана динге ишенгенин айтса да, түпкүрүндө динди, акыретти, ахлактык милдетти өз ойлорунда анчалык маанилүү көрбөгөн (Аллахты аруулайбыз), ойлонбогон, Аллахтан коркпогон жана чындыгында Ага ишенбеген адамдардан турган коом жаралат. Аллах коркуусу жана ыйманы болбогон адамдар болсо эч кайсы темада өзүн чектебейт жана аталарым деп ойлогон айбандарга окшош абалда өмүр сүрүп баштайт. Мисалы, Аллахтан коркуп сактанбаган адамдардын абийирин (өзүн ойноштуктан) сакташын күтүп болбойт; себеби кандайдыр бир чектеген нерсе жок деп ойлошот. Башка адамдардан жашырына алса эле, ар түрдүү ахлаксыздыкка барышат. Чынында эле учурда дүйнө жүзүндө өзгөчө жаштар арасында жана коомдордун белгилүү катмарларында барган сайын чектен чыккан, ахлактык баалуулуктарга маани бербеген бир түшүнүктүн жайылышы – адамдардын дарвинист пропагандалар натыйжасында дин ахлагынан алысташынын бир натыйжасы. Өздөрүн жоопкерчиликсиз көргөн жана кылгандары үчүн эч кимге жооп бербейм деп ойлогон адамдар күн өткөн сайын бузулууда. Зина (ойноштук) кээ бир массалык маалымат каражаттары дээрлик мактоо менен жана бүт адамдарды чакыруу менен баяндаган, эч ким тарабынан жаман көрүлбөгөн бир нерсе абалына келди. Жакшылап карасак, кылмыш, сойкулук, алдамчылык, көз бойомочулуктун ар түрдүүсү, пара алуу, пара берүү, калп айтуу, кыскача айтканда, билинген бардык ахлаксыз иш-аракеттердин негизинде динсиздик турганын көрөбүз. Мындай динсиздиктин жайылуу

ыкмаларынын эң натыйжалуусу – бул дарвинизмдин «жоопкерчиликсиз, кокустуктар натыйжасында пайда болгон адам» калпынын коомдордун аң-сезимине зордук менен сиңирилиши.

*The Lie: Evolution* (Бир калп: эволюция) аттуу китептин автору Ken Ham (Кен Хам) дарвинизм себеп болгон динсиздикке көңүл буруп, мындай дейт:

Эгер Аллахтан баш тартып, диний ишенимдердин ордуна шанс жана кокустуктарга толгон башка бир ишеним койсоңуз, туура эмес жана туура үчүн бир негиз калбайт. Эрежелер сиз кандай койгуңуз келсе, ошондой болот. Абсолюттук туура деген нерсе жок, так принциптер жок. Адамдар өз эрежелерин өздөрү жазышат.[35]

Бул жерде бир нерсени эске салыш керек: кээ бирлери адамдар тарабынан коюлган эрежелер менен да ахлактык баалуулуктарды коргоого, коомдо тең салмактуулукту курууга болот деп ойлошу мүмкүн. Мындай көз-караш туура эмес. Албетте, коомдун тең салмактуулугун камсыз кылган мыйзам жана эрежелер болушу керек. Жана бул эрежелер ахлактык баалуулуктарды коргоодо жардамчы болушат. Бирок бул эрежелерге толук баш ийүү, системанын бүт адамдар ыраазы жана бейпил болгондой абалда сакталышы Аллахка жана акырет күнүнө болгон ыйман себептүү орун алган сонун ахлак менен гана мүмкүн болот.

Theodious Dobzhansky (Теодиос Добжански) да – дарвинизмдин ахлактык бузулууга негиз даярдаганын кабыл алган дарвинисттердин бири. Дарвинизмдин таянычы болгон «табигый тандалуу» пикиринин коомдордун ахлактык баалуулуктарын алсыздатканын мындайча мойнуна алат:

Табигый тандалуу өзүмчүлдүктү, каалоолорду ээрчүүнү, баатырдык ордуна коркоктукту, алдамчылыкты жана башкаларды эзүүчүлүктү тандайт. Коом этикасы болсо «табигый» иш-аракеттерге тыюу салат жана булардын карама-каршысы болгон сый мамиле, жоомарттык жана ал тургай башкалардын, коомдун, элдин жана бүт адамзаттын бейпилдиги үчүн өз жанын аябоо сыяктуу өзгөчөлүктөрдү даңктайт.[36]

Добжанскинин сөздөрү абдан маанилүү бир чындыкка көңүл бурууда: жоомарттык, өз жанын аябоо, бекемдик, туруктуулук, кичипейилдик сыяктуу сонун ахлак өзгөчөлүктөрү дарвинисттик көз-караш эч кабыл албай турган эрдиктер. Себеби дарвинизм буларды калп эволюцияны артка тарткан тоскоолдуктар сыяктуу көрөт. Дарвинизм көз-карашы боюнча, ойлоп чыгарылган эволюция процесси уланышы үчүн адамдар таш боор, өзүмчүл, эч кимди сүйбөгөн, туруксуз болушу зарыл. Мындай түшүнүк кеңири кабыл алынган бир коомдо бейпилдик, ишенимдүүлүк жана туруктуулук жөнүндө сөз кылуунун эч мүмкүн эмес экендиги анык.

Чынында эле жакшылап анализ кылынганда, дарвинисттик көз-караш себеп болгон терең бузукулуктун издери ошол замат байкалат. Адамдардын жардамдашуу, башкалар үчүн өз жанын аябоо, урмат жана сүйүүдөн, жана натыйжада бири-биринен алыс жашашы калп өнүгүүнүн жана цивилизациянын бир натыйжасы катары коомдордун аң-сезимине сиңирилүүдө. Көбүрөөк өндүрүш жана өнүгүү үчүн мындай натыйжага көнүшүбүз керек деген калп кайра кайра кайталанууда. Чындыгында болсо бул - өнүгүүнүн жана цивилизациянын эмес, адамдардын өздөрүн «айбан даражасына» коюшунун бир натыйжасы. Чынында адам – Аллах акыл, аң-сезим, абийир жана рух ээси кылып жараткан, башка бардык жандуулардан бул өзгөчөлүктөрү аркылуу толугу менен айырмаланган бир жандык. Бирок дарвинист-материалист ахлактын гипнозуна сыйкырланган кээ

бир адамдар мындай өзгөчөлүктөрдү унутушат жана көбүнчө айбандарда да байкалбай турган төмөндүккө, ахлаксыздык, абийирсиздик жана акмактыктарга барышууда. Андан соң *«Биздин ата-бабаларыбыз ансыз деле айбан, булар болсо ошолордон калган генетикалык мурас»* деп, өздөрүнүн эрксиздик жана акмактыгына калп илимий бир негиз даярдашат.

Көптөгөн дарвинист психолог мындай бузуку логикага таянып, адамдардын кылмышка болгон жакындыгынын себеби айбан аталарынан аларга калган мурас деп айтышууда. Эволюционист Stephen Jay Gould (Стефен Жей Гоулд) *Ever Since Darwin* (Дарвинден азыркы учурга чейин) аттуу китебинде алгач италиялык физик Lombroso (Ломбросо) тарабынан айтылган мындай догманы төмөнкүдөй баяндайт:

Кылмыштуулукка байланыштуу биологиялык принциптер көп деле жаңы эмес, бирок Cesare Lombroso (италиялык бир доктор) бул талашка жапжаңы, эволюциялык бир багыт берди. Тубаса кылмышкерлер жалаң гана акылы кем же оорулуулар эмес эле; мурдакы эволюциялык баскычка кайра түшкөн, ата-бабаларды тартып калган эле. Алгачкы жана маймыл сымал аталарыбыздын генетикалык өзгөчөлүктөрү генетикалык репертуарыбызда сакталат. Кээ бир адамдар кадимкиден бир топ көп аталык өзгөчөлүктөргө ээ болуп төрөлүшөт. Кыймыл-аракеттери өтмүштүн кээ бир жапайы коомдоруна ылайыктуу болсо да, бүгүн мындай кыймыл-аракеттерди кылмыш деп атайбыз. Тубаса кылмышкерге боор оорушубуз керек, себеби өзүн башкара албайт...[37]

Башкача айтканда, дарвинисттердин көз-карашы боюнча, бир адамдын башкаларды өлтүрүшү, аларга азап бериши, уурулук кылышы, уруш чыгарышы – ага калп маймыл атасынан генетикалык берилген бир мурас. Ошондуктан бул негизсиз догма боюнча, кылган кылмыштары ал адамга тиешелүү эмес жана ал айыпталбашы керек. Мындай акылга жана логикага сыйбас догмалардан байкалгандай, дарвинисттик көз-караш адам ээ болгон абийирди, эркти, чечим алуу, сындап тууранды табуу сыяктуу мүмкүнчүлүктөрүн жокко чыгарат жана адамды, айбандар сыяктуу, каалоолоруна жараша кыймыл-аракет жасаган, акылсыз бир макулук катары кабыл алат. Мындай бузуку түшүнүк, жырткыч бир арстан ичиндеги жырткычтыкты тизгиндеп, ачуусун жеңип, кечирип, сабыр көрсөтүү менен эрдик мамиле кыла албаган сыяктуу эле, адам да ошол жырткычтай кыймыл-аракет жасайт дейт. Мындай адамдар жашаган бир коомдун бейпилсиз, ишенимсиз, каргаша, уруш, талаш ичинде болоору анык.

Дарвинист жана материалисттердин жаңылыштыгы боюнча, бүт аалам, анын ичинде адамдар да – хаостун жана кокустуктардын бир чыгармасы. Мындай негизсиз түшүнүктүн коомдордун аң-сезимине сиңирилиши менен өз алдынчамын деп ойлогон, жоопкерчиликсиз адамдар пайда болот. Максаты болбогон бир адам болсо ойлонбойт, өзүн өнүктүрүүнү максат кылбайт; бейкапар, шылдыңчыл, корс, эч нерседен таасирленбейт, абийирин колдонбойт, эч кандай чек жана эрежени кабыл албайт. Эч кандай эрдик жана суктанарлык нерсеси жок. Ал да өзүнүн бузуку түшүнүгү боюнча, өзүнө окшош өнүккөн бир айбан болгон башка жандыктар кылган сыяктуу бул дүйнөдө өз тамагын таба алышы, көбөйө алышы, кээ бир керектөөлөрүн камсыздаган соң, мүмкүн болушунча ырахат жана жыргал алуу үчүн аракет кылып, өлүмдү күтүшү керек. Бул – айбандар ааламынын жашоосунун адамга ылайыкташтырылган бир версиясы. Жана көңүл бурулса, канчалык адамдардын көпчүлүгү дарвинизмдин «илимий» детальдарын билишпесе да, дарвинисттер адамдарга сунуштаган мындай жашоону жашашууда.

Бул адамдар бир тараптан максатсыз жана жок болуп кете турган бир жашоону жашап жаткандыктан улам абдан күчтүү бир пессимисттикке жана үмүтсүздүккө кабылышат. Өлүм менен бирге бүт нерсенин толугу менен жок болуп кетээрин ойлонуу бул адамдардын түнт, бактысыз болушуна себеп болот. Өзүн өзү өлтүрүү, психологиялык проблемалар, депрессиялардын түпкүрүндөгү себептердин бири да – дарвинисттик гипноздун (сыйкырдын) адамдардын психологиясына болгон мындай терс таасирлери.

Бүт ааламды жоктон жаратkan, чексиз күч-кудурет ээси болгон Раббибиздин бүт нерсени бир максат менен жаратканын унуткан же аны көрмөксөн болгон коомдор сөзсүз ахлактык жана руханий кыйроого кабылышат. Байлык, жыргалчылык, экономикалык өнүгүү бир өзү эч качан адамдарга бакыт жана бейпилдик алып келе албайт. Акылынын, абийиринин буйруктарын укпаган, өзүн жоопкерчиликсиз жана максатсыз бир жандык катары көргөн адамдарды дүйнөдө бактысыздыкка, үмүмтсүздүккө, пессимисттикке кабылткан көп нерсе бар. Эң негизгиси болсо бул - өлгөндө жок болуп кетем деп ойлогон бул адамдардын өлгөндөн кийин кабылган чыныгы жашоону көргөндө сезе турган бушаймандык, бактысыздык жана пессимисттик. Ал эми Аллахка жана акыреттин бар экенине ишенген бир адам чыныгы жашоонун дүйнөдө эмес, акыретте экенин билет. Дайыма Аллахтын ыраазычылыгына жана бейишине жетүү үмүтү жана кубанычы менен жашайт. Ар бир окуяда Аллахка тобокел кылат; ошондуктан эч качан үмүтсүздүк жана пессимисттикке кабылбайт.

Байкалгандай, дарвинизм максат кылган дүйнө модели Ислам ахлагына эч туура келбейт жана эч кандай байланышы жок, демек экөөсү арасында бир орто жол табуу эч мүмкүн эмес. Себеби экөөсү бири-бирине толугу менен карама-каршы. Ислам дини адамдарга сунуштаган бардык ахлактык баалуулуктар дарвинисттик ахлак тарабынан жокко чыгарылууда. Дарвинизмде сүйүү, боорукердик, мээрим, бөлүшүү, жардамдашуу, муктажга жардам берүү, өз мал-жанын аябоо бир тоскоолдук, керексиз нерсе катары кабыл алынса, мындай ахлак өзгөчөлүктөрү Ислам ахлагынын негизин түзөт. Ошондуктан, өз ойлорунда дарвинизмди күнөөсүз көрсөтүүгө аракет кылган, Ислам дини менен «достошушу» мүмкүн деген сыяктуу жаңылыштыкка кабылган адамдар бул жөнүндө дагы бир жолу терең ойлонуп, дарвинизмге карата өзүн басынткан, алсыз жана пассивдүү мамиледен баш тартышы керек. Гезит, журнал, телевизорлордо көргөн эволюция пропагандасы болгон программалар, кабарлар, макалалар калп илимге жамынып чыккан аракет гана эмес, алардын терең мааниси бар. Дарвинизмди жактаган ар бир аракет бул темада маалыматы болбогон мээлерге багытталган уулуу бир октой коркунучтуу. Мындай уулуу пропаганданы токтотуу, коркунучтун чоңдугун байкоо жана бул коркунуч менен болгон илимий күрөштү кечиктирбөөнүн мааниси абдан чоң.

## Террор дарвинизм менен жашайт

Акыркы жылдарда террор дүйнөнүн эң күчтүү өлкөлөрүн да коркута турган абалга келди. Эч кайсы өлкө террордук кол салуудан өзүн коопсуз сезе албоодо. Алынган чаралар, чыгарылган жаңы мыйзамдар, күчөтүлгөн аскердик чаралар бул коркунучту токтотуудан абдан алыс. Учурда бүт адамдар террордун канчалык чоң балээ экенин билет, бирок көп адамдар бул балээнин идеологиялык негизинин дарвинизм экенин билишпейт. Дарвинизмдин адамдардын аң-сезимине сиңирген *«Адам – согушкан бир айбан»* калпынын абдан таасирдүү экени анык. Дарвинизм

адамдарга бир «дүйнө көз-карашы» жана «жол» сүрөттөөдө. Мындай бузуку дүйнө көз-карашынын жана жолдун негизги түшүнүгү болсо – «өзүнөн эместер менен согушуу».

Дүйнөдө ар түрдүү ишенимдер, дүйнө көз-караштары, ар кандай философиялар бар. Булар же өздөрүнөн эмес адамдарга урмат көрсөтүп, алар менен диалог курууга аракет кылып, «адамгерчиликтүү» бир жол тандашы мүмкүн. Же болбосо, өздөрүнөн эместер менен согушуп, урушуп, аларга зыян берүү менен өз философиялары боюнча күчкө ээ болуу жолун тандашы, т.а. «айбандарча» аракет кылышы мүмкүн.

Дүйнөдө террордун жайылышы – ушул экинчи жолдун тандалышынын бир натыйжасы. Ошондуктан, террор менен күрөшүүдө туура иш-чара – бул террордун негизги таянычын жок кылуу, т.а. дарвинизм менен илимий күрөшүү. Дарвинизм илимий кыйратылганда, калп илимий таянычы калбагандыктан, террористтик уюмдар кыйрап, терроризм балээси токтойт.

Бирок, дарвинизм сакталууга аракет кылынып, дарвинисттик калптар адамдардын аң-сезимине сиңирилип окутулган сайын террордун токтошу эч мүмкүн болбойт. Бир тараптан мектептерде дарвинизмди окутуп, экинчи тараптан жаштардын террористтик уюмдарга киришине таң калуу – түшүнүксүз абал. Себеби бир адамдын террорист болушу үчүн алгач маңдайындагынын адам эмес экенине, уруштун табияттын бир мыйзамы экенине, өлтүрүүнүн кадимки бир нерсе экенине, эч кимдин алдында жоопкерчиликсиз экенине ишениши, б.а. дарвинист болушу керек. Жылдар бойу «аң-сезимсиз атомдор бир жерге чогулуп, жандууларды жараткан», «сен да бир зат жыйындысысың», ал тургай «бир айбан түрүсүң», «уруш болбостон алдыга жылуу болбойт» деген сыяктуу калптар менен чоңойгон бир адамга «сүйүү, толеранттуулук, мээрим, тынчтыкты сүйгөн» адам болууга чакыруунун бир мааниси жок. Же болбосо бул адамды «кантип, айоосуздук менен күнөөсүздөрдү өлтүрдүң» деп суракка алуу бир натыйжа бербейт. Мындай адамдан башкаларга урмат көрсөтүшүн, мыйзамдарга, мамлекетине баш ийишин күтүү маанисиз.

Бир нерсени дагы бир жолу эске салуу керек, дүйнөдөгү киши өлтүрүүлөрдүн, айоосуз жасалган кылмыштардын, адамдарга жасалган зулумдуктун, террордун, бөлүнүүчүлүктүн, дин жана мамлекет душмандыгынын артында дарвинизм жана материализм билимин алган адамдар турат. Дал ушул себептен эң башта Батыш дүйнөсү болуу менен бүт дүйнөдө дарвинисттик билим берүү токтотулушу керек. Дүйнөдөгү өлкөлөрдүн көпчүлүгү билим берүү системаларында материализм жана дарвинизмге абдан маани берип, жаштарга буларды үйрөтүү үчүн миллиондогон доллар коротушууда. Андан соң өлкөлөрүндө пайда болгон террор окуялары менен күрөшүү үчүн кайра миллиондогон доллар коротушууда. Мектептеринде, билим берүү мекемелеринде, университеттеринде дарвинист-материалист билим берилген, телевизор, гезиттеринде дарвинисттик пикир аң-сезимге сиңирилген бир өлкөдө *«Анархия жана хаосту эмне үчүн токтото албай жатабыз?»* деп суроонун кажети жок. Алгач дарвинист-материалист билим, тарбия берип, андан соң бул пикирдин «жемиши» болгон иш-аракеттеринен улам адамдарды суракка алган дүйнө өлкөлөрү чоң бир парадокс (карама-каршылык) ичинде.

Чындыгында болсо террорду токтотууну чындап каалашкан болсо, анда алгач анархиянын жана террордун негизин түзгөн, адамзатка «урушту», күчтүүлөр жеңген бир «жашоо күрөшүн» өз оюнда туура көрсөткөн материалист-дарвинист билим берүүнү токтотуулары зарыл. Миллиондогон

долларды материализм жана дарвинизмдин илимден алыс, жомокторго толо, чындыкка сыйбаган пикирлер экенин үйрөтүүгө жумшашканда, маселе тамырынан чечилет.

Бул жерге чейин каралган маалыматтар дарвинизмдин канчалык чоң балээ экенин апачык көрсөтүүдө. Мындай чындыктарга карабастан, «дарвинизм эч кандай коркунуч жаратпайт» же «кыйрап бүттү» деп ойлогондор, бул жаңылыштыктарын чөйрөлөрүнө жайгандар бул теориянын өнүгүшүнө билип туруп же билбестен жардамчы болушат. Себеби мындай маалымат беришкенде, коомдо мындай коркунуч жок деген пикир пайда болот. Натыйжада дарвинисттик пропагандага, көз бойомочулук жана аң-сезимге сиңирүүлөргө каршы илимий жана пикирдик бир иммунитет пайда болбойт жана эч кандай чара алынбайт. Ошол эле учурда эволюция теориясын жактаган адамдар болсо эскирген, негизсиз маалыматтары менен болсо да өз ойлорунда даярдыктарын улантышат жана ар бир мүмкүнчүлүктө теорияларын болгон күчү менен жакташат. Ар түрдүү жасалмалык жана бурмалоолор менен болсо да пикирлерин кыйроодон сактоого аракет кылышат.

Дин ахлагына каршы болгон, Аллахтын бар экенин жокко чыгарган ар кандай философияны илимий күрөш менен кыйратуу, чындыкты колдонуп батылды (негизсиз калпты) жок кылуу бүт Мусулмандардын маанилүү милдети. Мындай милдетке маани бербей, каапыр философиясы менен орток бир «келишимге келүү», каршы тарапка жол берүү же алардын пикирлерине моюн сунуу абдан чоң жаңылыштык болот. Ошондуктан эволюция калпына алданган кээ бир Мусулмандар өздөрү жактап жаткан философияны дагы бир жолу ойлонушу керек. Мисалы, коммунизм жайылган бир коомдо Мусулмандын милдети «коммунизмди Исламдаштырууга аракет кылуу» эмес. Бул эч кандай оң натыйжа бербейт, тескерисинче коммунизмге пайда алып келе турган, туңгуюк жол. Мусулмандын милдети – коммунизмди бир философия катары толугу менен кыйратуу, пикирдик жактан жыгуу жана мунун ордуна Ислам чындыгын ортого койуу. Ушул сыяктуу дарвинизмге каршы да Мусулмандын милдети «дарвинизмди Исламдаштырууга аракет кылуу» эмес, бул чоң калпты илимий кыйратуу, жыгуу жана мунун ордуна жаратылуу (креационизм) чындыгын койуу. Ушул себептен бүт Мусулмандардын ушундай аң-сезим менен аракет кылышы, дүйнөдөгү атеисттик философиялардын баарына таяныч болгон дарвинизмге колдоо көрсөтпөшү керек. Андай болсо, эң туура жол – бул билим берүү мекемелеринде, китептерде, массалык маалымат каражаттарында, коомдук платформдарда, кыскача айтканда, бүт жерде эволюция жомоктору менен дүйнө жаштарынын мээсинин жуулушуна жол бербөө жана аларды Куран жана илим сунуштаган акылдуулукка, терең ойлонууга багыттоо. 150 жыл уланганына карабастан, эч кандай илимий баалуулугу болбогон бул жасалма догманы жеңүү болсо оңой.

Бүгүнкү күнгө чейин көптөгөн ыкластуу Мусулмандар эволюция теориясын кабыл алып, бул негизсиз теория менен Ислам дини арасында келишим жолдорун издеген, ал тургай ар кайсы чөйрөлөрдө бул теорияны жактаган болушу да мүмкүн. Бирок Мусулман катасын көрөөрү менен чындыкка багытталышы керек. Бул Ислам ахлагынын бир зарылчылыгы. Дарвинизмдин коомго болгон кыйратуучу таасирин билбестен бул теорияга жардамчы болуу менен теориянын кылымдар бойу алып келген зыяндарын көргөндөн кийин бул негизсиз ишенимге жардамчы болуу бир эмес. Эң туурасы жана эрдик мамиле – бул чындыктарды көргөндөн кийин ал адамдын ылдам аракет кылып, абийиринин үнүн угуп, мындай зыяндуу идеологияга каршы илимий күрөшкө жардамчы болушу. Мусулмандардын жалгыз бир дене болуп, дарвинизмге каршы жүргүзчү күрөшү эч шексиз

абдан кыска мөөнөттө натыйжа берет, жана бул батыл теория тарыхтын караңгы барактарында өз ордун ээлейт. Жаңылыш пикирдеги адамдардын көгөрбөшүн, бир жаңылыштык менен дарвинизмди колдогон кээ бир Мусулмандардын чындыктарды көрмөксөн болбошун үмүт кылабыз.

## Дарвинизмдин терс таасирлери уланууда

Китептин мурдакы бөлүмдөрүндө да көп жолу баса белгиленгендей, ыйман келтирген адамдардын кээ бирлери эволюция теориясы өтмүштө калды, бүгүнкү илим чөйрөсү тарабынан кабыл алынбайт, ошондуктан Мусулмандар үчүн анчалык коооптуу бир коркунуч жок деп ойлошот. Ушул себептен бул теориянын көз бойомочулуктарын, илимге сыйбас догмаларын, дүйнөгө алып келген чоң балээлерди ортого койууну өз ойлорунда маанисиз деп ойлошот. Дарвинизмдин адамдарды дин ахлагынан алыстаткан чоң бир балээ экенин түшүндүрүүдөн тынчсызданышат. Дарвинизм менен күрөшкөн адамдарды жана алардын дүйнө жүзүндө жүргүзгөн аракеттерин да өз ойлорунда керек эмес деп ойлоп, маанисиз көрүшөт.

Чынында болсо бул адамдар абдан чоң бир жаңылыштык ичинде жана апачык чындыктарды көрмөксөн болуп жатышат. Алар ойлогондон тескерисинче, учурда эволюция теориясы, илим алдында болгон таянычтарын жоготконуна карабастан, бир гана идеологиялык тарабы себебинен көп адамдар тарабынан жакталууда. Көп өлкөдө, университеттерде, медиада жана билим берүү мекемелеринде дарвинисттер абдан таасирдүү. Болгондо да мындай таасир тынымсыз өсүүдө. Илимий чындыктар бул теорияны тарыхтын караңгы барактарына көмсө да, дарвинизмге жакындык ошол бойдон уланууда. Материалист жана атеист дүйнө көз-карашынын жасалма илимий таянычын түзгөн эволюция теориясы кандай баага турса да, белгилүү чөйрөлөр тарабынан тынымсыз колдоого алынууда. Дарвинизмдин материалисттик максаттар менен колдоо көргөнүн эволюция теориясын сындаган илимпоздордун бири америкалык профессор Phillip Johnson (Филлип Жонсон) марксист зоолог Richard Lewontin (Ричард Левонтин)дин пикирлерин колго алган бир макаласында мындайча түшүндүрүүдө:

Дарвинизм философиялык жактан тарапсыз болушу керек болгон (илимий) далилдерге эмес, материализмге болгон «априори» (мурдатан кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) жакындыкка таянат. Философияны илимден бөлгөнүбүздө, бой көтөрүү мунарасы жыгылат. Коомчулук муну толугу менен түшүнгөндө, Левонтиндин дарвинизми илимий басмадан өчүп баштайт жана тарыхтын чаң баскан текчелеринде Левонтиндин марксист пикирлеринин жанында өз ордун табат.[38]

Эволюционисттер илим дүйнөсүндө бир диктатордук система курушкан. Илимий эмгектерде да, медиада да бир тараптуу жоромолдор жасалууда жана эволюция теориясы так бир чындык сыяктуу сунулууда. Өзгөчө абдан көп коомчулукка таасири күчтүү болгон медианын бир бөлүгү эч тиешеси жок табылга жана темаларды да эволюциянын жаңы бир далили сыяктуу көрсөтүүдө. Мындай кабарлар аркылуу чындыктар бурмаланып, адамдар алданышууда. Дүйнөнүн көп өлкөсүндө мектеп жана университеттерде дарвинист мугалимдерге колдоо көрсөтүлүп, Аллахка ишенген илимпоздорго болсо илимий карьерада тоскоолдуктар жаратылууда. Дарвинизмди жокко чыгарганы үчүн көп адамдардын китептери, макалалары илимий басмаларда орун албоодо, бир тараптан да эч чындыкка коошпосо да «артта калгандык» деген айып тагылууда. Көпчүлүк Батыш

өлкөлөрүндө эгер бир илимпоз илимий карьера кылгысы келсе, дарвинисттик жомокторго көз жумушу, ал тургай буларды каалаca каалабаса жакташы керек. Антпесе илимий карьерасында жогорулашы, ал тургай иштеп жаткан университетте калышы да өтө оор.

Биохимия профессору Micheal Behe (Майкл Бехе) илим дүйнөсүндө материализмдин өкүмчүлүк кылганын жана илимдин калкка кандайча чагылдырылганын мындайча баяндайт:

Ааламдын кандайча иштеши менен байланыштуу дээрлик бардык маалыматтар эч нерсеге карабастан, алгач катуу бир материалисттик фильтрден өткөрүлөт. Андан соң элге сунулат... Илимий китеп, макалалар толугу менен бул түшүнүктү чагылдырат. Эмгектер көбүнчө, жалпы болсун, конкреттүү темалар болсун, табияттын билинген жана ишенимдүү болунган иштеши жөнүндө сөз кылат. Мектеп китептери бул пикирди окуучуларга жеткирип, милдетин аткарган болот. Бул аныктамалар боштуктар же жообу табылбаган суроолор жөнүндө эч сөз кылбайт. Мунун ордуна, бүт нерсе белгилүү, жок дегенде дээрлик бүт нерсе белгилүү жана лабораторияларда текшерилген деген сыяктуу көрүнүш жаратат. Эгер теорияга туура келбеген бир далил бар болсо, анда ал теория жөнүндө эмес, далил жөнүндө шек жаралат... Маселе – бул логикага сыйган пикирлерге таянбаган, коомдук басым менен жайылтылган материализм.[39]

Micheal Behe да көңүл бурган дарвинисттердин мындай мамилеси эволюционист Frank Harold (Френк Харолд)дун *The Way of The Cell* (Клетканын кыймылы) китебинде ачык айтылат:

Бир принцип маселеси катары, кокустук жана зарылчылыктардын ордуна акылдуу бир системанын кабыл алынышына каршы чыгышыбыз керек. Бирок башка тараптан, дарвинист жоромолдордун кандайдыр бир биохимиялык системаны түшүндүрүүдөн абдан алыс экенин, булардын бир гана мындай болушун каалаган спекуляциялардан гана тураарын кабыл алышыбыз керек.[40]

Байкалгандай, Harold эволюция теориясынын жандуулардын пайда болушун түшүндүрө албашын кабыл алууда, бирок ааламдагы жана жандуулардагы системаны жараткан Жогорку бир Акылдын, т.а. Аллахтын бар экенин кабыл албоодо. Бул «принциптерге» туура келбейт деп айтууда. Frank Harold сөз кылган принциптер – бул материалисттик принциптер жана илим дүйнөсүндө абдан кеңири жайылган.

Phillip Johnson (Филлип Жонсон) болсо эволюция теориясынын диний ишенимдерге каршы кандайча бир курал катары колдонулганын мындайча баяндайт:

Заманбап илимдин лидерлери өздөрүн бир Жаратуучунун бар экенин кабыл алгандарга каршы киришилген бир согуштун алдыңкылары катары көрүшүүдө... Дарвинизм болсо бул согушта орду толгус бир идеологиялык ролду ойноодо. Дал ушул себептен, учурда илим чөйрөлөрү дарвинизмди илимий текшерүүнү эмес, эмне болсо да коргоону өздөрүнө максат кылып алышкан. Илимий изилдөөнүн эрежелери да бул идеологияны тастыктай турган абалда аныкталууда.[41]

Johnson да айтып кеткендей, эволюционист илимпоздор академияларда, университеттерде бир «диктатура» куруп алышкан. Бул адамдар кээ бир университеттерди дарвинисттик билим берүү уяларына айландырышууда жана ал жерлерде материалисттик философияны илим деп ойлогон адамдар даярдалууда. Динге ишенген адамдар болсо илимий карьера жасабашы керек деп ойлонушууда. Мунун эң так көрсөткүчтөрүнүн бирин Түркиянын эволюционисттеринен профессор, доктор Али Демирсой «Эгер бир илимпоз кандайдыр бир абалда Теңирге ишенсе, университетте

турбашы керек. Аллахка ишенгенди университеттен айдайм» сыяктуу сөздөрдү айтуу менен, алдын ала шартталган көз-карашын толук ачык көрсөткөн.

Ыйман келтирген илимпоздордун креационизмдин илимий далилдерин ортого коюшу илим дүйнөсүнүн көпчүлүгү, өзгөчө материалисттик философия өкүмчүлүк кылган мекеме жана академиялар тарабынан тескери бир реакция менен кабыл алынууда, бирок бул чөйрөлөр атеизм же материализм пропагандасы жасалышына эч каршы чыгышпоодо. Phillip Johnson бул абалды мындайча сүрөттөйт:

Академия (Америка Улуттук Илимдер Академиясы) Richard Dawkins (Ричард Доукинс) илимий авторитетин колдонуп, атеизмди колдогондо же Carl Sagan (Карл Саган) *Cosmos* сериалында «ааламдын чексиз мурдатан бери бар экенин жана дайыма бар болоорун» айтканда, терс кабыл албайт. Тескерисинче, Академия Саганды медаль менен сыйлады.[42]

Балким кээ бир ыйман келтирген адамдар бул чындыктарды билбеген үчүн окуяларды туура эмес бир оптимисттик маанайда баалашып, ушул себептен дарвинизмди өз ойлорунда кооптуу көрбөй жатышы мүмкүн. Чынында болсо сөз кылынып жаткан материалист жана атеист чөйрөлөр дарвинизмден алган калп илимий колдоого таянып, дин ахлагына жана диндарларга каршы олуттуу күрөш жүргүзүшүүдө. Дүйнөнүн төрт тарабындагы Мусулмандар материалист, атеист, каапыр чөйрөлөрдүн зулумдуктарына, басым жана кысымчылык саясатына кабылышууда. Мусулмандар бул дарвинисттик диктатордук себебинен диндерин жашай албас, пикирлерин айта албас, чындыктар жөнүндө сөз кыла албас абалга келишүүдө. Дал ушул себептен «дарвинизм кооптуу эмес» деген Мусулмандар ылдам мындай жаңылыштыгынан алысташы керек. Бүт дүйнөдө эволюция теориясы аркылуу дин ахлагына каршы олуттуу бир ой-пикирдик кол салуу жасалып жатканда, бул теорияны кооптуу эмес деп айтуу жана дарвинизмди зыянсыз көрүү абдан чоң жаңылыштык болот.

## Дарвинизм адамдарды алдоосун улантууда

Бир нерсени унутпаш керек, дарвинизм дүйнөлүк масштабда уюшулган бир аракет. Өзгөчө Европа Биримдиги өлкөлөрүнүн көп бөлүгүндө, Россияда, Кытайда жана башка көп өлкөлөрдө эволюция теориясы элдин көп бөлүгү тарабынан кабыл алынууда, жаратылуу (креационизм) чындыгы болсо жокко чыгарылууда. Дүйнөнүн төрт тарабындагы университеттерде эволюция теориясы жалгыз жарактуу теория деп кабыл алынууда, башталгыч класстан баштап мектептерде окуучуларга эволюция теориясы жалгыз чындык сыяктуу окутулууда. Жаратылуу чындыгынан сөз кылууга көп өлкөдө тыюу салынган. Бул абал көп жылдардан бери уланууда. Өзгөчө Европа өлкөлөрүндө жасалган анкеталар Франция, Германия, Англия баш болгон көптөгөн өлкөлөрдө адамдардын көпчүлүгүнүн эволюция теориясын илимий бир чындык катары кабыл алганын аныктады. Эволюция калпына алданган бул адамдар Аллахка ыймандан жана дин ахлагынан да алыстоодо.

Дүйнө жүзүнө таанымал илимий журналдардын бири *Nature*'да жүргүзүлгөн бир изилдөө боюнча, бүгүнкү күндө илим дүйнөсү тарых боюнча эч болбогондой даражада Аллахтын бар экенин жокко чыгарууда. *Америка Улуттук Илимдер Академиясы* мүчөлөрү арасында жасалган бир

изилдөөдө болгону 7% мүчөнүн Аллахтын бар экенине ишенгенин, калган 93%ынын болсо атеист экенин баяндаган. Мындай жыйынтыктарга таанымал эволюционист биолог Ernst Mayr (Эрнст Майр) төмөнкүдөй жоромолду жасаган: «Жыйынтыкка таянсак, баарыбыз атеистпиз.»[43]

Бул абал, мурда да айтылгандай, кээ бир ыймандуу адамдар айткандын толугу менен тескери абалды бизге көрсөтүүдө. Дарвинизм дагы эле көп чөйрөлөргө таасир берүүдө жана илим чөйрөсүндө да өкүмчүлүк кылган көз-караш. Болгондо да бир гана илимий бир теория эмес, адамдарды Аллахка ыймандан алыстаткан эң маанилүү себептердин бири. *Nature*'да чыккан бул изилдөө 1914-жылы жасалып, Аллахка ишенгендердин үлүшү ал кезде 35,2% деп аныкталган. Арадан өткөн 90 жылда илимпоздордун көп бөлүгү Аллахка болгон ишенимден дээрлик толугу менен алыстап, материалист жана атеист бир философияга ээ болушкан. Бул доордун эволюция теориясынын илим дүйнөсүндө өкүмчүлүк кылган доор болушу – бул жерде көңүл бура турган эң маанилүү жагдай.[44]

Дүйнөнүн экономика жана саясатында таасирдүү болгон кээ бир Азия өлкөлөрүндө да ыймансыздык абдан жайылган абалда. Булардын башында Кытай турат. Кытайда элдин 71%ы өзүн динсиз же атеистмин деп айтууда.[45] Өзгөчө Европа өлкөлөрүндө орун алган дин ахлагынан алыстоо акыркы жылдары ар түрдүү изилдөө, китеп жана макалаларга тема болууда. Европанын Христиандык тамырынан баш тартышы, чоң ылдамдык менен дин ахлагынан алысташы, атеизмдин күчөшү, чиркөөгө жакындыктын абдан алсыздашы, Америкада күчөгөн дарвинизмге каршы эмгектерге Европада көңүл бурулбашы, мектептерде эволюция теориясынын окутулушу темасында Европа өлкөлөрүндө чечкиндүү бир мамиленин орун алышы жана каршы пикирлердин болушуна эч мүмкүндүк берилбеши бул эмгектердин негизин түзүүдө. *Associated Press* чыгарган бир изилдөөдө Батыш Европада ыймансыздыктын өсүп баратканы аныкталган. Бул изилдөө алган жыйынтыктар боюнча, Франция диний баалуулуктардын ачык айтылышына эң көп каршы чыккан өлкө жана өлкөдөгү атеисттердин үлүшү орточо 19%. Ушул эле изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча, мынчалык көп атеист жашаган дагы бир өлкө - Түштүк Корея.[46]

Мындай талаштар Европа Биримдигинин конституциясынын жазылышы учурунда абдан өскөн. Бул конституцияда диний ишенимдерге байланыштуу эч кандай сөз болбошу диндар чөйрөлөрдүн каршы чыгышына себеп болгон, бирок мындай каршы чыгуулар толугу менен терс жооп алган. Ватиканда жасалган расмий билдирүүлөрдө болсо учурдагы Европанын Христиандык баалуулуктарга таянган бир коом көрүнүшү бербегени айтылган.[47] *CBN*'де орун алган "Is Europe The New 'Dark Continent'?" (Европа жаңы «караңгы континентпи»?) темалуу макалада 1000 жыл бою Христиан маданиятынын борбору болгон Европада эми бул доордун бүткөнү айтылган жана ар кандай адистердин пикирлерине орун берилген.[48] *The Cube and the Cathedral: Europe, America, and Politics Without God* (Купол жана чиркөө: Теңирсиз Европа, Америка жана саясат) аттуу китептин автору жана Вашингтондогу Ethics and Public Policy Center (EPPC – Этика жана коомдук саясат борбору)нун башкаруучуларынын бири George Weigel (Жорж Виегел) Европада атеисттиктин өсүшүн бир репортажында мындайча жоромолдогон:

Европалык өзүн модерн жана эркин боло алуу үчүн радикалдык секуляр (динсиз) болуш керек деп шарттап алган. Мындай шарт коюунун Европадагы жашоо жана маданиятка абдан маанилүү

жана, албетте, кыйратуучу таасири бар. Европанын ахлактык баалуулуктарындагы кризистин түбүндө бул көз-караштын жана коомдо жараткан маселелердин таасири турат.[49]

БУУ тарабынан жүргүзүлгөн бир анкета болсо Европа өлкөлөрүндө дарвинизм жана атеизмдин жогорулашын көрсөткөн далилдердин дагы бирөөсү. Анкета боюнча, Европалыктардын болгону 18%ы адамды Аллах жаратканына ишенүүдө, 82%ы болсо адамдар башка түрлөрдөн (айбандардан) эволюциялашып пайда болду деп ойлоодо. Өлкөлөрдү бир-бирден анализ кылганда абал төмөнкүчө:

- Германия: 35%ы Католик, 36%ы болсо Протестан болгон калктын 14%ы гана Жаратылууга (Аллах жаратканына) ишенүүдө.

- Франция: Жаратылуу чындыгына ишенгендердин үлүшү дээрлик 18%. Францияда атеисттердин үлүшү 19% тегерегинде.[50]

- Англия: Элдин 20%ы Жаратылууга ишенүүдө. Эволюция теориясына ишенгендер болсо 2006-жылдын 26-январында жасалган бир изилдөө боюнча дээрлик 50% тегерегинде. Мектептерде жалаң гана эволюция теориясы окутулушу керек дегендердин үлүшү болсо 70%.[51] Жүргүзүлгөн изилдөөлөр Англиянын абдан бат ыймансыз бир өлкө болуу жолунда баратканын, бир гана мигранттардын диний ишенимдерин жашаганын, англис калкынын болсо динден алыстаганын көрсөтүүдө. Гезитте орун алган бир кабар боюнча Англияда мектептерде атеизмдин окутулушу пландалууда.[52]

- Испания: Калктын маанилүү бөлүгүн Католиктер түзгөн Испанияда адамдарды Аллах жаратканды\u0433ы чындыгына ишенгендердин үлүшү 13%.

- Норвегия: Жаратылууга ишенгендер коомдун 19%ын түзүүдө.

- Финляндия: Жаратылууга ишенгендердин үлүшү 16%.

- Швеция: Аллах адамдарды жаратканына ишенгендердин үлүшү 12%.

- Дания: Калктын 9%ы Жаратылууга ишенүүдө.

- Бельгия: Жаратылуу чындыгына ишенгендердин үлүшү 10%.

- Швейцария: Калктын 24%ы Жаратылуу чындыгына ишенүүдө.[53]

Төмөнкү таблицада болсо Европа өлкөлөрүндө атеист жана динсиздердин жалпы калктагы үлүшү көрсөтүлгөн:

## Өлкөлөрдөгү атеист жана ыймансыздардын үлүшү

| | |
|---|---|
| Швеция | 46-85 |
| Дания | 43-80 |
| Норвегия | 31-72 |
| Чехия Республикасы | 54-61 |
| Финляндия | 28-60 |
| Франция | 43-54 |
| Германия | 41-49 |
| Венгрия | 32-46 |
| Голландия | 38-44 |
| Англия | 31-44 |

| | |
|---|---|
| Бельгия | 42-43 |
| Швейцария | 17-27 |
| Австрия | 18-26 |
| Испания | 15-24 |
| Греция | 16 |
| Италия | 6-15 |

Булак: http://www.pitzer.edu/academics/faculty/zuckerman/atheism.html

Бул маалыматтар илимий далилдердин эволюцияны жокко чыгарганын, дарвинизмдин жомоктон башка нерсе эмес экенин, илим көрсөткөн чындыктын Жаратылуу экенин түшүндүрүүнүн маанисин дагы бир жолу далилдөөдө. Адамдарды Аллахтын, акыреттин жана сурак күнүнүн бар экенине ишенүүдөн, Аллах ыраазы боло турган негизде жашоодон тоскон дарвинисттик дүйнө көз-карашынын кыйратылышы үчүн бүт Мусулмандардын биригип, кеңири масштабдуу бир илимий күрөш жүргүзүшү абдан зарыл. Мындай иш-аракеттерге тоскоол болуунун, маанисиз көрүүнүн же көрсөтүүнүн болсо чоң жаңылыштык экени анык.

# ДАРВИНИЗМ МЕНЕН КАНТИП КҮРӨШҮҮ КЕРЕК?

Дарвинизмге каршы жүргүзүлө турган илимий күрөштүн абдан кеңири көлөмдүү болушу жана дүйнөлүк масштабда жүргүзүлүшү шарт. Себеби дарвинизм бүт коомдорду максат кылууда, адамдарды чоң балээлерге түртүүдө. Гезит жана журнал макалалары, документалдуу тасмалар, телевизор программалары аркылуу тынымсыз улантылган дарвинизм пропагандасына каршы бул бузуку идеологиянын илимий эч кандай баалуулугу жок экендиги жана кандай коркунучтарды камтыганы бүт адамдарга түшүндүрүлүшү керек. Эволюция теориясынын илимий кыйраганын, дарвинисттик пропаганданын ичи бош сөздөрдөн гана тураарын байкагандардын саны көбөйгөн сайын дарвинизм балээсинин таасири азайат. Адамдарды ыймансыздык жана атеисттикке түрткөн дарвинизмдин илимий кыйратылышы менен бирге дин ахлагы ылдам жайылып, дүйнө жүзүнө тынчтык, бейпилдик жана бакубаттык жайылат.

Улуу Ислам аалымы Бедиүззаман Саид Нурси да эмгектеринде дарвинист жана материалист философияларга каршы жүргүзүлө турган илимий күрөш жөнүндө сөз кылган. Өзгөчө акыр заманда бул илимий күрөштүн бир топ маанилүү болооруна көңүл бурган. Акыр замандын эң чоң фитнасы болгон Дажжальдин (тажаалдын) дарвинист жана материалист агымдардын лидери абалында болоорун айткан Бедиүззаман бул жөнүндө Мусулмандарды мындайча эскеркен:

**Табиийййун (табиятчылык, дарвинизм), маддийййун (материализм) философиясына таянган** бир Немрудане жарайаны (каапыр агым) барган сайын акыр заманда фелсефе-и маддийе (материализм философиясы) аркылуу күчтөнүп кубат алып, улухиятты (Аллахтын бар экенин) жокко чыгара турган бир даражага келет... **Жана алардын башына келген эң чоңдору испиртизма жана манйетизманын хадисаты невинден (гипноз кылуучу жана сыйкырлоочу) таң калыштуу өзгөчөлүктөргө ээ болгон Дажжаль болсо** чектен ого бетер чыгып, зомбулукка таянган өкмөтүн бир жогорулук деп ойлоп...[54]

Бедиүззаман да айткандай, дарвинизм – дажжалияттын эң негизги куралы. Дажжалияттын дини абалында. Адамдарды каапырлыкка, атеисттикке, ахлаксыздыкка түрткөн дажжалият бул иш-аракетин ишке ашырууда динсиздиктин калп илимий көрүнүшү болгон дарвинизмди колдонот. Мындай абалда кээ бир Мусулмандардын дарвинизмге каршы жүргүзүлгөн илимий күрөштү керексиз деп айтышы дажжалият менен күрөшүүнүн кереги жок деп айткандай мааниге келет; муну болсо эч бир Мусулман өзүнө ылайык көрбөшү керек. *«Дарвинизм менен күрөшүүнүн эмне кереги бар?»* деп айтуу *«Дажжаль каалагандай фитнасын жайсын, бизди кызыктырбайт»* маанисине келет. *«Дарвинизм анчалык маанилүү бир тема эмес»* деп айтуу дажжалиятка көз жумуу, аны жашыруу дегенди билдирет. Ыкластуу бир Мусулман дажжалиятты өз колу менен жашырбайт. Тескерисинче, болгон оюндарын жана тузактарын ачыкка чыгарып, дажжалиятты илимий кыйратууну максат кылат.

Мусулмандардын дажжалият жана дажжалияттын куралы болгон дарвинизм менен болгон күрөштөрү болсо сөзсүз түрдө илимий болушу керек. Дарвинизм курал-жарак, кол салуу, согуш менен жок болбойт. Илимий далилдер менен түшүндүрүү аркылуу таасирсиз абалга келет.

Пайгамбарыбыз (сав) бир хадиси шерифинде дажжалияттын акыр заманда «туздун сууда ээриши» сыяктуу ээрип, жок болоорун билдирген. Дажжалиятты «тузга», дажжалиятты илимий жок кыла турган системаны болсо «суугa» окшоткон:

Мына ошол тушта Аллахтын душманы болгон ДАЖЖАЛЬ МЕСИХ, Аз.Исаны көргөндө ТУЗДУН СУУДА ЭЭРИШИ СЫЯКТУУ ЭЭРИП ЖОК БОЛОТ..[55]

Акыр заманда дажжалиятты ээритип, жок кыла турган суу – бул илим. Тузду атып, бомбалап ээритүүгө болбойт. Бир гана сууда ээрийт. Дарвинизм да лицейлерде, университеттерде, билим берүү мекемелеринде эволюция теориясынын бардык догмаларынын жараксыз экени түшүндүрүлгөндө, туздун сууда ээриши сыяктуу жок болот. Дарвинизмдин жеңилиши менен бирге коммунизм, фашизм, расизм, терроризм, анархия сыяктуу бардык зөөкүр жана радикалдуу агымдар да тараптарларынан айрылат. Жер жүзүндө хаоско жана бузукулукка себеп болгон дажжалият илимий-пикирдик тараптан жок болот. Дажжалияттын фитнасын таасирсиз кылгысы келген ар бир Мусулман дарвинизмге каршы илимий күрөшүшү керек. Бул үчүн эволюция теориясын кыйраткан далилдердин тынымсыз түшүндүрүлүшү, көбөйтүлүп таратылышы керек. Жалгыз бир протеиндин да кокустан пайда болушунун эч мүмкүн эмес экенин, жандуунун жансыз заттан өзүнөн өзү пайда боло албашын, клетканын жана бөлүктөрүнүн комплекстүү түзүлүшүнүн кокустуктар менен түшүндүрүлө албашын, жандуулардын бири-биринен келип чыкканын көрсөткөн бир даана да фоссил жок экенин, мутациялардын жана табигый тандалуунун жаңы бир жандуу түрү жарата албашын үйрөнгөн бир адамдын дарвинизм калпына ишениши эч мүмкүн эмес.

Дүйнөлүк масштабда жүргүзүлө турган мындай көлөмдүү бир илимий күрөш, Аллахтын буйругу менен, кыска мөөнөттө өз таасирин көрсөтөт. Мусулмандардын Аллах ыраазычылыгы үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрүн колдонуп, динсиздикке каршы жүргүзө турган илимий күрөшү бүт адамзат үчүн эң сонун абалда натыйжаланат. Биримдик жана достукта, ыкластуулук менен жүргүзүлө турган аракеттер Раббибиз Курaны Керимде убада кылгандай «Акыйкаттын жеңип, батылдын жок болушуна» себеп болот. Улуу Аллахтын бул убадасы бүт ыйман келтиргендерде чоң бир кубаныч жана толкундануу жаратат:

**Жок, Биз акыйкатты жалгандын (батылдын) үстүнө таштайбыз жана ал анын мээсин талкалайт. Бир карасаң ал (жалган, батыл) жок болуп кеткен болот. (Аллахты) Мындай сыпаттаганыңар үчүн силерге «уайл» (тозок) болсун. (Энбия Сүрөсү, 18)**

## Дарвинизм менен илимий күрөшүү – бардык Мусулмандардын милдети

Биз жашап жаткан доордогу технологиялык мүмкүнчүлүктөр Мусулмандар үчүн абдан чоң бир немат-жакшылык. Бул нематтар туура пайдаланылганда, дарвинизм жана материализмге каршы жүргүзүлө турган илимий күрөш абдан оңой жана ылдам болот. Эң маанилүүсү эч кимдин *«Мен эмне кыла алмак элем?», «Менин аракетим эмнени өзгөртмөк эле?»* деген сыяктуу туура эмес ойлорго кабылбашы. Бүт адамдардын мүмкүнчүлүктөрү канчалык болбосун, муну канчалык колдонгону, чын пейилден канчалык аракет кылганы маанилүү. Натыйжаны Улуу Аллах жаратат. Аллах чын жүрөктөн аракет кылгандардын аракеттерин эң сонун натыйжаландырат. Бүт

адамдардын кылган аракетинин натыйжасын кемчиликсиз алаары Куранда мындайча кабар берилген:

**Шексиз, адамга өз эмгегинен башка эч нерсе жок. Шексиз, өз эмгеги (же аракети) көрүнөт. Кийин ага эч кемчиликсиз акысы берилет. Албетте эң аягында Раббисине кайтат. (Нежм Сүрөсү, 39-42)**

Бүт адамдар арасында Куран ахлагынын жайылышы үчүн аракет кылуу – ыймандуу жана абийирдүү бүт адамдардын милдети. Аллах Курандын **«Силердин араңарда сооп иштерге чакырган, жакшылыкты (маруфту) буйурган жана жамандыктан (мүнкерден) тоскон бир жамаат болсун. Кутулууга жетишкендер дал ушулар.»** (Али Имран Сүрөсү, 104) аяты аркылуу бул милдетин ыйман келтиргендерге билдирген. Куран ахлагын түшүндүрүп жайуунун эң маанилүү баскычы – бул адамдарды Куран ахлагынан алыстаткан философиялык пикирлерди жок кылуу. Дин ахлагынын жашалышы жана жайылышына тоскоол болгон идеологиялар илимий-пикирдик жактан таасирсиз кылынганда, адамдардын чындыкты көрүшү жеңилирээк болот. Дагы бир аятта болсо Аллах бардык ыйман келтиргендерге **«...Эми жакшылыктарда (сооп иштерде) жарышкыла. Баарыңар Аллахка кайтасыңар...»** (Маиде Сүрөсү, 48) деп буйурган. Биз жашап жаткан доордо материализм жана атеизмдин илимий жеңилиши – эң сооптуу иш-аракеттердин бири. Аллахтын буйругу менен мындай аракет атеисттикти токтотуп, дин ахлагынын дүйнө жүзүнө жайылып, өкүмчүлүк кылышына себепчи болот. Ушул себептен ар бир Мусулман колундагы мүмкүнчүлүктөр деңгээлинде дарвинизмди илимий кыйратууга, Куран ахлагынын жайылышына көмөк көрсөтүүгө аракет кылышы керек.

Бул багыттагы туура эмес ойлордун бири – бул *«Мүмкүнчүлүктөрү болгондор ансыз деле колдорунан келгенин кылып жатышат, менин башка бир нерсе кылышымдын кереги жок»* деген түшүнүк. Чынында болсо ар бир адам Аллах Куранда билдирген өкүмдөрдү аткаруу, ахлакты жашоо, милдеттерди аткаруу боюнча бир гана өз кылгандарынан милдеттүү. Бир адам башка бир адам кетирген каталардан, кылган күнөөлөрдөн – керектүү эскертүүнү жасагандан кийин – милдеттүү болбогон сыяктуу эле, башка биреөнүн кылган жакшы иш-аракеттеринен да – эгер өзүнүн бул иштерге көмөгү болбосо – бир үлүш ала албайт. Акырет күнүндө болсо бүт адамдар бир-бирден Раббибиздин алдына чыгып, кылып, кылбагандары боюнча өзү жалгыз сурак берет. Бул чындык Куранда мындайча билдирилген:

**Ант болсун, силерди алгач жаратканыбыз сыяктуу (бүгүн да) «бир бирден, жападан жалгыз (абалда) Бизге келдиңер жана силерге бергендерибизди аркаңарда калтырдыңар... (Энъам Сүрөсү, 94)**

Ар бир Мусулман, башка иш-аракеттери сыяктуу эле, каапырчылыкка каршы жүргүзгөн илимий күрөштөн, бул багытта канчалык аракет кылганынан, дин ахлагынын жайылышы үчүн кандай аракет кылганынан да өзү жалгыз сурак берет. Андай болсо, напсиси сунуштаган шылтоолорго алданбастан, колдон келген нерсенин эң көбүн кылуу, атеизмдин токтошу үчүн күчү

жеткенче аракет кылуу керек. Аллах жолунда чын пейилден, ыкластуулук менен аракет кылгандарга Аллах сөзсүз жол көрсөтүп, аларды жардамы менен колдойт. Раббибиз момундарга мындай сүйүнүчтүү кабар берген:

**... Аллах Ага (Анын динине) жардам бергендерге сөзсүз жардам берет. Шексиз, Аллах – Кудуреттүү, Азиз (Улук). (Хаж Сүрөсү, 40)**

## Илимий далилдерди ачык жана так сунуу керек

Дарвинисттер теорияларын калп илимий көрсөтүшүүдө жана тынымсыз ушундай пропаганда кылышууда. Мындай абалда Мусулмандардын дарвинизмге жообу да илимий болушу керек жана илимге жамынып айтылган догмалардын илим менен кыйратылышы маанилүү.

Дарвинизмге каршы илимий бардык жетишкендиктер изилденип, бул жетишкендиктер ортого койгон чындыктар топтолуп, ачык жана так далилдер сунулуу аркылуу күрөш жүргүзүлүшү керек. Жетиштүү маалымат жана далил сунбастан, *«Адамдар маймылдардан келген болсо, анда эмне үчүн дагы эле маймылдар бар, алар эмне үчүн адамга айланбай жатат»* сыяктуу жылдар бою айтылып келген мисалдарды берүү менен дарвинизмди пикирдик жактан жеңүүгө болот деп ойлоо бул теманын масштабын терең ойлонбоодон келип чыгууда. Ар түрдүү булактан тынымсыз дарвинизм пропагандасына кабылган бир адамдын жөнөкөй жана көнүмүш мисалдар менен калыптанып калган ойлонуу калыбын өзгөртүүгө болбойт. Ушул себептен илим эволюция теориясын тастыктайт деп ойлогон адамдарга түздөн-түз илим ортого койгон жыйынтыктарды сунуп, эволюциянын илимге туура келбешин көрсөтүү керек.

Табигый тандалуунун эволюция кылуучу күчү жок экендиги, жылдар бойу эволюцияга калп далил сыяктуу көрсөтүлгөн көпөлөктөр темасынын эволюционист догмаларды колдобошу, камбриен доорунун табылгаларын эволюция менен түшүндүрүүгө мүмкүн эмес экендиги, мутациялардын жандуулардын түзүлүшүнө зыян берээри, аларды өнүктүрүп алдыга жылдырбашы илимий далилдери менен ортого коюлушу керек. Фоссил калдыктарынын жандуулардын баскыч баскыч бири-биринен келип чыкпаганын көрсөткөндүгү, мисал катары көрсөтүлгөн фоссил мисалдарынын жасалма экендиги, фоссил калдыктарында миллиондогон жылдар бойу жандуулардын дене түзүлүшүндө кичинекей да өзгөрүү болбогонунун аныкталгандыгы, жашаган фоссилдердин эволюция теориясы үчүн бир туңгуюк (тупик) экендиги, адамдын ойлоп чыгарылган санжырасынын жүздөгөн далил менен кыйратылгандыгы, протеинди, клетканы, ДНКны, РНКны кокустуктар менен түшүндүрүү мүмкүн эмес экендиги ачык жана так түшүндүрүлүшү зарыл. Жансыз зат жыйындысынын жандууну жарата албашы, аң-сезимсиз, акылсыз атомдордун бир жерге чогулуп, ойлонгон, сүйгөн, сүйүүнү жактырган, мээрим көрсөткөн, күлгөн, сындоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон бир жандыкты жарата албашы, көз жана кулак сыяктуу органдардагы кемчиликсиз системанын баскыч баскыч пайда боло албашы акылдуу мисалдар менен түшүндүрүлүшү керек. Көп түрдүүлүктүн эволюциялык бир далил эмес экендиги, антибиотик тирешүүнүн эволюцияга далил боло албашы, керексиз абалга келген органдар деген нерсенин жок экендиги, жандуулардагы окшоштуктун дарвинизмди колдобогондугу, молекулярдык гомологиянын (окшоштуктун) жараксыз

бир догма экендиги, эволюция теориясынын эмбриологиялык бир таянычынын жок экендиги сыяктуу темалар далилдери менен сунулушу керек.

Адамдардын көпчүлүгү жогоруда саналган чындыктарды билбегендиктен, дарвинизмдин пропагандаларына алданышууда. Бул чындыктар мисалдар, илимий табылгалар, далилдери менен бирге түшүндүрүлгөндө, көп адамдар чындыктарды көрүшөт. Ушул себептен Мусулмандар эптеп, тартынган жооп берип, түшүнкүсүз түшүндүрмөлөр кылуу ордуна, илимий далилдери менен дарвинизмди кыйратышы керек. Башка жол менен дарвинизмди жеңүү мүмкүн эмес. Далилдери менен түшүндүрүлгөндө болсо дарвинизмди жеңүү абдан оңой.

Ошондуктан, Мусулмандардын бул темада өздөрүн өнүктүрүшү, маалыматтарын көбөйтүшү да маанилүү. Бир атеист, материалист, дарвинист айткан догмаларды эң акылдуу абалда кыйрата ала турган маалыматка ээ болгон бир адамдын дарвинисттер менен илимий күрөштөн качынышы үчүн эч кандай себеп калбайт. Пассивдүүлүк жана алсыздык көрсөтүшүнө, өзүн басынтышына, тартынышына, тынчсызданышына негиз болгон бүт себептер жоголот. Ыкластуу бир Мусулманга жараша турган абалда, дарвинизмге каршы ачык, жеңүүчү бир илимий күрөш ичинде болот. Мына ошондо Аз.Мусанын асасынын сыйкырчылардын бүт тузактарын жутуп жок кылышы сыяктуу, ортого коюлган далилдер дарвинизмдин бүт калптарын таасирсиз кылып, кыйратат. Жана Аллахтын буйругу менен, Раббибиз Куранда билдиргендей, акыйкат апачык ортого чыгат жана каапырлар чоң бир жеңилүүгө дуушар болушат:

**Ошентип акыйкат ордун тапты, алардын бардык кылгандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана уят болушуп, жүздөрүн тескери бурушту. (Араф Сүрөсү, 118-119)**

## Шайтан Мусулмандарды дарвинизмге каршы жүргүзүлгөн күрөштөн тосууну каалайт

Дүйнө жашоосунда жаратылган бир сыноонун зарылчылыгы катары шайтан тынымсыз адамдарды Аллах жолунан тосуу үчүн аракет кылат жана момундарды алсыздандырып, алардын толкунданууу жана чечкиндүүлүгүн сындыруу, натыйжада күрөш күчүн азайтуу үчүн болгон күчү менен аракет кылат. Шайтандын дүйнөдөгү максаты – куру кыялдар жана азгырыктар шыбырап, адамдарды ичинен жаңылтуу жана ушундай жол менен кыйроого түртүү. Куранда шайтандын бул багытта жасаган аракети **«Аларды, кандай болбосун, адаштырып-жаңылтам, эң болор-болбос куру кыялдарга салам...»** (Ниса Сүрөсү, 119) аяты менен кабар берилген. Шайтан бардык адамдарга болгон сыяктуу эле, ыйман келтиргендерге да ар түрдүү жолдор менен жакындоого, сооптуу жана жакшы иштерди аларга жамандык сыяктуу көрсөтүүгө аракет кылат. Кээ бир окуяларды чечүүгө болбой тургандай көрсөтүп, жарым жолдон артка кайтарууну, сооптуу иштерди жарым таштатууну каалайт. Окуяларды оор көрсөтүп, адамдарды алсыздыкка түшүрүүгө, үмүтсүздүккө түртүүгө аракет кылат. Жалкоолукту күчөтүп, кыймылдашын «оор» кылууну, адамдардын эрксиз болушун каалайт.

Шайтандын Мусулмандарды алсыздатууга аракет кылган нерселердин бирөөсү – бул дарвинизмге каршы жүргүзүлгөн илимий күрөш. Дарвинизмди калп илимий көрсөтүп, илимий

жеңүү эч мүмкүн эместей азгырыктарды берип, Мусулмандарды керексиз коркууларга түшүрүү аркылуу дарвинизм менен болгон илимий күрөштөн аларды тосууну каалайт.

Бирок Куранда шайтандын болгон аракеттеринин жана тузагынын чынында абдан алсыз экенине көңүл бурулган:

**(Шайтан) Аларга убадалар берет, аларды болор-болбос куру кыялдарга салат. Чынында болсо шайтан аларга бир алдануудан башка эч нерсе убада кылбайт. (Ниса Сүрөсү, 120)**

**... Эч шексиз, шайтандын тузак айласы абдан алсыз. (Ниса Сүрөсү, 76)**

Ыймандуулар да бул чындыктарды дайыма эсинде тутуп, шайтандын азгырыктарынын өздөрүнө таасир беришине жол бербеши керек. Акылын жана абийирин толук колдонгон бир адам дарвинизм менен илимий күрөшүүдөн качынбайт. Тескерисинче, ыкластуу бир момун эң натыйжалуу, эң күчтүү, эң акылдуу жана эң хикматтуу ыкмалар менен, чоң бир чечкиндүүлүк жана каалоо менен мындай күрөшүн жүргүзөт.

Момундар дарвинизмдин калптарына каршы, Аллахтын бар экенин жана жалгыз экенин түшүндүрүшүп, Аллахтын жаратуу чеберчилигинин далилдерин ортого койушууда жана абдан сыймыктуу кызматты аткарышууда. Ушул себептен, дарвинизм менен болгон илимий күрөштө Мусулмандар сооптордо жарышуунун кубанычы менен аракет кылышы керек жана сөзсүз жеңээрин ойлоп, чечкиндүү жана күчтүү болуп, Раббибиздин убадасын эч унутпоолору зарыл:

**Алсырабагыла, кайгырбагыла; эгер (чындап) ыйман келтирген болсоңор, эң жогору (жеңүүчү) болгон силерсиңер. (Али Имран Сүрөсү, 139)**

## Дарвинизм менен илимий күрөш биримдикте болууну талап кылат

Мындай көлөмдүү бир илимий күрөштүн натыйжалуу болушу үчүн Мусулмандардын биримдик жана достук руху ичинде аракет кылышы чоң мааниге ээ. Аллах Куранда Мусулмандардын каапыр ахлагына каршы жүргүзө турган пикирдик күрөштө биримдикте болушу керек экенин билдирген. Бир аятта Мусулмандар биримдикте аракет кылбаган учурда жер бетинде бузукулук чыгаары төмөнкүчө кабар берилген:

**Каапырлар бири-биринин досу. Эгер силер да андай кылбасаңар (бири-бириңерге жардам берип, дос болбосоңор) жер жүзүндө бир фитна жана чоң бир бузукулук (фесат) болот. (Энфал Сүрөсү, 73)**

Динсиздик дүйнөнүн көп аймагына жайылган учурда, террор жана анархия бүт адамдарды коркутуп жатканда, көптөгөн алсыз жана күнөөсүз адам зулумдук жана кысымчылык астында эзилип жатканда, чын жүрөктөн ыйман келтиргендердин милдети – бул болгон мүмкүнчүлүктөрдү аягына чейин колдонуп, дарвинизм менен илимий күрөшүү. Себеби динсиздик жана атеизмдин

таянычы – бул дарвинизм. Мусулмандардын араларындагы ой-пикир айырмачылыктарын айтып, бириге албашы жүргүзүлүшү керек болгон бул улуу илимий күрөштө күчтөрүнүн азайышына себеп болот. Азыркы шарттар ой-пикир айырмачылыктарын бир четке коюп, дин ахлагынын жайылышы үчүн биримдик курууну зарыл кылууда.

Аллах Куранда момундарга **«өз ара талашып-тартышпашын»** (Энфал Сүрөсү, 46) буйрук кылууда жана мунун Мусулмандарды алсыздата турган бир абал экенин билдирүүдө. Дагы бир аятта болсо мындай буйрук кылынат:

**Аларга апачык далилдер келгенден кийин бөлүнүп майдаланган жана пикир келишпестикке кабылгандар сыяктуу болбогула. Дал ошолор үчүн чоң бир азап бар. (Али Имран Сүрөсү, 105)**

Кээ бир ыйман келтиргендердин динсиздикке каршы жүргүзүлгөн илимий күрөштө биримдик кура албашынын түбүндө алардын Аллах буйрук кылган ахлакты керектүү деңгээлде жашабашы турат. Бул ахлак кичи пейилдикти негиз алат. Кичи пейилдиктен алыстагандар өздөрүн жана өз пикирлерин туура деп ойлошот жана өздөрүнөн башкача ойлонгондорду басынтып, аларга ачууланышат. Өз көз-караштарынын туура экенинен эч шектенишпегендиктен, өздөрүн эч качан сындашпайт жана натыйжада андан да жакшы болуп, алдыга жыла алышпайт. Бир гана өз пикирлеринин угулушун, жайылышын жана түшүндүрүлүшүн каалашат. Ошол багытта аракет кылгандарга колдоо көрсөтүшпөйт, бул аракеттерди байкамаксан болушат. Көбүнчө өз ойлорунда башкалардын аракеттерин басынтышат, ал тургай бул аракеттерге тоскоол боло турган мамиле да кылышы мүмкүн. Бир гана өздөрүнүн пикирин жактырып, муну менен мактангандардын абалына Куранда **«... алар иштерин өз араларында (ар түрдүү) китептер абалында бөлүштү; ар бир топ өз колдорундагыга ыраазы болуп сүйүнүшүүдө.»** (Мүминун Сүрөсү, 53) аяты менен көңүл бурулган.

Бул – Аллахтан коркуп тартынгандардын жана акырет күнү сурак берээрине ишенгендердин болгон күчү менен сактанып өздөрүн коргошу керек болгон бир абал. Бул теманын маанисин байкагандардын башка момундарды да бул катага түшүүдөн эскертүүлөрү, Мусулмандардын Куран ахлагында жана динсиздикке каршы жүргүзүлгөн илимий күрөштө биримдик куруу үчүн аракет кылуулары зарыл болууда.

Дарвинизмге каршы жүргүзүлгөн илимий күрөштө ар бир Мусулман өзүнө милдет алышы керек. Бардык Мусулман жарандык коомдор, уюмдар, фонддор жана бирикмелер биримдик сезими менен аракет кылышы керек жана «Бул биздин уюмубуздун иш-аракети эмес» же болбосо «Бул биздин фондубуздун эмгеги эмес» деп ойлонбостон, дарвинизм менен болгон күрөшкө жардам бериши зарыл. Тиешелүү болгон фонддун, бирикменин, уюмдун иш-аракеттеринен башка бардык иш-аракеттерди көрмөксөн болуу, *«Биздин жамаатыбыздан эмес, ошондуктан пикирине да маани бербейбиз»* деген пикирде болуу Мусулманга эч жарашпайт.

Дүйнөнүн төрт тарабында Мусулмандардын азап тартып жатышы, болуп жаткан согуштар, азаптар, анархия жана террор себеп болгон коркуу жана тынчсыздануу чөйрөсүнүн өкүм сүрүшү дин ахлагынын жайылышына болгон муктаждыктын абдан чоң экенин көрсөтүүдө. Мындай шартта ар

кандай шылтоолорду айтып, дарвинизм менен илимий күрөштөн качынуу, биримдик жана достук руху менен аракет кылбоо дүйнөдө да, акыретте да жоопкерчилиги болгон бир мамиле болушу мүмкүн. Ыкластуу Мусулмандардын мындай катага түшүүдөн сактанышы абдан маанилүү.

## Бедиүззаман дарвинизм жана материализм менен болгон илимий күрөштүн маанисине көңүл бурган

Жашоосу боюнча динсиздикке каршы илимий күрөш жүргүзгөн улуу Ислам аалымы Бедиүззаман Саид Нурси эмгектеринде динсиздиктин дарвинизм жана материализмден күч алганын айткан. Ушул себептен бул идеологиялар менен жүргүзүлгөн илимий күрөштүн маанисине көңүл бурган.

Бедиүззаман бир сөзүндө каапырлардын ага жана чөйрөсүндөгүлөргө каршы курган тузактарда материализмдин таасирин мындайча түшүндүргөн:

Жана салисен (үчүнчүдөн): **Маддиййун (материализм) философиясынын жана маданиятынын жазибедар (өзүнө тартуучу) сефахат (ойноп-күлүү) жана уктатуучу ширин уулары менен бузуу аркылуу араларындагы достукту** бузуу жана устаттарын кыянаттыктар менен жыгуу жана кызматтарын илимдин, философиянын кээ бир эрежелери менен көңүлдөрүнөн өчүрүү...[56]

Бедиүззаман да айткандай, каапырлар алардын күрөшүн таасирсиз кылуу үчүн материалисттик маданияттын натыйжасы болгон убактылуу жана дүнүйөлүк каалоо, жыргалдар аркылуу ыйман келтиргендерди алдоого аракет кылышкан, ошондой эле материалисттик маданияттын пропагандалары менен ыйман келтиргендердин биримдик жана достугун бузууну көздөшүп, Бедиүззаманга ар кандай жалааларды жабышкан. Бирок бул пландарында ийгиликке жете алышкан эмес.

Бедиүззаман баяндарында өзгөчө акыр заманда дарвинизм жана материализмдин күчөөрүн, каапырчылыктын бул күчтөн колдоо алып жайылаарын, бирок Аз.Иса жана Аз.Мехдинин илимий күрөштөрү натыйжасында бул фитналардын токтоорун айткан. Аз.Мехдинин биринчи кызматынын дарвинизм жана материализмди илимий таасирсиз абалга алып келүү экенин айтып кеткен. Бедиүззаман да айткандай, Аз.Мехди бул кызматын толугу менен аткарып, дарвинизм жана материализмди илимий жокко чыгарып, адамдардын ыйманынын кутулушуна себепчи болот:

Биринчиси: Илим жана философиянын таасири менен жана маддиййун жана табиййун тауну (дарвинизм жана материализм оорусу) адамдардын арасында жайылышы менен, баарынан мурда философияны жана маддийун пикирин (материализмди) толугу менен оозун жаптыра турган бир абалда ыйманды куткаруу.[57]

Бедиүззаман дарвинизмдин жана материализмдин дажжалияттын таянычы экенин, Аз.Исанын бул фитнага каршы чоң бир күрөш жүргүзөөрүн жана таасирсиз кылаарын болсо мындайча баяндаган:

Акыр заманда фелсефе-и табиийе (дарвинизм философиясы) себеп болгон ыймансыздык (каапырдык) кыймылы жана Аллахты жокко чыгарууга каршы, Исевилик (Христиан) дини кошумчалар жана негизсиз (батыл) ишенимдерден тазаланып, Исламиятка багыттала турган бир учурда, Исевилик шахсы маневиси (руханияты) вахйи семави кылычы менен ал таң калыштуу

динсиздиктин шахсы маневисин (руханиятын) жок кылгандай; Азрети Иса Алейхиссалам Исевилик шахсы маневисинин (руханиятынын) өкүлү катары динсиздиктин шахсы маневисинин (руханиятынын) өкүлү болгон дажжальди жок кылат...[58]

Шахсы (киши, адам) Иса Алейхиссаламдын кылычы менен өлтүрүлгөн шахсы (киши, адам) дажжаль курган кыйратуучу маддийунлук (материализм) жана динсиздиктин бой көтөргөн айкелин жана шахсы маневисин (руханиятын) өлтүрөт жана Аллахты жокко чыгарган каапырчылык аракетин кыйратат...[59]

Байкалгандай, Бедиүззаман Саид Нурси каапырчылыктын жана дин ахлагынан алыстоонун түбүндө дарвинизм жана материализм турганын айтууда. Аз.Мехди жана Аз.Иса башчылык кылган Мусулмандардын бул эки бузуку идеологияга каршы чоң бир илимий күрөш жүргүзүшөөрүн баса белгилөөдө. Аллахтын буйругу менен, Аз.Иса жана Аз.Мехдинин лидерлиги астында бул идеологиялар жок кылынат жана Ислам ахлагы жер жүзүнө жайылып, өкүмчүлүк кылат.

# ЖЫЙЫНТЫК

Илимий тараптан кыйраган дарвинизмдин материалисттер жана атеисттер тарабынан ыймансыздыктын пропагандасы катары колдонулганы жана ушул себептен жакталганы апачык бир чындык. Китеп боюнча бул чындык далилдери менен бирге ортого коюлду. Эмне үчүн дарвинизм менен илимий күрөш жасалганын түшүнө албагандар айткан шылтоо жана себептер бул чындыкты өзгөртпөйт.

Дарвинисттердин дүйнөнү кандай көргөнүн жана кандай бир дүйнө каалашарын эволюционист зоолог Ричард Доукинстин төмөнкү сөздөрү дагы бир жолу көз алдыбызга тартат:

Сокур физикалык күчтөрдүн жана генетикалык копиялоонун дүйнөсүндө кээ бир адамдар азап тартышат, кээ бир адамдар болсо жакшыраак жашашат. Жана мунун кандайдыр бир системасы же себеби же адилети жок. Биз жашаган аалам толугу менен биз күткөндөй өзгөчөлүктөргө ээ жана мунун түпкүрүндө кандайдыр бир план, максат, жакшылык же жамандык жок, бир гана сокур жана айоосуз бир кайдыгерлик бар.[60]

Доукинстин сөздөрүнөн да байкалгандай, дарвинисттик дүйнө көз-карашы «жашоо сокур кокустуктардын натыйжасы», «адамдын болсо, кандай гана баага турбасын, жашоосун улантуудан башка бир максаты жок» деген калптарды пропаганда кылууда. Бул батыл (негизсиз) пропагандалар боюнча, кээ бир адамдардын азап ичинде жашашы табигый нерсе, ошондуктан бул адамдарга жардам берип табияттын системасын бузуунун бир мааниси жок. Адилеттик күтүүнүн же адилеттүү болуунун да эч кандай мааниси жок. Эволюционисттердин жаңылыштыгы боюнча аалам кандай болгону белгисиз бир абалда пайда болгон, эң негизги нерсе – бул адамдардын бул ааламда эмнеден жана эмне үчүн жаралганын ойлонушу эмес, жашоосун улантуу үчүн таш боор болушу. Бүт нерсе калп кокустуктардын чыгармасы болгон мындай чөйрөдө жашоосунун эч кандай максаты болбогон адам жырткыч айбандар сыяктуу согушушу, урушушу, башкаларына кол салышы, өзүнөн башка эч кимди ойлобошу керек.

Эч шексиз мындай бузуку көз-карашты акыретте сурак берээрин билүү менен аракет кылууну, сонун иш-аракеттерди жасоону, Аллахтын алдында жоопкерчиликтүү экенин унутпоону, сабыр кылууну, адамдарга баа берүүнү, өз мал-жанын аябай башкаларга жардам берүүнү, кичипейил болууну буйрук кылган Ислам ахлагы менен байланыштыруу эч мүмкүн эмес. Ушуга карабастан, дарвинизм менен Исламды байланыштырууга аракет кылгандар материалисттердин жана дарвинисттердин жашыруун бир оюнуна курал болушууда. Ыкластуу Мусулмандар, мурда бул оюнга алданган болсо да, чындыкты аңдап-түшүнүп, мындай калптын канчалык коркунучтуу натыйжаларга алып келээрин түшүнүүлөрү зарыл.

Биз жашап жаткан доор дарвинизмден күч-кубат алган идеологиялар себеп болгон азаптар жана кыйынчылыктарга толо бир доор. Дарвинизмге каршы жүргүзүлгөн илимий күрөш себебинен бул доор жакынкы келечекте Аллахтын буйругу менен токтойт жана бүт адамзат бул чоң балээден кутулуунун бейпилдигин жана ырахатын жашашат. Раббибиз Куранда нурун сөзсүз толуктаарын убада кылган:

**Ооздору менен Аллахтын нурун (динин) өчүрүүнү каалашууда. Бирок, Аллах, каапырлар каалашпаса да, Өз нурунун (бүт дүйнөгө) толук таралуусунан башкасын каалаган жок. (Тообо Сүрөсү, 32)**

Материалисттер жана атеисттер болсо канчалык дин ахлагынын жайылбашы үчүн жана өз ойлорунда Аллахтын нуруна тоскоол болуу үчүн аракет кылышса да, алардын дүйнө көз-карашынын негизи болгон дарвинизм эми кыйрады. Дин ахлагынын жайылбашы үчүн кылган аракетинин эч кандай таянычы калган жок. Бул чындык күн өткөн сайын көбүрөөк адам тарабынан байкалууда жана дүйнөнүн төр тарабында адамдар ыйманга жана дин ахлагына багытталышууда. Аллахтын буйругу менен, абдан жакынкы бир келечекте адамдар топ топ болуп, акыйкат дин ахлагына багытталышат жана Раббибиз убада кылгандай, Аллахтын нуру бүт жер жүзүнө жайылып, өкүмчүлүк кылат.

Ыйман келтиргендердин милдети жана дубасы болсо каапырчылыкка каршы жүргүзүлгөн жана иншаАллах ийгилик менен натыйжалана турган бул улуу илимий күрөштө болгон мүмкүнчүлүктөрү менен акыйкат тарапта болуу, акыйкат үчүн аракет кылуу. Өз ойлорунда Ислам менен дарвинизм арасында орто бир жол табууга аракет кылгандардын да бул жоопкерчилигин унутпашын жана тандаган туура эмес жолунан эртерээк артка кайтышын үмүт кылабыз.

# ДАРВИНИЗМ ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жаратылуу (креационизм) чындыгынан баш тартуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Аллах жаратсандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

Эволюция теориясынын кыйрашы жана жаратылуу далилдерин башка көптөгөн эмгектерибизде бардык илимий деталдары менен бирге колго алганбыз жана алып келүүдөбүз. Бирок бул тема абдан маанилүү болгондуктан, бул жерде да кыскача баяндоо пайдалуу болот.

## Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Аллах тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фоссилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

## Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фоссил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория боюнча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жаратканда болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

## «Жашоо жашоодон келет»

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория боюнча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңир жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт: «Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»[61]

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

## 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур болгон: *«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»*[62]

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен протеиндердин структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (амино-кислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдарда ачыкка чыккан.[63]

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган.[64]

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды?[65]

## Жашоонун комплекстүүлүгү

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ. Натыйжада бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар натыйжасында синтезделүү ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн $1/10^{950}$ге барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500дүк беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

*Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышы такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда.*[66]

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

## Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку – теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү менен ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде *«Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда болмойунча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»* деп айтууга мажбур болгон.[67]

## Ламарктын таасири

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча,

жирафтар жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланды деп айткан.[68]

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

## Нео-Дарвинизм жана мутациялар

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири тарлган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты. Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет.

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

*Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет.*[69]

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – рак). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция

механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

## Фоссилдер: ортоңку звено жок

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – фоссилдер.

Эволюция теориясы бойунча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Теория бойунча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-куш пайда болгон болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды «ортоңку звенолор (формалар)» деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фоссилдери табылышы керек эле. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

*Эгер теорием туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фоссил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн.*[70]

Бирок бул сөздөрдү жазган Дарвин мындай ортоңку формалардын фоссилдеринин эч табылбаганын да билчү. Мунун теориясы үчүн чоң бир тупик экенин көрүп турган. Ошондуктан, Түрлөрдүн келип чыгышы китебинин «Теориянын кыйынчылыктары» (Difficulties on Theory) аттуу бөлүмүндө мындай деп жазган эле:

*Эгер чындап эле түрлөр башка түрлөрдөн акырын өнүгүү менен келип чыккан болсо, эмне үчүн сансыз ортоңку өткөөл звенолорго учурабай жатабыз? Эмне үчүн табият бир хаос абалында эмес, толугу менен белгиленген жана орду ордунда? Сансыз ортоңку өткөөл звено болушу керек, бирок эмне үчүн жер бетинин сансыз көп катмарында көмүлүү таппай жатабыз... Эмне үчүн ар бир геологиялык түзүлүш жана ар бир катмар мындай звенолорго толо эмес? Геология жакшы даражаландырылган бир процесс ортого чыгарбоодо жана балким бул менин теорияма каршы айтыла турган эң чоң каршы пикир болот. (Кошумча дипнот: Charles Darwin, The Origin of Species, s. 172, 280)*

## Дарвиндин үзүлгөн үмүтү

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фоссилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фоссили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фоссил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

*Маселе мындай: Фоссил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон топторду көрөбүз.*[71]

Башкача айтканда, фоссил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.»[72]

Фоссилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, «түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу.

## Адамдын эволюциясы жомогу

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок

болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн.[73]

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш бойунча хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фоссилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат.[74]

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү.[65] Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан.[76]

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул жарды (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.»[77]

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фоссилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

Зукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчү» даярдаган. Илимий катары кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарына чейин бир катарга койгон. Зукермандын бул таблицасы бойунча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Зукермандын ойу

бойунча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» бар! Зукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

*Объективдүү чындыктын чөйрөсүнөн чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фоссил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдардын бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн.*[78]

Мына «адамдын эволюциясы» жомогу да – теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын тапкан кээ бир фоссилдерди өздөрү каалагандай божомолдоолорунан гана турат.

## Дарвиндин формуласы!

Буга чейин караган бардык илимий далилдер менен бирге, ылайыктуу көрсөңүз, эволюционисттердин кандайча күлкүмүштүү ишенимге ээ экендигин жаш балдар да түшүнө турган ачык бир мисал менен көрсөтөлү.

Эволюция теориясы жандыктар кокусунан пайда болду деген ойду жактайт. Демек, бул көз-караш бойунча, жансыз жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан. Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Кааласаңыз бир «эксперимент» да жасайлы жана эволюционисттер жактаган, бирок ачык үн менен айта албаган көз-карашын алардын атынан «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча (бир даанасынын кокусунан пайда болуу ыктымалдуулугу $1/10^{950}$ болгон) протеин кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун.

Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай триллиондогон жылдар бойу идиштердин башында туруп күтүшсүн. Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болгон болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин жарата алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да пайда кыла алышпайт.

Кыскача айтканда, акылсыз атомдор бир жерге чогулуп, клетка жарата алышпайт. Кийин кайрадан бир чечим кабыл алып, бир клетканы экиге бөлүп, андан кийин кайра кайра чечим кабыл алышып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өз клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп жардамы менен изилдеген профессорлорду жарата алышпайт. Зат жалаң гана Аллахтын жогорку күч-кудурет менен жаратышы аркылуу гана жашоого ээ болот.

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо – акылга толугу менен туура келбеген бир жалган гана. Эволюционисттер жактаган көз-караштарды бир аз гана ойлонуу, жогоруда мисалда көрсөтүлгөндөй, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

## Көз жана кулактагы технология

Эволюция теориясы эч качан түшүндүрө албаган башка бир нерсе – көз жана кулактагы кабылдоонун жогорку сапаты.

Көз менен байланыштуу темага өтүүдөн мурда «кантип көрүп жатабыз?» суроосуна кыскача жооп берели. Бир заттан келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылат жана мээнин арка тарабындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылым технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык даана сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган дааналык жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, колуңуздагы китепти карап салыштырып көрүңүз. Экөө арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты арасында чоң бир айырма байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү бир сүрөттөлүш тартуулайт, сиз болсо үч өлчөмдүү, тереңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрүп жатасыз.

Көп жылдар бойу он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт.

Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштө сапат, дааналык төмөндөшү болот.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана даана сүрөттөлүштү жараткан механизм кокусунан жаралды деген ойду жакташат. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулду жана бул сүрөттөлүш пайда кылган инструментти (телевизорду) пайда кылды десе сиз эмне деп ойлойсуз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы айдан ачык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакатору жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процессинде болгон сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырттыкта. Ошого карабастан, эң даана үндөр мээде кабылданат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткандыгы байкалат.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бойу ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары–бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок болгон технология, бул технологияда иштеген миңдеген инженер жана адиске карабастан, кулак пайда кылган даана жана сапаттагы бир үнгө жете алынган эмес. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шум пайда болот же музыкалык борборду жандырганда, музыка баштала электе эле бир шум угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан даана жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шум жаратпайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул абал адам жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулак сыяктуу сапат жана ийгиликтеги бир кабылдоочу боло алган жок.

Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, булардан сырткары, абдан чоң дагы бир чындык бар.

## Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринде бул сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтар окуй аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү

чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен улам, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээ ичиндеги бир канча $см^3$дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголошу зарыл.

## Материалисттик ишеним

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий табылгаларга ачык карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү ойу илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фоссилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан жашабаганын көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Эмнеге мындай?..

Бул абалдын себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн андан эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо жападан жалгыз материалисттик көз-караш катары жакташууда.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист болгон Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

*Биздин материализмге бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө жасоого зордогон нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө алып келген изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Илахи бир түшүндүрүүнүн ортого чыгышына жол бере албайбыз.*[79]

Бул сөздөр – дарвинизмдин материалисттик философияга байлануу (көз-каранды болуу) үчүн жашатылган бир догма экендигинин ачык баяны. Бул догма заттан башка эч кандай жандык жок деп гипотеза жасайт. Ошондуктан, жансыз, аң-сезимсиз, акылсыз зат жашоону жаратты деп ишенет.

Миллиондогон ар түрдүү жандыктарды, мисалы чымчыктар, балыктар, жирафтар, кабыландар, курт-кумурскалар, дарактар, гүлдөр жана адамдарды заттардын өз-ара реакциялары аркылуу, башкача айтканда, жааган жамгыр, чагылган аркылуу жансыз заттар ичинен жаралып калды деп кабыл алат. Чындыгында болсо бул акылга да, илимге да сыйбайт. Бирок дарвинисттер өз сөздөрү менен айтканда «Илахи бир (Кудай жаратты деген) түшүндүрмөнүн ортого чыкпашы» үчүн мындай нерсени жактоону улантышууда.

Жандуулардын келип чыгышына материалисттик көз-караш менен карабаган адамдар болсо төмөнкү ачык чындыкты көрүшөт: бардык жандыктар – жогорку бир күч-кудурет, илим жана акыл ээси болгон бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бардык ааламды жоктон бар кылып жараткан, эң кемчиликсиз абалда жасаган жана бардык жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

## Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң таасирдүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала сын-пикирсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, жалаң гана акылын жана логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын ишенүүгө мүмкүн эмес бир көз-караш экендигин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсо, булардын аралашмасынан убакыт өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Франк Синатра, Шарлтон Хестон сыяктуу искусство адамдары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишүүдө. Болгондо да мындай акылга сыйбас пикирге ишенгендер – илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар болууда. Ошол себептен, эволюция теориясы үчүн «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» сөзүн колдонуу туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын башынан алган, акыл жана логика менен ойлонууларына тоскоолдук кылган, көздөрүнүн алдына бир перде сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүүлөрүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул эски египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан бир топ коркунучтуу (рисктүү) жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында бул абал – Аллах Куранда ишарат кылган акылсыздык. Аллах кээ бир адамдардын аңдап-түшүнүүлөрүнүн жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Шек жок, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап – аларга. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**… Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах башка аятында болсо бул адамдардын укмуштар (можизалар) көрсө да ишенбей турган деңгээлде сыйкырланып калгандыктарын мындайча билдирет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачсак, ал жерден жогору көтөрүлсөлөр да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып койулду, балким биз сыйкырланган бир коомбуз» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамдарга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турган деңгээлде таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын ишке ашышы мүмкүн эмес сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге толгон пикирлерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алышып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жараткандыгына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда баш тартуучу философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын кээ бир сыйкырлар аркылуу адамдарга таасир бергендигин Аз.Муса жана Фираун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге билдирет. Аз.Муса Фираунга (Фараонго) чындык, акыйкат динди түшүндүргөндө, Фираун Аз.Мусага өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз.Муса сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «таланттарын» көрсөтүшүн буйрук кылат. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келген болушту. (Араф Сүрөсү, 116)**

Байкалгандай, Фираундун сыйкырчылары жасаган «калптары» менен, Аз.Муса жана ага ишенгендерден башка, адамдардын баарын сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаган нерселерине каршы Аз.Муса ортого койгон далил алардын бул сыйкырын, аяттагы баян менен «ойлоп тапкандарын жуткан», башкача айтканда таасирсиз кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир караашты, ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда. Ушундайча чындык өз ордун тапты,**

**алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аятта да билдирилгендей, мурда адамдарды сыйкырлоо менен аларга таасир берген бул адамдар кылган нерселердин бир алдамчылык экендиги билинээри менен бул адамдар уят болуп, басмырланышкан. Бүгүнкү күндө да бир сыйкырдын таасири менен калп илимий көрүнгөн акылга такыр сыйбас жалгандарга ишенген жана буларды жактоого жашоосун арнагандар эгер бул ойлорунан (дарвинизмден) баш тартышпаса, чындыктар толугу менен ачыкка чыкканда жана «бул сыйкыр бузулганда», катуу уят болушат. Алсак, дээрлик 60 жашына чейин эволюцияны жактаган жана атесит бир философ болгон, бирок кийин чындыктарды көргөн Малкольм Муггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте кабыла турган абалын мындайча сүрөттөйт:

Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим. Келечек урпактар мынчалык чирик жана белгисиз бир гипотезанын таң калаарлык абалда кабыл алынганын таң калуу менен тосушат.[80]

Бул келечек алыста эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» илах (кудай) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула башташты. Эволюция калпынын сырын үйрөнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенин таң калуу менен ойлонушууда.

**Айтышты: «Сен – Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн башка биздин эч кандай илимибиз жок. Чындыгында, Сен – бардык нерсени билүүчү, өкүм жана хикмат (терең акыл) ээсисиң.» (Бакара Сүрөсү, 32)**

# БУЛАКТАР:


1. Todd, S.C., *Correspondence to Nature* 401 (6752):423, 30 Eylül. 1999

2.Colin Patterson, "Cladistics", Brian Leek ile Röportaj, Peter Franz, 4 Mart 1982, *BBC*

3. Pierre-Paul Grassé, *Evolution of Living Organisms*, s. 97

4. Prof. N. Heribert Nilsson, Lund University, Sweden Famous botanist and evolutionist, As quoted in: *The Earth Before Man*, s. 51, http://www.netcentro.co.uk/steveb /penkhull/create3.htm

5. Charles Darwin, *Türlerin Kökeni*, Onur Yayınları, Beşinci Baskı, Ankara 1996, s. 185

6.Charles Darwin, *Türlerin Kökeni*, s. 528

7. N.C. Gillespie, *Charles Darwin and the Problem of Creation*, 1979, s. 2

8.SBS Vital Topics, David B. Loughran, Nisan 1996, Stewarton Bible School, Stewarton, Scotland

9. H.A. Orr ve Jerry Coyne (1992), "The Genetics of Adaptation: A Reassessment", *American Naturalist*, 140, 726

10. Fred Hoyle-Chandra Wickramasinghe, *Evolution from Space*, New York, Simon & Schuster, 1984, s.130

11. S. J. Gould, Natural History, cilt. 85, 1976, s. 30

12. http://www.icr.org/headlines/darwinvindicated.html; Was Darwin Really "Vindicated"?, Frank Sherwin, *Institute for Creation Research*, April 30, 2001

13. Ranganathan, B. G. *Origins?*, Carlisle, PA: The Banner of Truth Trust, 1988, s. 20

14. http://www.rmplc.co.uk/eduweb/sites/sbs777/vital/evolutio.html

15. Norman Macbeth, *Darwin Retried: An Appeal to Reason*, Boston: Gambit, 1971, s. 147

16. Alister McGrath, *The Twilight Of Atheism*, s. 98

17. Carl Cohen, *Communism, Fascism and Democracy*, New York: Random House Publishing, 1967, ss.408-409

18. www.trueorigin.org/holocaust.ht

19. Adolf Hitler, *Mein Kampf*, München: Verlag Franz Eher Nachfolger, 1993, s. 44, 447-448; A.E. Wilder Smith, Man's Origin, Man's Destiny, The Word For Today Publishing 1993, s. 163, 164

20. Henry Morris, *The Long War Against God: The History and the Impact of the Creation, Evolution, Conflict*, 8.baskı, Michigan: Baker Book House, Mart 1996, s. 81

21. http://www.fixedearth.com/hlsm.html

22. Max Nordau, *The Philosophy and Morals of War*, North American Review 169 (1889):794 cited in hofstadter, social darwinism, s.171)

23. Conway Zirkle, *Evolution, Marxian Biology and the Social Scene*, Philadelphia; the University of Pennsylvania Press, 1959, s.527

24. Marx ve Engels, *Mektuplar*, s. 426

25. Marks Engels, *Mektuplar*, cilt 2, s.126

26. Conway Zirkle, *Evolution, Marxian Biology, and the Social Scene (*Philadelphia: University of Pennsylvania Press, 1959), ss. 85-87.

27. Engels, *Ütopik Sosyalizm-Bilimsel Sosyalizm*, Sol Yayınları, 1990, s.85)

28. Gertrude Himmelfarb, *Darwin and the Darwinian Revolution*, London: Chatto & Windus, 1959, s. 348
29. *Karl Marx Biyografi,* Öncü Yayınevi, s. 368
30. K. Mehnert, *Kampf um Mao's Erbe,* Deutsche Verlags-Anstalt, 1977
31. http://www.fixedearth.com/hlsm.html
32. Robert Milner, *Encyclopedia of Evolution* 1990 s.81
33. *Komünizmin Kara Kitabı,* s. 17
34. P.J. Darlington, *Evolution for Naturalists*, 1980, s. 243-244
35. Ken Ham, *The Lie Evolution,* 15. Baskı, Master Books, Nisan 1997, s. 84
36. Theodosius Dobzhansky, *Ethics and Values in Biogical and Cultural Evolution, Zygon*, the Journal of Religion and Science, Los Angeles Times'da yayınlandığı şekliyle alınmıştır, bölüm 4 (Haziran 16, 1974), s. 6; (That Their words, s.413)
37. Stephen Jay Gould, *Ever Since Darwin,* s. 223
38. Phillip E. Johnson, The Unraveling of Scientific Materialism. *First Things: A Monthly Journal of Religion and Public Life*. Issue: 77, November 1997, 22
39. *First Things: A Monthly Journal of Religion and Public Life*, Issue: 158; December 2005
40. *First Things: A Monthly Journal of Religion and Public Life*, Issue: 158; December 2005
41. Phillip E. Johnson. *Darwin On Trial,* Intervarsity Press, Downers Grove, Illinois, 2nd ed, 1993, s. 155
42. Phillip E. Johnson , Overestimating the Power of Science, *Commonweal*. Volume: 125. Issue: 11, June 5, 1998, s.15.
43. Phillip Johnson, *Evrim Duruşması,* Gelenek Yayınları, İstanbul, 2003, s. 65
44.http://members.shaw.ca/tfrisen/Science/scientistbelieving/scintist.htm
45.http://library.thinkquest.org/18802/factchin.htm
46.http://www.carnegiecouncil.org/viewMedia.php/prmID/5216
47.http://www.time.com/time/europe/html/030609/religion.html
48.http://www.cbn.com/CBNNews/News/040301a.asp
49. http://www.albertmohler.com/commentary_read.php?cdate=2005-06-01
50.http://www.iht.com/articles/2005/06/06/news/religion.php
51.http://news.bbc.co.uk/1/hi/sci/tech/4648598.stm
52.http://www.sabah.com.tr/2004/02/16/dun108.html
53. http://www.geocities.com/fedor_steeman/Europe.html
54. *Mektubat,* Sayfa 55
55. *Sahih-i Müslim*, c. 4/2221; İmam Şarani, *Ölüm, Kıyamet, Ahiret ve Ahir Zaman Alametleri,* Bedir Yayınevi, sf.444
56. *Şualar,* s. 300
57. *Emirdağ Lahikası*, s. 259
58. *Mektubat,* s. 6
59. *Şualar,* s. 493
60. Micheal Ruse, *The Evolution Wars*, Rutgers University Press, New Jersey 2001, s. 279

61. Sidney Fox, Klaus Dose, *Molecular Evolution and The Origin of Life*, New York: Marcel Dekker, 1977, s. 2
62. Alexander I. Oparin, *Origin of Life*, (1936) New York, Dover Publications, 1953 (Reprint), s.196
63. "New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", *Bulletin of the American Meteorological Society*, c. 63, Kasım 1982, s. 1328-1330
62. Stanley Miller, *Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules*, 1986, s. 7
65. Jeffrey Bada, *Earth*, Şubat 1998, s. 40
66. Leslie E. Orgel, *The Origin of Life on Earth, Scientific American*, c. 271, Ekim 1994, s. 78
67. Charles Darwin, *The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition*, Harvard University Press, 1964, s. 189
68. Charles Darwin, *The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition*, Harvard University Press, 1964, s. 184
69.B. G. Ranganathan, *Origins?*, Pennsylvania: The Banner Of Truth Trust, 1988.
70. Charles Darwin, *The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition*, Harvard University Press, 1964, s. 179
71. Derek A. Ager, *"The Nature of the Fossil Record"*, Proceedings of the British Geological Association, c. 87, 1976, s. 133
72. Douglas J. Futuyma, *Science on Trial*, New York: Pantheon Books, 1983. s. 197
73. Solly Zuckerman, *Beyond The Ivory Tower*, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 75-94; Charles E. Oxnard, *"The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt"*, Nature, c. 258, s. 389
74. J. Rennie, *"Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr"*, Scientific American, Aralık 1992
75. Alan Walker, Science, c. 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, *Physical Antropology*, 1. baskı, New York: J. B. Lipincott Co., 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, c. 3, Cambridge: Cambridge University Press, 1971, s. 272
76. *Time*, Kasım 1996
77. S. J. Gould, *Natural History*, c. 85, 1976, s. 30
78. Solly Zuckerman, *Beyond The Ivory Tower*, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 19
79. Richard Lewontin, *"The Demon-Haunted World"*, The New York Review of Books, 9 Ocak 1997, s. 28
80. Malcolm Muggeridge, *The End of Christendom*, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s.43

**Бүгүнкү күндө адамзаттын бейпилдигин бузган, ишенимдүү жана тынч жашоого тоскоолдук кылган агымдардын негизинде дарвинизм турат. Адамзаттын дарвинизмдин коркунучтарына жана калптарына каршы эскертилиши, бул кооптуу көз-караштын илимий кыйратылышы абдан маанилүү. Ыкластуу Мусулмандардын муну жакшы билиши керек жана бул коркунучту байкамаксан болуунун ордуна болгон мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып, бул коркунучту илимий кыйратуу үчүн аракет кылышы зарыл.**

**Бирок дарвинизмди жана ал себеп болгон коркунучту түшүнө албагандар дарвинизмге каршы жүргүзүлгөн илимий күрөштүн маанисин да түшүнө алышпоодо. Бул китепте дарвинизм менен илимий күрөштүн маанилүүлүгү жөнүндө сөз кылынат жана ошондой эле, мындай чоң илимий күрөштөн качынгандар айткан шылтоолорго жооп берилет.**